
АНАТАЙ ӨМҮРКАНОВ

# ТУШАЛГАН ЧАГЫЛГАН



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. Предыдущ. Выдач_______

22.09.-1287 (2014)
20.01-81 (2015)
6/VII-884/15/

С(кырг)
Ө 99

АНАТАЙ ӨМҮРКАНОВ

# ТУШАЛГАН ЧАГЫЛГАН

Таласская областная библиотека
Инв. № 93406

ААК "Акыл" басмасы
Бишкек - 2005

Кни
не
Ко

УДК 82/821
84 Ки 7 - 5
Ө - 99

**Бул китепти чыгарууда демөөрчүлүк көрсөткөн иним Сазыкбай Турдумалиевге автор терең ыраазычылыгын билдирет.**

Кыргыз Республикасынын Эл акыны
Өмүрканов Анатай
О-99 Тушалган чагылган. Редактору Ж. Медералиев. Сүрөтчүсү К. Коёналиев. — Б.: ААК "Акыл" бас - масы 2002.—200 б.

ISBN 5-655-01526-7

Нукура талантта, көнөө акындыктын салтында бийликке,бир кишиге кошокөрлонүү , кара курсакка кызмат кылуу болбойт. Ал дайым эл журт, Ата Мекен деп жашайт. Анатай акындын жалпы акындык чыгармачылыгынын негизги лейтмотиви мына ошол улуу озуйпа түзүп турат десек жаңылбайбыз.
Акындын колуңуздардагы жаны китебине мына ошондой" чымындай жанын оозуна тиштеп" уулдук гана эмес атуулдук ариет менен жазылган "Каар гүлү", "Тушалган чагылган" ыр түрмөгү табият, арноо жана албетте арзуу, махабат ырлары топтолду, Китеп акындын 60 жылдык маарекесине карата окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналып чыгарылды.

Ө $\frac{4702300200}{М\ 451\ (11) - 2005}$ 2005

УДК 82/821
84 Ки 7-5

ISBN 5-655-01526-7

© Өмүрканов Анатай, 2005

# АР КЫЛ ЫРЛАР

* * *

Алтынды жоготсоң издебе,
Колуңдан куш качса чакырба.
Сулууну суктанып тиктебе,
Жетимге эч качан бакырба.

Ишенгин, күз кетсе кыш келет,
Караңгы айланат жарыкка.
Түшүнбө байлыкты бакыт деп,
Кимдигиң иш менен аныкта.

Кошунаң ач болсо ток жүрбө,
Козүңдү ач кор болсо айылың.
Көк деңиз алдырбайт өлүмгө
Үмүттүн кылтылдак кайыгын.

Дос кетсе жалынба келчилеп,
Бийликтен жылмышсаң өкүнбө.
Бирөөгө сактабай ичке кек,
Ыраазы бол бир келген өмүргө!

* * *

Кулатпай ары аскадан
Арчаны кармайт тамыры.
Урмат-сый болсо балдардан
Улгайтпайт эрте карыны.

Моңгүдөн жаткан чокуда
Дайранын күчү, кайраты.
Күйгөндөн сүйүү отуна
Булбулдун мукам сайрашы.

Айныбай мүнөт, саатта
Ай менен Күндүн чыгышы, —
Жарыгын чачып ааламга
Жазылсын үчүн ыр ушу.

## АЙЫЛ БАРАМ

Жададым бака-шака, кыжылдактан,
карыгым келет барып айыл жакка.
Он эсе ойдо, ойдо хан тагынан
ойлонуп олтурганым кара ташта.

Жилбиңдеп пивнушканын жан жагында
жүргүчө… Айыл барып кетмен чабам.
Досторго бабырашып алганымда
хан тактан табалбаган бакыт табам.

Пенсия жок… бөтөлкөгө кезек күтүп
тургуча… чуу коем да тууган жерге, –
атамдай мал багамын күтүрөтүп,
бабамдын сөзүн угам соккон желден.

Издеймин балалыгым адаштырып
бир кезек таштап кеткен изди кайра.
Калаада кийген киймим алып чыгып
тазар деп жайып коем капчыгайга.

Жаз сайын гүлдөр жайнайт көрүстөндө,
аралайм ыйык дөңдү окуп куран.
Атамдын жети атасы барган жерге
акыры барарымды аста туям…

Күү тыңшайм, күүгүм талаш чыгам тоого
булаңгыр караандарды ээрчий берем.
Таңга жуук тартып бутту араң зорго
келемин сүйлөшкөндөй кеткен менен…

Болалбайт булгагыңдай эч бир дары
айылым… эки өмүрдө таппасым аа…
Карганда кайтат дешет бүркүт дагы
уядан учуп чыккан аскасына.



* * *
Айылымдын элестетип ар бир үйүн,
ар көчөсүн, ар бир тамын, ар бир гүлүн,
түнү менен түшкө түшүп барып алып
кайра шаарга кайтар жолду таппай күйдүм.

Чымчыктар сүйрөйт артка чапаныман,
түтүнү жоолук болуп көзүмдү улам
байлайт да: «Бастырбайм – дейт башка жакка»…
жел: «Кетпелейт» жете келип арт жагыман.

Шашкалактайм: «Шаарыма кетемин мен»…
короз «Кой» деп, күчүк тартат этегимен.
Апам айтат: «Шаарыңа барсаң баргын
айылга коналбайсың эзели сен»…

«Мейли апа, жай олтурам кийин бир кез»…
Шаарга бара жаткан машинеге тез
желдей учуп жетейин деп умтулганда
жерге батып кеткен бутум тарталбайм эч…

## АПАКЕМ

Тил тили тийбей тилине,
Титиреп ар бир ак чачы, –
Тиленип турган Теңирге:
«Кут болсун балам жакшы аты!..»

Кетерде апам бүлүнгөн,
Күйүнгөн жана сүйүнгөн.
Бетимден өөп, безилдеп
Берерин таппай жүгүргөн.

«Жүзүң боз, купкуу, кеселдеп
Жүрбөгүн… жүр даа бир айга»…
Болбосом: «Аман жүргүз» – деп
Жалына берген кудайга.

Тилегин, оюн келмедей
Күбүрөп жүргөн күн-түнү.
Каалгыган кары кемедей
Кары энем дүйнө түркүгү.

Жат жерде жетим сыяктуу
Карааның көрбөй камыксам, –
Аска-жол болуп, кашка суу
Канатын сен деп кагышкан.

Жаш болуп тунуп көзгө муң,
Сагынган кезде алыстан, –
«Апа!» – деп айткан ар сөзүм
Караңгы түндү жарыткан.

Күндөрдө жылы жылбаган,
Ай, күнү алсыз ыйлаган.
Ошондо сени, Апаке
Ойлоно берип кыйналам.

Кыйналбас үчүн келемин
Абалың сурап ай, жылда.
Жытындай жыт жок энемин
Аруу нур чачкан тагдырга.

Ааламды алты айланып,
Аңтарсам дагы таппасым...
Кубанып кайра көргүчө
Кудайым аман сактасын!

## АПАМ ТУУРАЛУ ДАГЫ БИР ЫР

Тоо менен өзүңүздү тептең көром,
Бактыңыз бир айылды кетмен менен.
«Жаздын күнү – алты айлык кышты багат»...
Деп айткан сөзүңүздү эстей берем.

Тер менен тосуп жылдын ар бир таңын,
Камырдай жуурудуңуз Жердин жанын.
Атыңыздан жаңылбайт буудай, таруу
Жана да жалбырагы кызылчанын.

Төрт мезгил баласындай тааныйт үнүн,
Торгойдой жерге төккөн жүрөк күүн...
Өзү карып көзү көрбөй калса дагы
Өсүмүн сурай берген тамекинин.



Булутту, арыктагы суунун жайын,
Кыш болсун же жаз болсун сурайт дайым.
Бүкчүйүп көзү көрбөй олтурса да
Көрүп турат талаадагы жаштык чагын...

Жан уям, алмагактай, жарыктык ай,
Кайраты кадимкидей, баягыдай...
«Тукту бекит, алышты тарт, алалатпа»...
Кыйкырып сүйлөп чыгат түндө тынбай.

Эртеси айтып калсаң аны танат,
Калпын кармап алгандай бети албырат.
Ийри-муйру манжалары бекем кысып
Бети туурук небересин жыттап калат.

Жамгырдын тырс эткенин селт деп угат,
Бет тосуп, коктү карап көпкө турат.
«Курдашты кудай алып курутканда
Жамгырдын үнү канча жанга кубат»...

«Күн кандай чыкты балам, бүгүнкү күн
Түнөрүп бузгансыйбы сыйкын, түрүн?...
«Жок, апа, баягыдай» – десең болду
Кыңылдап тыта берет тордо жүнүн...

Анан соң жаздыгына кыйшайат да,
Куш уйкусун тук эттирет бир заматта.
Небереси чепкенди алып жаап коет
«Шүнтүп уктап кетпесе...» – деп турам аста.

* * *

Дасторкон окшоп жайылган,
Апам бар үчүн айыл шаң.
Жоолугун көрсөм сүйүнүп
Жоголгон нерсем табылган.

Асмандан аруу нур жанып,
Аскага айдан ыр тамып.
Ааламга сан сыр жиберип
Апам бар үчүн – Күн жарык.

Токойдон сайрап куштары,
Толгонуп тоонун учтары.
Ак булут бетим аймалайт,
Апам бар үчүн – бүт баары.

* * *

Кара жаным, кара жанын карч уруп,
кара селге кайра-кайра жанчылап,
жаш ордуна акты каным…
жан уям
жаным апам, озүң гана, кой аарчып…

жара карты жаңырат да жаңылап,
коңүл түтоп коп максатты сагынат.
Эч бир колдон айыкпаган ушул дарт
Апа, сенин колдоруңан айыгат.

* * *

Бүтпосо эне урушу,
кабак түйбо, жаркылда.
Анын какыс-кукусу
алмаштыргыс алтынга.

Как жонуңа бир жолу
тийсе колу-май муштум…
Кастын тийбей бир да огу
калбаат отот турмушуң.

Каргышты эмес энеңден
алкышты коп алганың.
Кут кетпей эч торүңдон,
болгону – узак сайраның.

Кирпигине которуп
ким сыйласа энени, –
ошончо коп кошорүп
озүно кам жегени.

Эне ушул жарыктын
улуусу да, ыйыгы.
Козү барда жан курбум,
корсотүп кал сыйыңды…



## КАРЫНДАШЫМ ЖЫПАРГА

Атадан он бир тууган болсо дагы,
Бойбоздоткон ар жалгыздык ар башта бар.
Мен дегенде кайнап турган каны-жаны
Кагылайын карындашым, алтын Жыпар.

Нелер болуп, нелер болбойт бу жазмышта,
Пенде корот Кудай-Таала буйурганын…
Бопододүң энеңди да, эжеңди да
Бооркерим, жарык маңдай майказаным.

Баарыбызга жанын тошоп күйүп-жанган,
Сергилеңим, сергектенткен кебиң, демиң.
Оорду колдон, жеңилимди жерден алган
Ордо шаарым, опол тоодой — тоом менин!

Балаң менен бактылуу бол, коп жыл жаша,
Качан болсун карек сени карап турар.
Агасына арка болгон ар убакта
Акмаңдайым, айланайын алтын Жыпар.

## ЖАНДЫ КЫРГЫЗ ТАРЫХ МЕНЕН ДАРЫЛАЙТ

Шамал билет олгондордүн аттарын
Жан сырларын жалбыракка шыбырайт.
Ар бир ташта жүрогү бар атаңдын
Анын очпос даңкы үчүн жамгыр жаайт.

Ар укум жер корүстонү бабаңдын
Ал андыктан ал жер артык алтындан.
Жат бастырбай жашап откүн каралдым,
Атаң сени ошон үчүн калтырган.

Каран күндо алдан тайып арысаң
Кайрат күчко келем десең кайра бат, –
Айлуу түндо туруп алып таңынан
Кулагыңды топуракка жакындат.

Кечээги үнү аккан дайра шарында,
Жолдош кылып жондогу учкул куюнду, –

Чыркыраган чымын жаның барында
Чыныгы уул болсоң кокко удургу.

Кокто сенин ата-бабаң эрдиги,
Таштан тамат ак тамчысы тарыхтын.
Урпактарым, ортко айлантып омүрдү
Атпай журтту айдай, Күндой жарыткын.

Арбак ыраазы болбой тирүү жарыбайт,
Ал ыраазы болсо ишиң арылайт.
Жанды кыргыз тарых менен дарылайт,
Анткен эл-журт эч убакта карыбайт.

* * *

Жан-жагы бак дүпүйгон,
жакшы экен үйүң бүт үйдон.
«Алма быш, оозго түш» дебей
жер сырын иним, бүт үйрон.

Сен кызып ичип кеткени
кызыр калды коп жериң...
Бу жерди соко корбогон
элесин ундай кетмениң.

Тыңшап жердин жүрогүн,
тилсин дыңды күрогүң.
Жүлгоң жыргал жыттанып
орттой оссүн үронүң.

Мээнети кайтсын...
жаныңдын
жанга уруп кылган далбастын.
Кызыр калсын жар, уюң
бирок жер кызыр калбасын.

* * *

Ушул үйдо от очпосүн, күлкү-шатта,
Аман-эсен жашап отсүн – ата-бала.
Дасторкону нанга толсун, майга толсун,
Берекелүү болсун соңку муундарга.



Дос коп келсин, коп келишсин урук-тууган,
Той коп болсун уул үйлоп, кыз чыгарган.
Кут даарыган ак жолтой үй болсун ушу
Жылаан кирсе жылмайып күлүп чыккан.

Улуулардын жолун улап кичүүлору,
Ай астында аман болсун кыргыз эли.
Намыска кир жолотпогон атпай журтту
Колдоп жүрсүн ата арбагы, жер, суу деми...

## СҮЙГҮЛӨ

Тоолорго дайым жалынып,
«Сүйом!» деп айткын, айт тынба, –
антпесең алар таарынып
айланып кетет таш, кумга.

Коз мисал кокту тиктеген,
колдорго сүйүүң кайтала, –
аларды эгер антпесең
ал сиңет чолго, талаага...

«Сүйом!» деп күндо айтпаса
сүйгонго сүйгон жалдырап, –
анда ал аны башкага
аз отпой эле алдырат.

Сүйгүло тоо, кол, дос, жарды
алоолоп жанып сүйгүло.
Сүйүүго гана арбалып
кармалып турат бу дүйно.

## ДОСТОР ЖӨНҮНДӨ

Алыс болуп кечээ жакын сезилген,
бүт дүйнону карап турсаң коңүл кош.
Күло багып күйүтүңдү очүргон
күн жарыктан күн бүркокто керек дос.

Аның туура – жолдош керек, дос керек,
жаш кезден да карый түшкөн убакта, –
Сан ооруга чыдасаң да сен эптеп
арга болбос жалгыздыкка чыдашка.

Көңүл калып китептен да, кинодон
кобурашкың келген кезде өткөндөн,
Миң эсе артык дарың менен уколдон
достун сөзү жаштыкты бир өткөргөн.

Уул, кызың сени алардай түшүнбөс,
неберең да үркүп турар жолобой…
Бу дүйнөнүн бүт кайгысы тең келбес
калганыңа ай талаада мологой.

Бир биринде жанга айтпаган жан сыры
эч убакта айрылбасын дос достон…
Досту карап тамсын достор көз жашы
мүнөттөрдө эң акыркы коштошкон.

## КӨКБӨРҮ

Бүркүттөй шаңшып көктөгү,
Жигиттер тартат көкбөрү.
Дүбүртүнөн аттардын
Дүңгүрөйт элдин өткөнү.

Чыдаган гана чыдачу,
Көкбөрү эрдик мурасы.
Өрт болуп күйөт оюнда
Өткөндүн өлбөс кубаты.

Коркоктор жакын барбачу,
Эрлердин эрин тандачу, –
Көкбөрү деген эрдиктин
Эрдикке болгон таймашы.

Айткандан кайра танбачу,
Ал-күчүн журтка арначу.
Көкбөрү нака ар-намыс,
Кайраттын калыс кармашы.



Окшошуп күйгөн жалынга,
Ойногон аттын жалында.
Кыргыздар тартса көкбөрү,
Кыян-сел жүргөн канында.

Темир булчуң, таш такым,
Теңирден тилеп максатын, –
Теминип турган эрлердин
Тизгинин тентек какпасын.

## ЭГЕР КОКУС

Кысталышта адам таппас айла табар,
куштарда сөз, айбанатта акыл, ой бар.
Карап турсаң адамдардан анча акылдуу
иш бүтүрөт аары менен кумурскалар.

Өзгөрүлбөс мыйзам болуп тукумга өткөн,
касиети жиберилген Теңир, көктөн, –
алар эч бир жаңылбай жашап келет
жанчпастан, бирин бири тепсебестен.

Арыстаны арыстандай, кушу кушча,
ар жаныбар буйруп койгон жашоосунда, –
бирин бири күнөөлөбөй, күнүлөбөй
тукум улайт укумдардан тукумдарга.

Айтпа аларды жүрөгү таш, боору таш деп,
адамдардан алар эстүү баарын билет.
Табиятка кыянаттык кылбайт кылдай
ошон үчүн жер огунда тегеренет.

Эгер кокус бир күндөрдө мухит чалкып,
жер титиреп, тоо куласа, жанды жанчып…
Алааматты айбанаттан келди дебей
адамдан де айбандыгы андан артык.

## ИТ

Куйрук кыпчып, куйрук көтөрбөй,
күчүк кезден чоң ит болгуча, –
көндү адатка таңдан өзөрмөй
нан жеген жок бир да тойгуча.

Жанын эзди байкуш жай-кышы,
көрүнгөн ит кууп көрүнсө, –
өзү жутуп өчпөс кайгысын
үргөндү да билди өзүнчө.

Таштандыдан же бир көчөдөн,
жээр нерсе тапса сактанып,
ит, кушту кой, адам көрбөгөн
жерге апарып жеди жалтанып.

«Эртең тоем, тоем чоңойсом»...
ал чоңойду, бирок тойбоду.
Иттерге окшоп кээ бир очойгон
болоалбады бир да олжолуу.

Жолдошу жок, же бир караан жок,
жилбиң-жилбиң жалгыз дайыма.
Ит болсо да дале ал коркок,
сүйбөйт өзүн, колокосун да.

Ар бир көздөн досту издеди,
бирок көздөр болду кас ага.
Бул калаанын жолбун иттери
тиш ырсайтты: «Жогол, бото-ала»...

«Көп көздөрдөн көзү башкача
өзүнчө ыйлап турат көздөрү.
Тарап койсом болот таптаза
суктанышат ага көптөрү,
багып алам»... жууп күчүктү
аппештеди бала көп күнгө...
Бирок бул ит-ит да бир күнү
качып кетти кайра көчөгө.

Атасы экөө иттин артынан
бүт кыдырып таштандыларды, –
таап кыйкырды, аны атынан
а ит качты көрүп буларды.

Бала ыйлады атын чакырып,
ачууланды ата: «Кой балам,
жазмышына шондой жазылып
калгандарды болбойт кайрыган»...



Арасында жолбун иттердин
барат ити укмуш кубанып...
А жаш бала нурдай гүл өңүн
күзгү чөптөй турду кубартып.

## ТАШТАНДЫ БАЛДАР ҮЙҮНДӨ

Билбейсиңер ата-эне, урук, улутуңду,
жашабай жатып билдиң кайгы-муңду.
Энесинин кирпигинде,
атасынын
мойнунда жүрөт балдар силер курдуу.

Кан-жаныңды картайбаган кайгы менен,
карайсыңар дүйнөнү таш боор, керең.
Атаң курсун аңгилиги арын жуткан,
Энең курсун балам дебей таштап кеткен.

Жаралып бу жарыкка келгениңе,
силерде кандай айып, кандай күнөө?
Эне сүттү, ата жытты сезбей, туйбай
ар күндөгү ырың-ыйда, күнүң-түндө.

Жаныңды эзер сары-санаа, кара жалын...
көзүн тиктеп мында келген ар бир жандын,
айтайын деп айтпайсыңар алда кимди,
ким бирөөнү ушунчалык сагынганың.

Ата-энең ким? Каякта алар? Эч нерсе укпай
жатасыңар жек көрүндү макулуктай.
Балалыгың өтүп кетээр бал уйкусуз
балдан таттуу бешик ырын бир жолу укпай...

Күбөгө өтөөр сансыз жылдыз, көкмөк асман,
жаралдыңар мүмкүн таза махабаттан...
Өжөрлөнүп көктөгүлө болсо дагы
тагдырыңар куду айнектей ташка чапкан.

Наристелер сүттөй таза, суудай тунук,
бу дүйнөгө жаралуу бир бактылуулук!
Хан баласы эртең кайыр тилеп калаар
а силер хан болушуңар мүмкүн буйруп...

…Асмандагы Ай, Күн болуп ата-энеңдей,
учкан булут, улуу дайра айтат: «Алдей!»…
Эр жеткенде энең-атаң таанып калса
таарынгансып өтүп кетпе салам бербей…

## ТҮШ

Ит турмушту гүлгө окшотуп көрүш үчүн
укпай бир үн, уктайм бүгүн –
жашоом жаман болсо дагы
жапжакшы болот түшүм…

Ичпеген тамакты ичем,
кийбеген кийим кием,–
калчылдаган кайырчынын колдоруна
алтын тыйын салып ием.

Сагынчымды камчыланып сага барам,
мурдагымдай кумарланам, –
таштай катып калсаң дагы
таарынычың таркай турган
создон табам.

Арып келип алыс жактан
үйгө кирген сыяктуу
кирем түшкө,
турмушта ишке ашпаган
максатым ашат ишке.

Чогултуп туугандарын
эл мүлкүн көз көрүнө –
жеп салган падышанын
алтын куям көздөрүнө.

Даргага асылгандар
асканды асат кайра,
какшыган сайы менен
күргүштөп агат дайра.

Түшүмдө атам түшүмдү жоруп берет.
– Уят кылбай өзүмдү жүрөсүңбү?
заматта ойгоном да
сагынам кайра түштү…



Көрбогон жыргалды мен
жыргаймын түштө көрүп –
түшүмдө тирилемин
тил, сөзсүз түшүмдө өлүп…

Көйгөйдү көчөдөгү көргүчөктү
жан курбум, жан жай алчу
түш көрчү, түштү көрчү.

## ЖАЛГЫЗ ДАРАК

Куйкаланып чөлдүн ысык аптабында
жалбырагын балапандай
чыйпылдатып
жансоогалайт жалгыз дарак
зар болуп ууртам сууга.

Тып деп тамчы тамбайт мында,
чартарап толгон муңга.
жылаандай тил соймоңдотуп
акактайт жаткан кум да.

Эй, жолоочу сапар тарткан!
тамчы сууга көзү каткан
бу даракка
суу апкелип
бербесең да
тилек тиле: «Соолуба» деп, бу даракка»…

Сен тилесең,
тилекке бир саран болбой
дагын-дагы
ушунчалык көп тилесең,
Тилек менен сен тилеген
ишенип кой,
ал көгөрүп кетет кайра.

Ошондуктан тилек тиле,
тилек тиле,
көктөн көзүн албай тиктеп
өмүргө үмүт издеп
турган ушул жаш даракка…

Таласская областная библиотека
Инв. № 93466

2—1951

## ТАШ

Бурулуштан булбул сайрап...
чыкканда Ай,
бул дарактар учуп кетпейт куштардай...
Таштар жатат
жаткан жерин «Мекен!» деп,
маңгиликке – үн чыгарбай, соз бербей,
сырты муздак, ичи – жылуу ой ойлоп
эч суусабай, отко күйбөй
кылым суудай акканына кебелбей...

Өзү сезбейт өздорүнүн сынганын,
коркпойт такыр талкаланып,
кумга айланып кетиштен,
таштыгынан кайтпайт эч бир убакта –
таш экенин унутса да унутпай
ташка айланып турат дайым, дайыма.

Кайсыл жерде жатпасын ал
карап жатат асманды,

же бул таштар ай-ааламдан
бизге келген каттарбы?

же ушул таш жердеги бүт окуяны
өздорүнө бүт сиңирип,

анан Көккө чагылдырып
калыстыкты айткыла деп турабы?
Таш аркылуу Теңир биздин
сөзүбүздү угабы?

Бу таштарды жумурткадай куш чайкаса
укмуштай бир куш жаралмак бир башкача
булбулдан да миң бир эсе муңдуу,
шаңдуу жана сырдуу,

бир үн келмек бул ааламга,
аны уккандар каруу билбей бир бирине
уй боор болмок азыркыдан даа канча...

...Көрүстөнгө таштарды койбогула,
таштар дагы жан экенин ойлогула.
Пайдубалы болгон өңдүү имараттын
пайдубалы ай-ааламдын...
Үнсүздүктөн үн уккула
таштай бекем болууга тырышкыла.



Жатат таштар, карагыла
жүрөгүндөй убакыттын,
мээсиндей мезгилдин
аалам менен сыр алышып
мелтиреген тынчтыкта...

Жатат таштар
унутулган, жоголгонду
бекем катып жүрөгүнө,
акылга сыйбаганды
сыйдырып бир өзүнө.
Эртеңкиге кулак салып
түрмөдөй мелтирешет.
Кан тамса кабагына
кайгырып селт деп кетет.

...А мен аны колума алып,
анын таштай муздактыгынан –
жүрөгүнө жылынгандай бабамдын
денем балкып жылынам...

## СОГОНЧОГУ КАНАБАГАН АЯЛ

Уктуң беле ошону,
жалгыз короз кыйкырса –
бүт айылдын тоогу
жайнатчу дейт жумуртка.

Көк бука өткөн жылдары
окүрсө аркы жээктен, –
берки айылдын уйлары
үнчүкпай тууп койчу экен.

...Канымда кайнайт муң гана:
Кай күнөөм үчүн ой, тобо, –
чычкандай болгон бир бала
буйурбай койду мага ошо.

Кай күнөөм үчүн, эмне үчүн,
канабай калды согончок?!
Бармактай болгон бала үчүн
барбаган жерим калган жок.

Кезимде жүргөн койкоктоп
ишке ашып максат ойдогу, –
көп эрди көргөм, а бирок
биринен шыбаа болбоду.

Дары жок таап ичпеген,
мазар жок барып конбогон.
Балкылдап кетет
бүт денем
баланы көрсөм ойногон.

Энесинин эмчегин
эмип турган баланы
көргөндө
өзүм теңселип
басалбай калам дагы ары…

Кош кабат, аял көрүнсө,
көзүмдөн ысык жаш тамат.
Ат чабым узап кеткенче
артынан жүрөм акмалап…

Канткенде кайгым азайды?!
Бу дүйнө мага сыныктай.
Тумандуу күндөй батамбы
наристе үнүн бир укпай…

Сүйүнүп кайра түңүлөм…
жаш ырчы ырдап бергенде, –
жанда жок жагым үнүнөн
боюма бүтүп калса не?

Жыланды өпсөң бир жолу
төрөйсүң, – деп айтышса, –
бир жолу эмес миң жолу
өпмөкмүн кысып кучакка…

жараткан жокто бар кылды,
Ыраазымын, ага дүйнө күн, –
не жазды шундай тагдырды
кай күнөөм үчүн, эмне үчүн?..



## ИТ ЖАНА КАЛДАРБЕК

Кулаткансып көктөн асманын,
Кудайындай көргөн жаш жарын, –
караңгыда келип Калдарбек
кармап алды ойноп жатканын.

«Не көрүнүп жатат көзүмө?»
ишенбеди көргөн көзүнө.
«Өлтүрсөмбү?!, Убал, убал го»…
эч бир акыл келбей эсине, –
бир кыйкырды аюу сыңары
экоонө анан кулады.
Алай-дүлөй, ызы-чуу күчөп
уккан жандын тунду кулагы.
Тарс-тарс этти муштум, бут дагы
олор жерин экөө туштады.
Алган жары ага болушпай
күрсүйгөнгө куйүп ыктады.

Эсинде жок андан кийинки,
эске келсе жанда өз ити, –
шыйпаңдатып куйрук, кыңшылайт
деген өңдүү: «Болду кийинчи»…
Денеси олгон, дене жанчылган,
ооз, мурундан жылжыйт шүүшүн кан.
Жылаан сыйпап кеткен сыяктуу,
үйдө радио сүйлөт калтырган:
«Буш Саддамга согуш ачмакчы,
бейкүнөө кан суудай акмакчы…
Акаевди колдоп эл-журту
референдумда болду жакшы аттуу»…

Турайын дейт Калдар туралбайт.
«Тур…» дегенсип ити кыңшылайт, –
ачык калган эшик шамалга
арман айтып муңдуу кыйчылдайт.

Байкуш иттин калбай жан алы,
ээсине көзүн кадады.
Жарында жок аруу бир мээрим
жүрөгүнө жылт деп тарады.

«Жаным бирге сага» – дегенсип
жалап ийди колун анан ит.
Колокодой болуп турду ал
конок мисал козүн когортүп.

Түтүн чыкты алган деминен
анан аста басты онтоосун.
Иттей жакын, иттей берилген
бу дүйнодо билди дос жогун…

## ЭНЕ-БАЛА

Жазга айлантып жиберет да ызгаар кышты,
сайынса, ичсе булбул болуп тилге кирет:
«Алайын деп акмалап жүргон кызды
Акаевдин баласы апкетти – дейт.
Үйлонбойм – дейт, үйлонгондон ичкен жакшы,
а сайынган андан жакшы, андан сонун.
Ишке ашырбай калдым далай максаттарды
эми мага сокур тыйын бары-жогум.
Андан коро жүз грамм бер, элүү грамм,
ден-соолугуң үчүн ичем эне сенин…
Тирүү турсам дагы ичемин, да сайынам
билбей отүп кетем бир күн жыл эсебин.
Оо дүйнодо сендей эне болбойт дешет,
ошон үчүн мен олгондо кошо ол эне,
а жерде да мага озүңдой бироо керек
арак куюп бере салар бер дегенде»…

«Макул» – дейт эне байкуш башка не дейт,
ак сакалын бурай тиштеп атасы ойлойт:
«Муну неге машинелер тепсеп кетпейт,
же кисеүр кармап алып сабап койбойт?
Сыздатат да сыздап олгүр, сайрап, кулап,
куурuганы куурuган куттуу күнү…
Кандай уктап калса да эне ыргып турат
баласынын «мамалаган» угулса үнү:
…«Олүп баратам жаным апа, жаным апа,
жардам берип жаным апкал… ийне-арак…
каным ысып, тилим батпай оозума
кара башым каяккадыр кайып барат…
Жардам, жардам, жаным түтоп турат апа,



акыркы ирет бир эле ууртам, жарым ууртам»…
«Ал ууртамды кайдан табам оо, садага»…
«Кечээ коңшу кызы үшүнтсе каньн саткан»…
«Менин каным врач: «эки, начар»… – деген»,
«Бойрогүң сат!..» А да оорулуу андан коро
коз сатайын… сатпай эле олуп берем,
ошол замат оозго салып шимигенде
кадимкидей мас кыла алат аракка тең»…
«Ошент апа, ошент, ошент»… Олгон коздү
алдастабай акыл менен шимиди аста.
Ай айланбай жан түшүнбой айткан созүн
безгек болуп жатып калды бала кайра…

…Онтойт. Ыйлайт: «Ийне-арак… жаным апа,
эмчегиң сат, соолуп барат жүрок демим.
Эне болуп жазылыпсың маңдайыма
кууп келаткан кур ажалдан куткар эми»…
«Алтын балам, аябаймын муну сенден,
шаша кармап эмчегимди шарт кесилген
секин сорсоң сен каалаган, сен эңсеген
кудуретке туш болосуң Кудай берген»…

Коргошундай кол-шал эрип сүтко, ууга,
аалам астын-үстүн болуп эне-бала
минип бир кез үлбүрогон ак булутка
бабырашып барып калат балалыкка…

… «Чоңойгондо багасыңбы?… «Багам апа!»…
«Эмне берип?» Каймак берип, чучук берип,
жан баралбас зоодон мүрок суу апкелип
козүңүздүн агы менен тегеренип»…
«Тилегиңден айланайын, тилегиңден
так озүңдой сүттой ак да, таза суудай, –
насип буйруп жетели биз ошол күнго,
алакан жай, ал тилекти берсин кудай…

…Жан билбеген ууз жыттуу ыракатта
Ыраазы болуп ушу күнго, ууга, абага
тең жылмайып жылмайуудан нур тогулуп
экоо тонду тунжураган туңгуюкка…

## АТА АРМАНЫ

Жаңыртып тийген муштум туш тарапты
өз баласы өз атасын сабап жатты,
бети айрылып, каш сыйрылып, жаш аралаш
кан шуушуңдөп Жаратканга муң-зары акты:
«Оо Жараткан, мен көргөндү жанга бербе,
күндүр-түндүр күйүт күйөт карт денемде.
Ушул итти уулум деп өстүргөнчө
көчөдөн бир күчүк багып алсам эмне?!

Эч эч ким сурабасын кандайымды,
билинбей калып барат жан дайыны...
Маңдайынан бир чертпеген ушул шүмшүк
балжа-булжа жарып салды маңдайымды.

Оо, Кудай, кандай кыйноо, кандай азап...
Алагүү өз сөзүнө өзү чакап,
келжиреп келатканда кекиликтей
кемпирим керебетке кире качат.

Жүзү курсун үнү угулса алда кайдан,
жүрөк түрс-түрс, түңүлүп бүт чымын жандан,
чыңк-чыңк этип чыңкылдайбыз, оң-алет жок
коёндойбуз титиреген арыстандан.

Жулунуп тал-талынан сакал-чачым
кайырчыдай кордук көрдү кайран башым.
Тилегимди кабыл кылып бердиң элең
тилегимди кабыл кылып апкет бачым...

Оо, Жараткан, апкет бачым, жогот бачым,
көргөндү кой, уккум келбейт анын атын.
Өз уулунан жыргал көрбөй, куурал көргөн
мендей ата бу дүйнөгө жаралбасын.

Бир жакшылык иш жасабай эне-атага,
күлкү ордуна күйүт берип кайра аларга,
кан кайнатып, жан күйгүзгөн мээ сокур
мээрими жок жаралбасын мерес бала»...



## БАҢГИ БАЛА

– Шылдың болуп элге-жерге,
жалдырап көрүнгөнгө, –
тыйын сурап ичип, чекпей
өлүп эле калсаң эмне?
титиреп тың басалбай,
турганын көр өлүү жандай, –
оо, кубарган кудай аткыр
не жүрөсүң өлүп калбай?

– Ал өлгүчө өзүң өлгүн –
атырылды апакеси.
Колундагы ашпоз бычак
чагылгандай бир жарк этти,
шарт шилтенди, баш шылкыйды,
көкүрөктөн кан бурк этти.

Абышкасы эстен танды...
эси чыккан байбичеси
эмне экенин өзү билбей
өзүнө өзү бычак малды...

Кызыл-жаян кандан аста
көтөрүлүп ата-апа
жалынышты Жаратканга:
«Биз төккөндөй мээримиң төк
түбү жакшы бу балага.
Унуткарып нашаа, арагын,
куду уздай тазалыгын.
Ушу уңгусу улутуңдун,
жаңа жаны заманыңын»...
Каңгып учкан карт дүйнөнүн
калтыратып карт жүрөгүн
анан ачуу чыкты бир үн...
Мас кыялда магдыраган
баңги бала ачса көзүн, –
кылкылдаган кан дайрада
сүзүп барат ата-энеси.
Бир нерсени сүйлөгөнсүйт
бирок жетпейт айткан сөзү.

Баңги бала сезген да жок,
уккан да жок эч бир үндү.
Көзүн кайра жумуп алып
шайтан окшоп шаша күлдү...

## КОШУНА

«Чатакты салган эле кечээ ото коп,
дагы кетти досу менен даа кочолоп,
мас болуп келип алып майкандаса
майып кылбай арачалап кал экоолоп»...

«Бешенеге бүткон жалгыз бала» – дешип,
берги десе берер эле жанын эзип...
Азыр экоо карышкырдан корккон койдой
бир шырп эткен дабыш чыкса титирешип.

«Кыздуу-кызыл, уулдуу-узун» кийбейт дешип,
быдырын бүт токчу буга эркелетип...
Азыр экоо кечип бардык ырахаттан
айталаада олсок дешет тентип кетип.

«Күндо мас, бизде дагы күндо жан жок,
айталбайбыз: «Арагыңды балам токтот»...
Азыр экоо – жолборс кудум: «Жейм» дегенде
качып чыккан байкуш эне мышыкка окшош»...

## КАЙДА АПАРБА

Доско барсам келинчегин жаңы эле алган,
ажырашкан. Кар жаап турат кабагынан.
«Эмне болду» дегенимче болбой эле
сүйлоп кирди: «Жигити жок таанFыбаган...

Облуска ээрчитип барып калсам,
– Кандайсың? – дейт милициялар жалмаңдаган.
– Булар кимдер? – деп сурасам: – Бололор – дейт
бололорүн... милицияны ээлеп алган.

Ээрчитип районго барып калсам,
– Кандайсың? – дейт жаш жигиттер шуулдаган.
– Булар кимдер? – деп сурасам: – Жээндер – дейт
жээндерин... акимийатка толуп алган.

Айлыбызда айылчылап бара жатсам,
жигиттер коп жигерлене учурашкан.



– Булар кимдер? – деп сурасам: – Тайкелер – дейт
тайкелерин... аларды не билбей калгам?..

Кудай бетин корсотпо той, тамашадан:
«Күйоосүбү, ушу дагы»... карайт маган.
– Кимдер? – десем: – Айлыбыздын балдары – дейт
кайда апарба, жигити жок таанbыбаган»...

## АҢЧЫЛЫК

Буту колум, бүткон боюм жанчылып,
Тарамышым басмайылдай тартылып.
Таңдан кечке тоо аралап, саз кечип,
Таш чайнатып тамшандырды аңчылык.

Тайган сызса куюн чыгып, чаң чыгып,
Томоголуу кушуң колдо талпынып.
Кокко атылса коңүлүң чайттай ачылып,
Ат алкынтсаң кылымды артка калтырып.

Ар кызыкты ары түртүп калтырып,
Алдас уруп, кара жанды карч уруп...
Азыркыдан ананкысы ажайып
Ай, аңчылык, аңчылык ай, аңчылык...

## ЭКИ ДОС

Эки жакты элеңдебей жай карап:
«Адыл досум, кайда жүрот, кайдалап?»
Үн чыкпаса атын байлап акырга
жан дос жарын жатчу кечке аймалап...

Түндо үйүно келсе, досу Адылдын
аты жем жеп турат ээлеп акырын.
Тыбырчылап турган атын токтотуп
кулак түрсо аялы ырдайт: «Асылым»...

«Кайра ордуна келбейт кетсе жарака,
бузулбасын доспуз деген алака,
жан беребиз дечү элек го, жар эмне»...
тизгин буруп зуу коет сай тарапка.

Кирген дайра ташты ташка ургулайт,
туйлаган ат тулаң тебет, тынч турбайт.
Бабыргандын бакырганы түн жарат
бирок Кабыл кайгы-муңу угулбайт…

Кеткенде Адыл кишенетип кашка атын,
келет Кабыл өз үйүнө бат, бачым.
«Келдиби үйгө бирөө жарым?» «Жок, кайдан»…
анан уктайт: «Кудай аман сактасын»…

Эртесинде асман ачык, күн аппак,
жолугушат кайра баары шарактап…
Бир бирине баары ыраазы: «Кандайсың?»
«Баары сонун»… бири да айтпайт: «Кысталак...»

Бир бирине окшош балдар төрөлөт,
«Тайкесинин куду өзү»... өбүшөт.
Ортосунан жел өткөрбөй эки дос
аман-эсен жыргап жашап келишет.

* * *

Капилет келген ой окшоп,
Үкүлөр учат түндө үнсүз.
Азыркы барың анан жок
Тунжурап турба көңүлсүз.

Бейтааныш жерде талаадан
Желаргы согот бейтааныш.
Жылуулук келет араңжан
Жылдыздан күйгөн эң алыс.

Кубарып эрди кесилген,
Кудукка айтсаң сүйлө деп, –
Кубантып көктөн бекилген
Кудайдын сөзүн сүйлөмөк.

Аркырап ылдый теминген
Шар суунун калбайт жан-алы…
Калдайган кара тоону сен
Карасаң баары баягы.



Карасаң баары баягы,
Бирок да баары башка азыр.
Өттү деп айткан жанагы
Өмүрлөр жылбай таптакыр, –
Жыгылган ээсин таштабай,
Күлүктөй турат жер чапчып…
Батпасын анда чыккан ай
Батканда андан не таптык?..

## АККУУЛАР

Жыпарын жыттап жылдыздын
аккуулар артка кайтышса, –
акындары кыргыздын
бараткан оңдуу айтышка.

Тазасы булар тазанын,
асманда кудум деңиздей, –
кыйкуулап бузбайт катарын
Жараткан жазган арибтей.

Караган сайын кан ысыйт,
аларда максат алысы.
Ааламдын сырын айткансыйт
ажайып чыккан дабышы.

Сыйкырбы кокто калкыган
укпагам мындай эч үндү.
Кошо учкум келет артынан
унутуп салып өзүмдү.

* * *

Сүйүнүшүп тапканга
жарым айдын жарыгын, –
жайнайт жылдыз асманда
уюгу окшоп аарынын.

Жайнайт жылдыз… Алардын
сыры эмнеде? Сыр кандай?
бир тууганы Адамдын
бизди карап тургандай.

Эмнеге алыс? Неге андай?
Көр, дүлөйбү? Эмне үчүн?
тынчтыктан үн уккандай
туйлайт кээде жүрөгүм.

Эч кимге сыр алдырбай
жылт-жулт этип төмөнгө, –
сырын каткан жылдыздай
күйгүм келет өлгөндө...

* * *

Өткөн күн кайра келбейт деп,
Жүрөгүң эзсе бир арман.
Булутту учкан бир тиктеп
Көзүңдү жум да, кыялдан.

Кыялдан ушул өмүрүң
Эзелтен кайгы билгенге.
Таңдайы таттуу күндөрүң
Татыбайт бир көз ирмемге...

Карк болсоң дагы жыргалга
Унутуп өмүр эсебин.
Сезесиң ар бир саатта
Бар-жогуң тыйын экенин.

Турасың туйлап сүйүнүп...
Жалбырттап тийип жан жанга
Жоктон бар болуп тирилип
Жаралып өзүң калганга.

* * *

Жаштыкты куштай качырдык,
Эртеңди ойлоо кайда анда...
Бараткан оңдуу шашылдык
Тойго же айтка, майрамга.

Жарыттык оттой үмүттү,
Тоскоолдун баарын жеңчүдөй...
Ким бирөө таап күткөндү
Даярдап бизге берчүдөй.



Мүнөткө кылбай жан байыс
Октолдук жанды жанга ура, –
Биздерди жалаң кубаныч
Тургандай күтүп алдыда...

...Кызыктуу максат унтулду.
Кыйланы көрүп чымын жан.
Көп дымак кайтып, дем сууду
Дайрадай тоого урунган.

Андагы гүлдөр кайра өсүп,
Булбулдар сайрайт андагы.
Каякка кеткен өксүтүп
Кайнаган жалын кандагы?

Чарчады дене, чач аппак
Майрам жок, той жок, айт да жок.
Күлкүнү күлгөн шарактап
Ойлосом азыр ичим чок.

* * *

Кайтты куштар келген жагына,
Качты менден уйку жана түш.
Оо, күлүңкөз күздүн күндөрү
Күлкү чачып дагы жана түш...

Жан, жана түш, жаштык кезимдей,
Жылынайын сага даа бир аз.
Карыганын эч бир сездирбей
Конушуна кайра конот каз.

Сайрайт булбул, билем сайрарын,
Али алдыда анын жакшы ыры.
Күр-шар эткен улуу дайранын
Ак көбүгү бүтпөс жаштыгы.

* * *

Ыр жазамын жазам – деп
учам деп куш учкандай, –
чыгамын деп жашыл чөп
чыкпас жерге чыккандай.

Ыр жазамын тартынбай,
агам деп аккан шар суудай,
жаайм деп жааган жамгырдай,
бышам деп бышкан тандырдай.

Жылам деп – жылган булуттай
чыгам деп чыккан жылдыздай,
убада шертин унутпай
намыска турган кыргыздай,
турмуштун туюп азабын,
туйгундай туйлап жазамын –
мүмкүн бул күчү теңирдин,
а мүмкүн күчү батанын...

* * *

Керемет акындык!
Баракка апакай,
бироодон үн угуп
жат жазуу жазгандай.
Сүттой ак кагазга,
сүттой ак дил түшсүн –
нур болсун ааламга
бир чымчым өмүрүң...

* * *

Укмуштай бир мүнөттөрдү кудай берет,
ыр жамгырдай өзү жааган өзү келет.
Жүз миң жолу көрүп эле жүргөнүңө
жүрөк байкуш ыр башкача таасирленет.

Бир башкача жазга айлантат өмүр күзүн,
дүйнө өзгөрүп болуп кетет астын-үстүн.
Сен ошондо түшүнөсүң... отту кечип,
оттой өмүр сүргөнүңдү элиң үчүн.

Ажал келсе: «Токтой тургун, анан» – деген
ошол мүнөт эч нерсеге теңелбеген –
жалт эткенде түшүнөсүң.. Аалам сырын
бөлүшкөнүн жалгыз гана сени менен...



## А МҮМКҮН

Уйкашса эле болбойт ыр
ар-намыс керек ар ырга.
Ал үчүн абзел зор тагдыр,
тааныштык издеп жаңылба.

Дарыдай болсун эл-журтка
окуган көзү ачылсын.
Тагынан корксун падыша,
ыйлаган бала басылсын.

Ырлардын улуу күчүнөн
асмандуу болсун асмансыз.
Жылынсын тоңуп үшүгөн,
жан жолдош тапсын жапжалгыз.

Жок болсо сенде ушулар,
кол сермеп бекер кыйналба.
А көрөк жол таап кирип ал
Акүйгө, мансап, жыргалга.

Бапырап бардар жашайсың
бар кылып колдо жогуңду.
А мүмкүн андан табарсың
ырлардан таппас соңуңду...

## ЫРЛАРЫМА

Сенден жат болуп алганым,
жаттабай сабың кыз, уулум, –
Уу чачып бетке заманым
көрбөдүм жашоо кызыгын.

Кайгыдан аккан жашыман
каткырык каткам сабыңа.
Коркпогон жана сатпаган
жан жолдош сенсиң жанымa.

Мен көргөн күндөр сенде бар,
талаалап кетпей куюнча, –
баламдан артык ыйлап кал
көрөгим бир кез жумулса...

# ТАБИЯТ ЫРЛАРЫ

## КҮЗГҮ ТОКОЙ

Каяккадыр калкы качып кетишкен
калаага окшойт күзгү токой аңгырап.
Жазын, жайын сагынгандан оңү очүп,
бото болуп боздойт жалгыз жалбырак.

Шамал гана ээн-эркин даң салат,
коңулдарды шимшилеп бүт аңтарат, –
тумшугуна эч-эч нерсе илалбай
тайган мисал кайра чуркайт кайсалап.

Күн жер тиктейт козү менен карыккан,
куштар да жок жайда жаагын жанышкан.
Коркуп кетип коркуп качкан коёндон
шактан шакка шакылыктайт сагызган.

Токойго окшоп тоолор дагы муңайым,
деген оңдүү: «Бул тагдырга чыдайын»...
Аппак булут бир заматта капкара
туман болуп бузуп келет ырайын.

А мен шашам тез жетүүгө үй жакка,
күздүн кара ношоруно калбаска...
Күзгү токой-кудум балбан сыяктуу
кийимдерин чечип чыккан кармашка.

* * *

«Жоо келди, – деди жалбырак. –
жоболоңдуу келди жоо...»
Аңгыча алай дүлөйлөп
айланды шамал бороонго.



Жеткирип жерге желкесин
ушунуку оттү – дей,
бороондун корчү эркесин
жулмалап жулуп кетчүдөй –
сындырып карс-курс бутагын
чыгарды жинин дарактан,
жаңыртып ырын ызанын
күрпүлдөйт сай суу шар аккан.

Чыгарсам башты айнектен
агызчу селдей аркырай –
үлгүртпөй мени «ай» дешке
башымды жулуп алчудай,
озондойт бороон уңулдап
тиктеймин үнсүз тыш жакты.
Кочодо куюн куюндап
корсотпой салды кыштакты.

А куштар кайда жоголду
же бороон илип кеттиби?
Тоолугунан бороонду
тоотпой турат Эчкили.

... Эртеси ал жок ырп этер,
алдыргам бойдон кубатты –
түн бою бороон менен мен
алышып чыккан сыяктуу.

* * *

Күлкүсү жердин өндөнүп,
Гүлдөдү бүгүн алма өрүк.
Саламын айтты сагынган
Сан гүлгө сансыз үн келип.

Сайрады көктөн сан чымчык,
Бутагын таппай конорго.
Санжыра күүлөр жыбылжып
Жылдыздай жанды ободо.

Көлкүлдөйт көктө түркүн түс,
Сарыны жашыл жекелеп...
Соймондойт дөңдөн бир түлкү
Туманды колдон жетелеп.

Үнүно гана күч үройт
Аарылар жыттан адашып.
Жоогазын үшүп титирейт
Жоолугун желге талатып.

Куйругу менен ойногон
Күчүктой куду аба мас.
Чагылган түшот тоолордон
Жамгырга жаачу аралаш.

## КАРДАГЫ ЖООГАЗЫН

Желаргы менен тез желип
чалганда туман тоо башын, –
Кудайдын кызы ондонүп
куллунуп турган жоогазын.

Аңгыча бороон уңулдап
атылып чыгып асманга, –
ак жамгыр арты куюндап
айланып кетти ак карга.

Кызыгың кызык кээ бирде
кылычы кыштай оо, жазым.
Койколүп оскон жеринде
коз жашын токтү жоогазын.

Катуулай согуп кар каптап...
ааламдан таппас асылды, –
алдейин айтып ардактап
ак шейшеп жүзүн жашырды.

## ЖАЗ

Кулун, тайдай кок шиберде эргиген,
кубанычтан кубалаймын желди мен.
Арык жалбыз жытына мас,
бий бийлеп
туйлап чыгып кетүүчүдой жээгинен.

Күнгойдогу гүлдү корүпназданган,
жан укпаган обон чыгат таштардан.



Мен сагынган, мен эңсеген бир сулуу
азыр түшо калуучудай асмандан...

Кумурасын жарып чыкчу шараптай,
мурункунун бирин дагы жаратпай,
тоштү керем... Ушул жарык дүйного
озүм гана туура айтылган санаттай.

Үнүн угуп кишенеген айгырдын,
бул турмушка келбейт, келбейт кайгыргым...
Сүйгонүнүн атын айтып ар чымчык
сайрап жатат токоюнда ай, жылдын.

Кайрыктары кан дүргүтүп жүрокко,
күлкү аралаш күү тогулот дүйного.
Эмнегедир эстен тана элжирейм
алым келбей ырдоого же сүйлоого.

* * *

Сулуудай жаңы турган улутунуп,
кок колдон которулду аппак булут.
Түбүнон акак таштар бир ушчудай
кол үстү чыбырчыктап калды тунуп.

Ак булут, аппак булут, акак булут,
сүйүндү калганына таза туулуп.
Ак моңгү, кок асмандын кулагына
толкундун шарпылдаган үнү угулуп...

Чыдоого мүмкүн болбой сагынганда,
айланып аппак булут ак жаанга,
шолоктоп келет колго...
коп жылдан соң
торкүлоп кыз келгендей атасына.

## ТАҢ АТАРДА

Таң боёгун ак булутка сүрттү аста,
толкунданган тоолор, суулар, кызыл аска,
бу дүйного кайра жаңы жаралгансып
бир ажайып түрго келди бир заматта.

Бир ажайып түргө келди бир заматта
дарак башка, чөп да башка, өзүм башка,
бу дүйнөдө кайгы барын унтуп салып
кайкып учуп кетким келди көк асманга.

Көк асман да бир башкача, такыр башка,
булбул болуп сайрап турат кара таш да.
Күндү көргөн күндөн бери кайрый келген
күүн чертип күлүмсүрөйт шаркыратма.

Кылымдарды кылкылдаткан кызыл аска,
күүнү тыңшап токтогондой токтоп азга, –
алп карaанын тээ алыстан бүлбүлдөтүп
басып кетип калуучудай башка жакка...

Таң боёгун ак булутка сүрткөндө аста:
«Неге өмүрдү кыска берген адамзатка?..»
деп кейийм да кейигеним ошол замат
унтуп салып кыткылыктайм жаш балача.

## КЕЧЭЭ КАР ЖААП

Кечээ кар жаап... Арчанын
жармы жашыл, жармы ак.
Көзүн көргөн канчанын
кооно тоолор магдырап...

Күбө болуп заманга
ичине сыр катkансыйт,
үн чыгарбай адамга
акыл айтып жаткансыйт.

Бийлеп аккан суу кашка
жаздан кабар бергенсийт,
обон менен бир башка
обо жарып эрдемсийт.

Зоодон келет керемет
ата-бабам добушу.
Көз тирүүдө жетсем деп
көздөн учат тоо учу...



Мезгил менен жарыштым...
Көк аскадан моңгү эрип
тамат жаңга тарыхтын
көзүнүн жашы өңдөнүп.

...Тоолор укмуш абалда...
алып сыйкыр кубатты –
учуп кетчү ааламга
алп каракуш сыяктуу.

Кечээ кар жаап... Арчанын
жармы жашыл, жармы ак.
...Ырлар жазып чарчадым,
уйкум келет магдырап.

* * *

Узарткан бойдон моюнун
колоко сиңет иңирге.
Башташат балык оюнун
башаттын башы иримде.

Жайыттан кезүү жай чубайт,
үлп эткен жел жок, жылалбай, –
бопбоз чаң көктө калтылдайт
ийреңдеп калган жыландай.

Жүргөндөй сүйөп сыйкыр күч,
ормолойт булут өйдөлөп.
Чытырман токой – миң-сан түс
чымчыктын түшү өңдөнөт.

Магдырайт асман. Мунарык
жер жыттап жылат жылгага.
Дайра үнү букту чыгарып
жаңырып турат кыйлага.

Улуу Тоо улам салкындай
уйкуга барат көшүлүп...
Өмүрдүн күнү кайрылбай
өткөнгө турдум өкүнүп.

* * *

Шилекей ооздон куюлуп,
таң калгың келсе укмушка, –
таңшыган үндү куюнуп
таң үрүл кезде чык тышка.

Агымы менен дайранын
агылып барат Ай аста, –
аңкытып жытын айдарым
айлантат башты заматта.

Теңирден келген сыйкыр күч
темир комуз каккандай.
Куш эмес күнү күлгүн түс
сансыз гүл сайрап жаткандай.

Магдырап ушул жыргалга,
жыйалбай турсаң эсиңди, –
капыстан өзүң балага
айланып кеткен шекилди,
кыялдын күүлөп канатын
боксорбой кайра толосуң.
Дүйнөгө ушул даана, чын
келгендей кайра болосуң.

## ЧЫМЧЫКТАР

Жалбырак, чөп, тоо-ташка
жаагын жана сайрашып, –
жазды апкелип кыштакка
койушат гүл жайнатып.
Агарып таң атканда
канаттарын кагышат, –
учуп барып асманга
жылдыз болуп калышат.

## ҮШҮК

Түйүлгөн алма-өрүктүн жанын сурап,
түрүлүп аюуга окшоп туман жылат.
Момо-чомо жылаан көргөн алпкаракуш
балапаны сыйактанып ыйлап турат.



Чыйпылдашат, дирилдешет, козү алаңдайт:
«Күзүндө кызарабыз...» Жансоогалайт...
Ал ансайын аны туман тумчуктуруп
ойун салып карт буурадай оonaлактайт.

Кылычтай тийген жерин кетчү кесип
койнундагы кок айазы жарк-журк этип,
ичикийлеп араң турган момолордун
ичип ийе тургансышат жанын эзип...

Коңурукту коштоп тартып коно жатпай,
туман кайтат тоолорго таң атып атпай.
Аңыздагы кок буу түтүн аларды ээрчийт
энесине эрбеңдеген жаш баладай.

Күн да чыгат күндөгүдой күлүп-жайнап,
жер булоолоп, аары ызылдап, куштар сайрап.
Жерге түшкөн момолорду терип алып
багбан гана түкүрүнөт башын чайкап...

## ШАМАЛ

Уяты жок, арсыз шамалдын
куйун менен корчү күчөшүн.
Жашыл койнок жапжаш аялдын
ачып оттү аппак тизесин.

Селт дей түшүп жат кол тийгендей,
жаба койду эссиз этегин.
Ойлору ойдон эч бир ийменбей
эстеп кетти анан оз эрин...

Ууртунда калды уяздай
жаш жылмайу, уяң жаш күлкү.
Ырдады анан жанга угузбай,
ырдап жүргөн ырын ар түнкү.

Бирин-бири түртүп колтукка,
а эки дос барат шарактап...
Андан бери көп жыл өтсө да
көз алдыман кетпейт сан аппак.

# АРНООЛОР

## АЖЫБЕК ДАТКАГА КОШОК

Каран күн түштү калдайган калкка,
Калдайган калкың кабылды дартка.
Кайгыртып элин кайрылбас кеткен
Калкагар тоодой Ажыбек датка.

Колунан найза түшпөгөн датка,
Кокондун ханын түптөгөн датка.
Эчкили тоодой эң бийик жерден
Элине элдик издеген датка.

Карыпты кайрып тондогон датка,
Калайык журтун коргогон датка.
Өзүнө күйбой эли үчүн күйүп
Эртеңин элдин ойлогон датка...

Асмандан жылдыз өчкөндөй болду,
Жар кулап, тоолор көчкөндөй болду.
Атан тоо боздоп чөккөндөй болду,
Кушубуз учуп кеткендей болду.

Жоргонун эли жоргосуз калды,
Кош Капка эли коргонсуз калды.
Даанышман элиң кашкасыз калды,
Таластын эли даткасыз калды.

Өчпөс из калды өкүргөн башта,
Өкүртүп элди өлбөй кал датка...
Намысы үчүн наркы бар элдин
Найзасын айтчы, ким сунат каска?!



Кетпес кек калды кекенген башта,
Кейитип келбес кетпей кал датка.
Керилген элден, кенелбес жерден
Ким минет айтчы, сен минген атка?!

## АТАЙ ОГОНБАЕВ

Мындай талант келе бербейт күндө эле,
Огонбайдын алоолонгон Атайы, –
жаралгандай ушул жарык дүйнөгө
комуз чертип ырдаш үчүн атайы.

Анын айтпас арман-муңун кыл уккан,
керемет нур төгүп турган ырайы.
Жүрөк чогу кылымдарды жылыткан
кыргыз үндүн ушул кымбат Кудайы.

Анын үнү сүйүү үчүн болчу той,
жетпес жерге жетип, анан эзчү эле, –
кылгырышкан кыз-келинди мындай кой,
тамшангандан таш да эрип кетчү эле.

Тоо жашарып, суу тазарып  ал үнгө,
бир кемчили жок оңдончу дүйнөнүн.
Ай арбалып, Күн суктанып күүгө,
ар ким андан билчү баркын өмүрдүн.

Атай жашайт атпай кыргыз барында,
байын чапкан күлүк мисал таптагы, –
Күнүмдүктөн эрте күйүп кетсе да
күү, обондун Күн түнөгөн асманы...

Нандан эч бир танбагандай танбайсың,
уккан сайын уккуң келип канбайсың.
Бу дүйнөнү титиреткен ок эмес,
жанды эриткен үн экени кандай чын.

Бул үндү уксам жоголгонум табылат,
тоңуп калган жүрөккө от жагылат.
Багынбаган жүрөк кылыч, акчага,
так ушундай татына үнгө багынат.

## АКЫН БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВ
## дүйнөдөн кайткандагы ыр

Падыша мейли кайырчы,
Баарына бирдей караган.
Ырыска шерик калкына
Ырлары желдей тараган.
Барса келбес жонодү
Байдылда деген жан агам...

Тай кезинен таланттуу
Тар жерде ырды тапчу эле.
Даана кызып калганда
Таластай толкуп акчу эле.
Тиригарак бир топтор
Тийишмек болсо жакшы эле, –
Тилдерин кайрып тилине
Тийгизбей оозун жапчу эле.
Айтканы калган айткандай,
Акындан жонү башка эле.

Сыйлыкты уруп койбогон,
Сыймыгын элдин ойлогон.
Наамды уруп койбогон,
Намысын элдин ойлогон.

Уй, койдун ырын ырдаган,
Үңгүлуу элде жыргаган.
Улутчул дешип ургандар,
Сындырчу жерде сынбаган.
Тулпардай кайра туйлаган,
Турдакунду урбаган.
Билими тайкы бийликке
Бир дагы таазим кылбаган.

Күнү-түн дебей ырынан,
Күлүңдөп күндүн табы урган.
От болуп күйүп жалындап,
Окуган кайра сагынган.
Жомоктой сырга кабылып,
Жоголгон нерсе табылган.

Жарышты корсо элирген,
Жаншанып түшкон Теңирден.



«Ак калпак» деп элине,
Калпактай ыйык корүнгон.

Кыргыз деп кылым акканым,
Кыярбас ырды жазганым.
Кайталанбас, жыртылбас,
Жылдызы толо асманым.

Кабылбай ар кыл агымга,
Кайнаткан ырын канында.
Чайпалбас жана тогүлбос,
Деңиз сен кыргыз барында...

Гүл десем – эртең кыярат,
Тоо десем – бир күн кулаары ак.
Сен элге бүткон омүрсүң,
Өмүрлор бүтпой уланат...

Туткасың кармаар туудагы,
Тунук от сенсиң куудагы.
Кут чачып элде жашайсың,
Кудурет болуп ырдагы.
Өмүрго келээр коп акын,
Бирок, озүндой болбос бир дагы.

## ЗИНА ЖЕҢЕМЕ

Бакемдин ар кыл күноосүн,
Кекээрге албай кечирген.
Онтосо кошо онтошуп,
Жабыкса жаны эзилген...

Бир карыш жылбай жанынан,
Уктабай туруп таңынан, –
Баладай ороп Бакемди,
Бактыңыз жеңе абыдан.

Жакшы экен жеңе угуңуз,
Бакеме, жан кошор дары сундуңуз.
Аллалап он беш жыл бою,
Ажалдан сактап турдунуз.

Табылгыз экен уңгуңуз,
Таберик дары сундуңуз.
Он беш жыл бою кудайлап,
Бакемди, оо дүйнө бербей турдуңуз.

Чыдабай жаны жатканда,
Чырактай болуп күйдүңүз.
Күнүмдүк эмес түбөлүк,
Күйөөгө күйгөн үлгүңүз.

Койноктон койнок тандашып,
Көп аял үйдө жаландайт.
Он беш жыл эмес эркегин,
Ооруса, он беш ай сизче багалбайт.

Кирпигин терген көп аял,
Киргил сөз сүйлөп маландайт.
Күйөөсүн эмес энесин,
Эчен жыл сизче багалбайт.

## АПСАМАТ МАСАЛИЕВ

Эмес эле эл жегич,
Болчу накта коммунист.
Майын гана чыгарчу
Берилбесин кандай иш..

Таза туулуп атадан,
Таза, аруу жашаган.
Токтоо мүнөз жүрсө да,
Тоодой ишти жасаган.

Жулунбаган бийликке,
Жулунбаган байлыкка.
Жаштайынан жупуну,
Жашап көнгөн айлыкка.

Алса дагы тойбогон,
Жесе дагы тойбогон.
Азыркыга окшобой
Эл тагдырын ойлогон.



Турпаты бүт үлгү эле,
Туудай болуп жүрдү эле.
Тунук-тунук туйгундар,
Туулбайт тура күндө эле...

Эл тараза, эл элек,
Эл айтканы эң бир эп:
«Бул болгондо бул жашоо
мындай болбойт эле» – деп...

Болбой элге: «Эл жегич»...
Таштап артка олбос из.
Келбестикке керилип,
Кетти жалгыз коммунист.

Жаткан жери жай болсун,
Торко болсун турпагы...
Уулу өзүндөй болушун,
Тилейт элдин бүт баары!

## СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ

Ыр жаздыңыз жайдыр-кыштыр жаңылбай,
Жылуулугу – тообулгунун табындай.
Берекеси — берген сайын артылган
Арсланбаптын асылы мол багындай.

Пакиза, так бүтүргөн бүт дегенин,
Чаалыкпастан элеген ыр элегин.
Элин чексиз сүйгөндүктөн деп ойлойм
Алтымышта арыбаган себебин.

Өзүңүздөн бийик, терең жазганга,
Бата ыроолоп бак ачтыңыз жаштарга.
Батаңыздан алар коктой когорүп
Тоодой караан болду катар басканга.

Согуп камчы, карагерди «Чү» деңиз,
Соке, Сизге биздей ини сүйөнүч.
Канча фашисть кармаганың эсте жок,
Ыр калтарын кармаганың билебиз.

Колдогондур ушул суулар, ушул тоо,
Мүмкүн Кудай буйруп койгон тагдырдан.
Окту кечип, отту кечип аман-соо,
Келип октой жана оттой ыр жазган.

«Түсү ийгиден түңүлбө» дейт элибиз,
Түңүлбөйбүз түмөн ырды бериңиз.
Жакшы акындын жакшылыгы ошондо –
Жашка эч качан болгон эмес жеңилиш...

## ТУРАР, АМАН

Кайыптай капилеттен келе калган,
турушат тулпарга окшоп Турар, Аман.
Туманда тумчугам да, тунжураймын
турнадай туурунан ажыраган.

Алп талант, айбар кайрат, аруу дене,
эки азамат: «Мээнетти бүт элге, жерге
бердик!» – деп карс-карс күлүп катар бузбай
ары басып кеткен оңдүү азыр эле.

Бул экөө бирин бири табышкандай,
ыр эмес бу дүйнөнү жарыткандай.
Сүйлөшпөй турган сүрөт ээлеринде,
дүйнөлүк дүңгүрөгөн дабыш бардай...

Кырдагы түлкү болуп кырандаган,
тирүүнү бир алдабай миң алдаган.
Бу мезгил колго урунбас нерсе тура
азыркысы анан кайра уланбаган.

Бири Ай, бири Күндөй күйүп-жанган,
капырай кайда Турар, каякта Аман?
Убакыт көзгө илешпес нерсе тура
канатын бир каккан соң кайрылбаган...

Таланттын ташкындаган күчү менен,
кечээ эле басканда жер титиреген.
Бул экөө бул турмуштун көзү болуп
бизди тиктеп турган оңдүү келбестиктен.



Кан силкинткен кайран Турар, кайран Аман...
Күүлөрдөй аска, тоону жарып чыккан, –
күңдүр-түңдүр күңгүрөнүп жан күйгүзөт
көз жетпес, кулак укпас алыстыктан.

Кетерин ким тез, ким кеч, бул өмүрдөн
ким билет?! Көпкө бирге жүрөм дегем...
Каңырыгым түтөп кетти...
карап туруп
сүрөттү бирге түшкөн силер менен.

## АКАДЕМИК АБДУЛХАЙ АЛДАШЕВ

Салтты, наркты, санжыраны унутулган,
Изги сөздү издей берип таштан, кумдан.
Өзүңүз да аскага окшоп калыптырсыз
Атпай журтту бороондордон тосуп турган.

Жылгалардан акты жылдар аккан суудай,
Илим казып иштедиңиз атак куубай.
Эмгегиңиз колдон колго өтүп бүгүн
Барк жагынан баарыбызга болду туудай.

Эртеңкиге тилиңизден сыйкыр тамып,
Ошол сыйкыр ар жүрөккө жалын жагып.
Сиз жүрөсүз ар бир үйдө бак-бак сүйлөп
Басып жүргөн энциклопедия сыяктанып...

Коонорбос көрөңгөнү көктөн алган,
Таасын талдап тарых менен азыктанган.
Тыныстанов, Карасаев, Сыдыкбеков,
Сыяктанган арстандардан калып калган, –
Кубакай жүз, кут даарыган кутман карым,
Көрө билген кооно дүйнө кара, агын.
Уютулган алтынга окшоп учугу узун
Улутумда колго урунар колдо барым...

Уул-кыздан көп көрүңүз урмат-убай,
Өмүр жашка берекесин берсин кудай...
Атпай журтта Сиздей кары көп болсо экен,
Ар бир кыргыз ата кылып алуучудай!

## АКЫН КАКЕН АЛМАЗБЕКОВ

Алмазбектин Какени
Ырынын жок шакели.
Ар жазганы обонго
Алынган андай аз эми.

Тулпардай туйлап табында,
Турганда тѳртүп шагылга.
«Ичкич» деп жүргѳн ичтарлар
Эми, ѳрттѳнүп ичи жалында.

Түшсѳ да арак артынан,
Түк ѳлбѳс ырды калпыган.
Бурулуп келди ал бүгүн
Булбулдай болуп таңшыган.

Жолдордун тилеп ыраагын,
Жүрѳктѳн чыккан ыры анын.
Ѳлѳлѳп келет ѳчүрбѳй
Обондуу ырдын чырагын.

Ырдашат ырын жаш-кары,
Ыргалган базар мастары.
Оромпой тээп ѳтсѳ да
Какен, обондуу ырдын аскары.

## КУРБУМ КУРБАНАЛЫ САБЫРОВдун 60 жылдыгына

Жайнатып жазарыңда ырдан жаңы,
Ѳкчѳлбѳй ѳтүп кеткен кырдан ары...
Канча жылдап кабарыңды угузбайсың
Кандайсың кайран курбум Курбаналы?

Тийген айдын нурларынын кѳѳзун албан,
Таңдагы булбул куштун добушун алган.
Кырк кылым кандай болсо дал ошондой
Кыйкырып агып жатат Козу-Баглан.



Бир гана ѳзүң жоксуң, сен гана жок,
Куш кѳктѳ учуп барат сени жоктоп.
Алтын Бешик улуу тооң улутунат,
Уулуна ыйлагандай ата боздоп...

Тагдыр ушу тааныбайсың, унчукпайсың,
Тамылжып таңдан кечке тынч уктайсың.
Ѳмүргѳ ѳтѳ жарды болгон менен
Ѳмүрү узун-узун ырга байсың.

Мертиндиң ѳмүр деген улуу жолдо,
Батабыз сен жѳнүндѳ ар кыл ойго.
Тойуңа далай жолу биз келебиз
Бир да жолу сен келбейсиң биздин тойго...

Ырларын ырдап жазган, ыйлап жазган,
Ырларынан ырысы ообос бакыт тапкан.
Кайран курбум кара тоонун этегинде
Козу-Баглан сыяктанган Козу-Баглан.

*25.10.2002-ж.*
*Баткен*

## АКЫН ЖОЛОН МАМЫТОВдун эстелигин ачканда

Ойлогондой болбойт турмуш аттаганат...
Күттүрүп жылдан жылга, айдан айга,
сагындырып, акырында жоодур карап
Жолон бүгүн аралашты бизге кайра.

Ассаламу алейкум, акын Жолон,
тунжурайсың же бир күлбѳй, же сүйлѳбѳй,
тура калып катарлашың алып колдон
каткырыктуу калаага азыр жүр дечүдѳй...

Ырларыңдын ырайы бар ар бир гүлдѳ,
ташка айланган, жашка айланган акын Жолон.
Ошол ырың сени ѳлтүрбѳйт түбѳлүккѳ,
сени ордуңан козгой албайт эч бир бороон.
Эстеликти ѳзүнѳ ѳзү куруп койгон,
Ассаламу алейкум, акын Жолон!

күлүңдөйсүң,
тирүүңдөй шарт-шурт этип
чыга калган сыяктуу капыс жолдон...

*3.07.2003-ж.*
*Бишкек*

## КУРБУМ ЭРКИН ТАЗАБЕКОВду эскерип

Кол куушуруп чоңдорго
Кошоматты билбеген.
Болбос жан чоң болгондо
Күл болчу жери күйбөгөн.

Макала, кээде ыр жазып,
Жандилим менен сырдашып.
Жандилим менен муңдашып
Жүрчү элек бир кез бир басып...

Максатты койсо көшөргөн
Кашкойлугу бар эле.
Тамашаны көтөргөн
Кызыл өркөч нар эле.

Ырлардын болбой жөлөгү
Макалага кандырбай, –
Мәңгиликке жөнөдү
Маңдайкы тишин салдырбай...

Келкелсиз өмүр шумдуксуң,
Кеткенди кайра эңчүдөй, –
Өкүнүчүн турмуштун
Өлүмү менен жеңчүдөй.

Жашоонун көрбөй сайранын,
Жүрөктүн таппай ардагын.
Кейишке салып көптөрдү
Кете берди кайраным...



## КОМПОЗИТОР БЕКБОЛОТ АБДРАИМОВдун эстелигине

Обонун кайрып бир укмуш,
Оборен учту да бир куш.
Жүргөндү бирге эстесем
Жүрөгүм канап, көңүл муз...

Бар-жокко такыр карабай,
Бапырап жайнап баладай.
Бал даам, гүл жыт обонго
Бар күчүн берген аябай.

Музыка жактан балбаным,
Муңга алдырып алганым...
Жанашпас күнду ойлосом
Жалындап күйүт арманым.

Касиет, көркү жогору,
Кан-жандан бүткөн обону.
Бөлүнбөй топтон жүрсө да
Бөксөртүп кетти толону.

Тоо ылдый учуп кептери,
Толукшуп булут көчтү эми.
Таланты таасын уулуна
Томсорду тоонун кечтери.

Ырында суунун шаңы бар,
Өңү өчпөй күйчү шамы бар.
Эстелик болуп элине
Эмгеги калды таанымал...

*2004. январь*

## КӨҢҮЛ АЙТУУ

Жаш бутагын карт токой
Алдыргандай шамалга, –
Алдырыпсың балаңды
Амалы күч ажалга.

Башы бүтүн, боору эсен
Болбойт дешет жашоодо.
Желден башка минбеген
Чалма түшөт азоого…

Жогун билип пулуңдун
Жолобогон бир апта.
Ууздай жаш уулуңун
Убалы жетсин врачка.

Өлүп бара жаткандан
Өбөктөп сом сураган.
Жоголсочу жосунсуз
Жону катуу бу заман.

Чырпык сынса чынар бар,
Ал чынар аман болсун де.
Бөөдө кырсык, ажалга
Кабылбасын эч пенде.

*2003-ж.*

## АКЫН САЛИБАЙ ШАТМАНОВ – 70 жашта

Өмүрүн арнап салып ар кыл ырга,
Эч чарчабай эмгек эткен элибизге.
Кудурет колдоп келген акын ага,
Кут болсун келгениңиз – жетимишке.

Сүйүү, турмуш жөнүндө берип кеңеш
Олтурат маңдайында жаш катыны...
Бу Сакем жалаң гана Аксы эмес,
Атпай журттун ардакталган жакшы акыны.

Катаал турмуш канча кагып, канча эледи,
Мүмкүн андай болуулардын бар себеби...
Бирок Сакем акындардын арасында
Айтылуу аксылыктын Сары-Челеги.

Ырларыңыз тууган жерге кеткен жолдой,
Жашай берет кылым дарга өң-түсү оңбой...



Бу Сакем акындардын арасынан,
Көрүнүп турат дайым Бозбу тоодой.

Кызылын кызыл кылып, агын актай,
Кылчактап бир окуган кызыккандай.
Кызкыялын кытыгылап кыйла жылы
Кызыл-Жарга ырлар жазган Кызыл-Жардай.

Жакшы ырларды наам бербейт, мээнет берет,
Наамга кызыкпаңыз дегим келет.
Эл акыны болушкан акындардын,
Бири дагы Сизче катын алыша элек.

Наамы жок булбулдун да, торгойдун да,
Ушуга алтын Саке кол койгун да...
Конодон жайдак чыгып келген күлүк
Сыяктанып күн көрүнүз ыр койнунда.

*Аксы. 2002-жыл.*

## КАЗАК КОМПОЗИТОРУ БАЗАРБАЙ ЖУМАНИЯЗОВго

Сууга чөкпос, открo күйбос, чапса сынгыз,
Узак-узак жолду баскан ушул турмуш.
Бул турмуштун кош кареги сыяктанып
Дүңгүрөшүп жашай берет казак, кыргыз.

Көк асманга көкөлотот изги билим,
Сүттөй таза, суудай тунук бизге дилиң.
Ишиңерде болуп жаткан ийгиликтер
Биздин дагы, менин дагы ийгилигим.

Обонуңдун ар кайрыгы жанга дары,
Жаштыгына кабылгансып тыңшайт кары.
Казактын Базарбайы болуу менен
Базарбай кыргыздын да Базарбайы.

Анткени обондору аруу, сонун,
Жаңырат жүрөгүнөн Ала-Тоонун...
Бир келаткан комуз менен домбурадай
Бир бололу келечекте асыл, боорум.

Келипсиң мына бүгүн алтымышка,
Базаке, кудай берген жашты жаша...
Жетимиш, сексен, токсон барсаң дагы
Жүрөгүңдөн обон аксын мөлтүр, таза.

Айбат үнү жетип турган алда кайда,
Кыргыз, казак тоодон түшкөн эки дайра.
Эки эгиздин эгиздесин иштери деп
Мен кудайдан тилей берем кайра-кайра.

## КОМПОЗИТОР САРДАРБЕК ЖУМАЛИЕВге

Обондоруң октон коргоор зооттой,
Ырдайм аны кыйындыкты тоотпой.
Ар кайрыгы кайрылбасты кайрыган,
Ойго келбес суроолорго жооптой.

Агартса да обон кара чачыңы,
Ар обонуң асылдардын асылы.
Таланттарды ардактаган кыргыздын
Ашка кошуп иче турган катыгы.

Жетпес жерге жетип турган мукамы,
Унуттурган утурумдук ызаны.
Жаш баланын жадыраган кареги,
Жаш сулуунун жанды эриткен кучагы.

Сардар дагы чап саныңа камчыны,
Обондоруң алтындардын алтыны.
Канча муун бойго жетти, үйлөндү,
Сенин жыргал обондоруң аркылуу.

Кайрыктары кылымдарга кагылган,
Коңгуроосуң улам кооз жаңырган.
Уккандардын – жоголгону табылган,
Сагынбаган жүрөктөрү сагынган.

Жагалданган жаш сүйүүгө дилгирдей,
Жаркылдайсың алтымышты билдирбей.
Жана дагы жаш сулууга кабылып
Жаш жеңемди жана бизди күйдүрбө эй...



Күйдүрсөң да күлүп-жайнап, жүр эсен,
Өнөрүңдү өгө, кайра, бүлө сен...
Обон көктө сабаласын, ишке ашсын
Өмүрүңдө кандай тилек тилесең!

## АКЫН ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВ

Калыс болуп кары тоолор турат карап,
Шайлообек, казып бүтпөс казна, кенсиң.
Кошоматка кол куушуруп бүткүл дарак
Кулап калса ийилбеген арча сенсиң.

Хан шайланат, өзүңө окшош өрттөй акын,
Торолот элдин аруу тилегинен.
Шайланган — соро берет элдин канын
Торолгон – күйө берет жүрөгүнөн.

Ажыдаар жек көргөндөй карлыгачты
Өкүмдардын кек, өчү бар таланттарда.
Андыктан даяр карма алма башты,
Капилет чапчу кылыч, асчу дарга.

Коркпогун, чыныгы акын коркпой калсын...
Ырдын күчү кетсин сүңгүп кылымдарга.
Хан жыйнаган тоодой күмүш, тоодой алтын
Жетпейт сенин жазып салган ырларыңа.

Көзгө сайса жан көрүнгүс көөдөй түндө
Жол көрсөтүп жалындаган жалын өтсүң.
Улансын эки өмүрүң өлбөстүктө
Нарындай шаркыраган акын досум!

## СЫНЧЫ КАДЫРКУЛ ДАУТОВго

Агымы аска-зоону солкулдаткан,
Алайдын дайрасы сен күр-шар аккан.
Караанынды көргөндө эле халтурщиктер
Арстан көргөн чычкандай калтырашкан.

Сыр катып жазуулардай ташка жазган,
Сынтакпай сыны менен талантты ачкан.
Чын сөздү туура айтсак, Кадыкебиз
Чындыктай калкка күлүп келе жаткан.

Ысык-Көл сыяктанып мелмилдеген,
Адилет, ар бир сыны даана, терең.
Ою от, мааниси уу болсун үчүн
Туптуура жети жылаан тилин жеген...

Алтындан анча артык ар сын куну,
Анакей жылдыз болуп өчпой туру.
Такылда таптак жазган, таасын жазган
Таланттуу элдин таланттуу – Кадыркулу.

Алайдын тоолорунан ак кар кетпейт,
Азамат эр жетимишсиз белин чечпейт.
Аны айтып, буну айтып эмне кылам
Алты академик бир келсе да сага жетпейт.

Жүрсөң да талаа, түздө, улуу тоодо,
Аман бол, амандыгаң маган олжо...
«Баягыны баштайлы» – деп эрте келбе
Кел эртелеп баш каңгырап бош болгондо.

## АКАДЕМИК МЕЛИС АКМАТАЛИЕВге

Мактанбадың, төшүң какпадың,
Атуулдукту бийик сактадың.
Кыргызыңды элге таанытып
Кылымдарды бачым аттадың.

Жөпжөнөкөй сыртың ушунча,
Ичиң сырдуу Кочкор тузунча.
Сайра илимдин азап багында
Кара-Кужур булбул кушунча.

Үтүрүнө түнөп сүйлөмдүн,
Үйрөнбөстү окуп үйрөндүң.
Үмүтүңдү шамдай жандырган
Үлгүсү сен эл деп күйгөндүн.



Институттун жасаар жумушун,
Жалгыз бүтүп күлүп турусуң.
Улуу тоого улуу иш жасаган
Улуу тоонун улуу улуусуң.

Өзүңө өзүң курдуң эстелик,
Кумдан алтын издеп көшөрүп.
Айтматов сени көтөрбөй
Сен жүрөсүң аны көтөрүп.

Кымбат уулу кыргыз өлкөнүн,
Бар бол, бар бол, өссүн өркөнүң.
Эр азамат элге кул дайым
Эсептебейт берген эмгегин...

## АВТОПОРТРЕТ
## АКЫН ИНИМ ТУРГУНБЕК БЕКБОЛОТОВго

Кимдер келип кимдер кетпеген,
Жерге үрөндөй ырың чачылсын.
Жакырлыгың менен байсың сен,
Асылдыгың менен акынсың!

Кудурети күчтүү Жараткан,
Өзүңдү артык көрүп өңгөдөн.
Касиетти сага ыйгарган
Байгамбарга ыраа көрбөгөн.

Сезбести сез, туйгун туйбасты,
Жакшылыкка жашоо милдетиң.
Сен аркылуу болот эл жакшы
Кандай күндө кантип жүрбөсүн.

Сенде жашайт элдик намыс-ар,
Даңктап ырдап аруу сүйүүнү.
Күнөөсүнөн сенсиң куткарар
Өлгөндү да жана тирүүнү.

Элиң менен өлүп, турмушка
Тирилесиң кайра эл менен.
Тамырың бир Улуу Чындыкка
Теңир колдойт сени бийиктен.

Жер үстүндө тамга болбосо
Жылдыздардан тамга жазап сен, –
Ыр жазмаксың ташка, обого
Ысыктыгы Күнгө тең келген.

Канатында чексиз Мезгилдин
Калсын атың, калсын арманың.
Элестетсин өлбөс өмүрүң
Чагылгандын жарк деп жанганын.

Татаал жолду тагдыр тандаган,
Ырың нурдай көккө чачылсын...
Бирөөгө учкан окту кармаган
Баатырдыгың менен акынсың!

## БУРУЛГА

### I

Жайлоодо жашыл гүлдөй жаркылдадың,
бакыттын канатында калкылдадым.
Шоокуму шүдүрүмдүн күлкүсүндөй
шок мүнөз, аккуу моюун алтын жарым,
өмүрдө өзүңдөйдү таба албадым,
ырымдын ар бир сабын сага арнадым.
Сынчылар тиги акындын таасири дейт
билишпей сенден гана жаралганын.

Боздогон бороондордо өзүңө ыккам,
кайгырып келгенимде күлүп чыккам.
Кээ бирде сага ыраазы боло берем
буйруган тагдырыма сансыз кыздан.
Куш болуп жарыша учтук көк асманга...
Ат болуп жарабаган арабага
калсак да
калбааттанган кадыр турсун,
кеч тийсин ажал огу сага, мага.



### II

Жазда, жайда, мейли күздө, кышында,
таңда, кечте-койчу бардык учурда,
кан кайнатып какшай берет кашайгыр
бу катындын катындыгы ушунда.

Мал тойгондо маалкатат, оттобойт,
май түгөнсө машина да козголбойт.
токтойт бир кез радио, теле да
бирок мунун «булбул тили» токтобойт.

Кайра кайтып келген өңдүү мүчөлү,
карган сайын жол жоргосу күчөдү,
тирүүлүктүн базарынан кайтарда
кайран өмүр кайгы менен бүтөбү?..

Чалжыраса чач агарат, чыкпайт дем,
чемпион бул жекме жектен жеңгенден, —
кыйгач карап кызыл тилин безесе
безе качып кеткиң келет эл-жерден.

«Айтыш» жактан эч бир аял ашалбайт,
жаалын төксө жан тиктөөгө баталбайт,
азайышы мүмкүн жамгыр, кардын да,
бирок бунун «сармердени» азайбайт.

# АРЗУУ ЫРЛАРЫ

* * *

Ойум болуп орноп калаар көңүлгө,
чын сүйүүмдү чыгарбайт деп төгүнгө, –
ышкы отуна миң бир ысып, миң муздап
ырлар жаздым, жалгыз өзүң жөнүндө.

Сан түйшүккө салган менин жанымы,
ушул ырлар жүрөгүмдүн жалыны.
Сагынычтын санжырасы сап болоор
салкын окуп, салып койсоң далыңы.

Жаркынайым, жаны биргем жакшы ырга
сен да мендей серпил, эрги, ташкында, –
ал анткени жүрөгүмдөн тамган зил,
жана көздөн агып турган жаш мында…

* * *

Жалт эте ~~түшсөң~~ калсаң көз ирмем
селт эте түшөт куу дагы.
Балбылдап турган көзүңдөн
бал боло калат уу дагы.

Этектейт сени булут, суу
эзиле карап калышка.
Аскалар мойнун сунушчу
бут таппай басып барышка.

Күнүлүк кылбай гүл андай,
күлүңдөйт улам суктана…
Ааламды кармап тургандай
апакай ушул кыз гана!



* * *

Агып барам…
албуут сүйүү селинде
байкамаксан болуп турбай бой таштап, –
сууну жиреп, кол сун, кыйкыр, безилде
мени кармап калыш үчүн айла тап.

Күйүп барам…
жалынына сүйүүнүн
карт арчадай качырып да бачырап, –
ушул орттон сактап калар үмүтүм
жалгыз сенсиң, куткарып кал батырак…

* * *

Кадырды билген ай тамак
Турганда тирүү жан ушу, –
Өзүңө гана арналат
Жүрөктүн ар бир кагышы.

Караба мени коңулсуз,
Жүрөктүн эч жок күнөөсү.
Өзгөчөм, өтпөйт өзүңсүз
Өмүрдүн бир да мүнөтү.

## ӨЗӨК БОЛ

Көрүшөр замат өңгөдөн
Өзгөчө көрүп дегдегем.
Эсимден тангам: «Эмне үчүн,
Эмне үчүн мурда көрбөгөм?»

Айталбай коркуң тил менен,
Апкаарый түшүп «Гүл» дегем.
Эзиле берем: «Эмне үчүн
Эмне үчүн эрте билбегем?!»

Жан-алым калбай сүйлөөгө
Жаңырып обон каныман –
Жайнадым жарык дүйнөгө
Жаралган өңдүү жаңыдан.

Туйлады жүрөк булкунуп,
Туйгундай көктө ырдадым.
Кечээгим бачым унтулуп
Эсимен чыкты мурдагым.

Тоо суусу тунук күздө аккан,
Чыныгы бакыт келет кеч.
Жылдардан жылдар таппаган
Бакыттай жаным сени эстеш…

Сүйүүдө эрте, кеч болбойт,
Жолуктук туура маалында.
Өмүргө жаным көз тойбойт
Өзөк бол өзүң жаңы ырга…

* * *

Кандай аял, аял кандай!
Жазгы гүлдөй, жайкы таңдай.
Ыр шимирип, обонду эмип,
Күүдөн гана жаралгандай.

Кандай аял, аял кандай!
Сөзү балдай, көзү шамдай.
Дүйнөдөгү бүт сулуулук
Так ушундан таралгандай.

Кандай, кандай, аял кандай!
Төшү кардай, көзү шаңдай.
Көргөн эстен тансын үчүн
Көктөн бизге келген жандай.

Кандай аял, аял кандай!
Өзүнө тең жары барбы ай?!
Жары болсо, болсо болсун
Карагым бар кумар канбай...

* * *

Алоосу жүрөк жандырган,
Алкымы эстен тандырган.
Жүзүмдөй сулуу, жүрөктөн
Жүргүзүп ийди канды ылдам.



Көргөндө көздөн жаш чыккан,
Көкүрөк селт деп аптыккан.
Өкүнүч өгөп көңүлдү
Өзгөрткүм келди жашты ыкчам…

Жан жактан обон жаңырат,
Жаштыктын жалын табы урат.
Жайлоонун жашыл гүлүнөн
Жараткан белем табият?!.

Ачылган гүлдөй эрини,
Алдырат ичке демиңи.
Ушу окшойт ушу дүйнөнүн
Уздай таза, жеңили.

Ким жетет буга умтулуп?..
Турганын көрчү кулпуруп.
Турнадай мойну туйлатып
Тумчугуп барам тумчугуп…

* * *

Көзүмдү жумсам көзгө сен
Көрүнө бердиң түн бою…
Өзүң деп өлдүм, өзгөчөм
Өптүрүп койчу бир жолу.

Түн сайын түштө кезигем
Атыңды улам күбүрөп…
Жыргалым, жыргал бетиңден
Жыттатып койчу бир ирет.

* * *

Колуңа колум тийгенде
Туралбай калам бир жерге.
Кайратым жетпейт: «Мен сени
сүйөмүн!» – деген сүйлөмгө.

Көзүмдү көрүп көзүңөн,
Колкулдөп күндө эзилем.
Жанымды өрттөп бараткан
Жалынды кантип өчүрөм?

Сен менен түштө бир жүрөм,
Ойгонсом жоксуң... күйдүм эң.
Кашайтып канды кайнаткан
Кайгымды кантип билдирем?!

* * *

Кыялыңдын билбейм чыны кандайын,
Кылым бою бир жүргөндөй ар дайым, –
Каректериң кан эритип, жанды эзет
Кайсы күнү жолугушуп калбайын.

Кайсы күнү жолугушуп калбайын,
Сугум артып сурай берем ал-жайың.
Бал-бал этип көз алдыма тартылат
Бакытымдай бажырайган маңдайың.

Бакытымдай бал-бал этет маңдайың,
Жаралгандан жаны бирге жандайым.
Жарк деп койчу, дагы бир жол карачы
Карашыңа өмүр бою канбайын...

* * *

Ууз даам, ууз жыттуу укмуш сенсиң,
Улуу тоодон улуу тоого учкан желсиң...
Жаркынтайым, жарым күндү мындай койгун
Жарым мүнөт унутууга жетпейт эрким.

Эриндерден эрип түшкөн ысык илеп,
Эринимде эс тандырып эрип жүрөт.
Элесиңди эстей калсам ошол замат
Ээ-жаа бербей эт жүрөгүм ырдап иет.

Куш бооруна баскан оңдүү балапанын,
Боорума кысып эрип баратамын...
Кудайым ай, шунча жашап билбептирмин
Кучагыңдан кут даарыган таң атарын.

* * *

Гүлдөр күлөт карап көкмөк асманды,
Бодонодой боксо адырлар тоону улайт.
Жондон ылдый жоргологон жол дагы
Жорүгүңду эстеп алып жоодурайт.



Батар күнгө бал-бал жанып бараткан
Канаттарын алоолонтуп сансыз куш, –
Обон менен сага гана жарашкан
Күүсүн төгүп, даңктап ырдайт сени укмуш.

Өз боюна укканын бүт сиңирип,
Дайра көлбүп агат даркан талаага.
Балалыктын таза оюна киринип
Ороолосуң ойлоруме, санаама.

Анан аста колдоруңду кармайм да
Угам дабыш... угам укмуш сонунду...
Сени ойлогон ойлоруме канбайм да,
Мен бар кылып алгансыймын жогумду.

* * *

Кандай эне төрөп сени,
Өстүрдү экен кандай ата?
Жоогазындай жоодурайсың
Жолукпайын кайсы убакта...

Жүзүң нуру – көктөгү айдын,
Гүлдөн назик, суудан таза!
Көргөн оңдүү өмүр айтын
Көрсөм жыргайм бир башкача.

Тилек тилейм: – Оо, Жараткан,
Калтыр муну так ушундай.
Көлдө калкып бара жаткан
Алтын канат бир ак куудай.

Кайгы-муңдун кара ташы
Баскан кезде очорултуп, –
Ал азаптан арылайын
Каректерин карап туруп...

Уксам болду бир күлкүсүн
Төрөлгөндөй болом жаңы.
Дайым антип жүрүш үчүн
Керек мага анын бары!

* * *

Жоолуктай илип мойнуңа
жондогу Күндүн желесин –
жоодурап жаштык ойнуна
жоогазын болуп келесиң.

Жоругуң сенин ыр кылып,
унталбай жүргөм күн-түнү –
жылмая карап жымыйып
жыргалды чачкан күлкүңү, –
Элде жок алтын данегим,
эч качан эстен кетпейт эч,
кылгырып уяң карегиң
кымсынып үнсүз турган кез.

Шыбыра үнүң угайын
курбуңа убай жегизбе,
кучагың тосчу кулайын
кулаган оңдуу деңизге…

## КӨЗҮМ БИР АЗ ИЛИНСЕ

Айтчы, кандай немесиң?
Көзүм бир аз илинсе, –
кермаралдай элесиң
кире берет түшүмө.

…Кирип барам болмоңо,
алган демим угулбай.
Көзмончоктой колмодо
койколгон тоо куундай, –
сен жатасың… коркүңөн
ким табалат бир айып?
Олоң чачың жел өпкөн
жаздык ылдый булайып.

Так этсин тил таңдайга,
тамшана бир: «Ах!» дечи.
Титирейт ай нурунда
ак мамагың ак чети.
Кара жаным кашаят,



мамагыңан нур агып.
Ак шейшебиң азамат
кулап кеткен уялып.
Дир-дир эте дилдиреп
дем чыгарбай демиге,
титиреп да, үлбүрөп
тиет эрин эрдиңе.
Эмне деген керемет!
Эриниме эрдиң эп…
Билбей мурда мындайды
кайда жүргөм тентиреп?!

Айтчы кандай немесиң?
Көзүм бир аз илинсе, –
кермаралдай элесиң
келе берет түшүмө.

* * *

Тартынбай, эч бир ийменбей
өзүңдү өзүм сүйгөндөй
сүй мени…
ушул дүйнөгө
бир милдет тура бир келмей…

Билдиңби жашоо жалганын?
Сүй мени, сүйгүн ардагым,
калбасын канда бир тамчы
Арманым жана арманың.

## КУЧАГЫҢ МЕНЕН КУЙКАЛА

Күлкүңдө сенин сүйүү бар!
Бир эмес мага жүз келип –
Жүрөгүң менен жаш ыргал
Жүрөктө жүргөн музду эрит…

Сезимден бүркүп жалынды,
Сен десем кетсин жара ырбап…
Салкындап соккон канымды
Сагыныч менен жалындат.

Кут даарып, ырыс улантып,
Куюлуп турсун ыр сага!
Куураган жанды кубантып
Кучагың менен куйкала.

Чыгарып копко даңкыңды,
Дайрадай толкуп агайын.
Бир жолу жазып жарпымды,
Жыргалга бир жол канайын!..

* * *

Мен сүйүүдон мындай сүйүү күтпогом,
Сени ойлосом алоолонот бүт денем.
Карап корсом бир да карек болбоптур,
Мени сендей мээр того тиктеген.

Шамалда да шайыр кайрык бар экен,
Мен корбогон күн коргоздүң мага сен.
Жер үстүндо сенден сулуу болсо да
Бирок, бирок жок окшоду сага тең.

Каткырыгың кокто куунун канаты…
Жараткандын кыянатын карачы,
Жашыбызды жакындатуу ордуна
Жасаганы – асман жердин арасы.

Койнокко эмес, күүлорго ороп, ырга ороп,
Алып жүргүм келет айтып миң жомок…
Жашты теңеп бербесе да Жараткан
Сүйүү теңеп берсе бизге не болмок?!

Жашын билбей агат дайра, ал агат,
Таза сүйүү тагдыр билбей жаралат.
Жаш эсебин унтуп салып, күн сайын
Баргым эле келе берет сага бат…

* * *

Конгондой болду колума ай,
Жасалга сенсиң жаңы ырга…
Кубанган күнүм кайгыдай
Болбосоң жаным жанымда.



Бүтмокмүн… сени таппасам,
Жанга айтпас сырым аз укчу…
Балбылдап бирге баспасаң
Бакыт деп билбейм бакытты.

Күн эмес сенсиз Күн дагы,
Гүл сенсиз — кудум куурай чоп.
Өзүңсүз куурал-жыргалым,
Сенсиз жан олгон оңдонот.

* * *

Угулса ысмың күтүлбой,
Кайыптан келет ыр жанга.
Корүнсо жүзүң жүзүмдой
Жүрогүм окшойт тулпарга.

Элесиң түштө жарк этсе,
Эсимен тана кубанып, –
«Корсот!» – деп ыйлайм таң кечке
Үнүмдү үнсүз чыгарып.

* * *

Түшүмдо же бир оңүмдо
Соз болсо сүйүү жонүндо.
Турна моюн, бото коз
Турасың дайым коңүлдо.

Мойнуна кайра илгендей,
Тумарын карап ишенген.
Жүзүңдү жатка коргозбой
Жүрокко ката коем мен.

Сагынчка сезим жандырып,
Коргозбой козүң эч жанга, –
Жүроктон сени алпчыгып
Сүйлошом жалгыз калганда.

Сүйлошом кайгы, кападан
Жеңилдеш үчүн сүйлошом…
Калмакмын олүп эчактан
Жүрокто озүң жүрбосоң.

* * *

Тагдыр буйруп, бир күн өлмөйүн,
Тартуу милдет турмуш койгойүн.
Жеңилдетип ошол койгөйдү
Сен кел дегин, мен да кел дейин.

Көздөр көздөн өзүн көрүшүп,
Көкүрөктү коркуң эритип.
Бу дүйнөгө жаңы келгендей
Жаркылдайлы жанды болушуп...

Жанга айтпасты жанга уютуп,
Жашыл колдо куудай куушуп.
Тазаралы булак, булуттай
Тар дүйнөдө муңду унутуп.

Эй, жан эркем, эч бир кыйбасым,
Күн жылбасын, саат жылбасын.
Жүзүбүздү нурдай албыртып
Жүрөк гана үнсүз ырдасын.

Жаш жүрөктүн агып жаш ыры,
Токтоп калсын мезгил закымы.
Баркы өйдө бардык алтындан
Бул жыргалдын жарым татымы.

Жек көрүүлөр кетип кандагы,
Көп-көп болсун көңүл майрамы.
Экөөбүздүн ушул сухбаттан
Эрип тийет көктөн ай дагы.

Сен күнүмдөй такыр батпаган,
Бир сүйлөшсөм бир жыл шаттанам...
Бактысыз жан келип өмүргө
Жан бөлүшөр сүйүү таппаган.

* * *

Бир жыгылып кайра туруп,
Алай-дүлөй, бороон улуп.
Калдалаңдайм караңгыда
Кар тозоңу бетиме уруп.

Тыным алсам, тил акактап...
Бети-колум жалап-жуктап, –



Кар шилеген шамал колу
Сенин колуң сыяктанат.

Зуу-зуу этип шамал боздойт,
Зым карагай түбүн копшойт.
Анын үнү мени кел деп
Сен чакырган обонго окшойт.

Кептелсем да кээде жарга
Керем арыш улам алга
Карегиңди көргөнсүймүн
Жылдыздарды караганда.

* * *

Таңда сайраган булбул, торгоюм,
Максаты сенсиң максаттын.
Кайда жүрбөйүн, кайда болбоюн
Жүрөктө дайым сен барсың.

Сени эстебей кантип уктадым?
Чыдатпайт сагынч мүнөткө...
Колдо сүзбөйүн, көктө учпайын
Жүрөсүң жаным жүрөктө.

* * *

Чачыңдай жазып таң нурун
чачканда жашыл токойго,
оймоктой болгон алтыным,
ойгонор замат мени ойло.

Чалкалап турган чагында
чайынып нурга кара тоо –
мени ойло жаным дайыма,
жатпасаң дагы сен ойгоо...

* * *

Жаңырып учкан дабыштай
Жолукпай кеттик биз такыр.
Кылтылдап турган кайыктай
Кыялды эркем ишке ашыр...

Кызганыч, ыза жанды эзип
Кызыктуу обон жаңырды.

Жалынды жалгыз терметип
Жаныңды жаным сагынды.

Билгенди билдир түшүнтүп,
Болбосо сөзүң ачык айт.
Көздөрүм күйүп үшүнтүп
Бир гана жолу чачырайт.

* * *

Баралбай сенин жаныңа,
алыстан карек талыттым.
Шар аккан суунун шарына
сагынчымды агыздым.

Бутактан булбул таңшыды,
буулугат жаным, көңүл кир.
Айталбайм андан аркыны
аржагын жаным, өзүң бил.

Күлкүсү күмүш жан эркем,
күндөрдө күйүт кыйнаган, –
Өзүңдү эстей калып мен
өлбостөй болуп чыйралам.

* * *

Ойгондук да, кайра уйкуга
Кирип кеттик сууга киргендей.
Бактылуудан ушул жарыкта
Болсо болоор бир сен, бир мендей…

Ырдай берип сыйкыр ырыңды,
Бир соо жерим койбой өрттөдүң.
Жаның жанга күүдөй куюлду,
Билбей калдым түндүн өткөнүн.

Изин кууп ошол күлкүңүн
Аруу жүзүң өпкөм аста мен…
Бүт байлыгы жетпейт дүйнөнүн
Ошол түшкө түштөн кетпеген.



* * *

Түгөтүп бардык аргамды,
Ашар деп ишке үмүтүм.
Олтурам тиктеп пардаңды
Кирпикти какпай күнү-түн.

Күч качып, кайрат бүктөлдү эй,
Кабылган күйүт, кайгыдан.
Кашыктап дары ичкендей
Каттарың окуп айыгам…

Ким унтат жаштык кубанчын?
Калса да кобү эстелбей.
Керемет кеби, деми алтын
Кез болбос ошол кездердей.

* * *

Жетем  деп жетпейм чыгынып,
элесиң мага эң дары.
Керемет куштай кубулуп
келем деп айтпай кел дагы.

Кел жаным, келчи тез бачым
билинбей, жанга байкалбай.
Карегим күйсүн, жайнасын
калайын бир сөз айта албай…

* * *

Өзүмө сен келериңде
жаап салган карды мен, –
каар чачып караймын да,
караймын да эритем.

Нөшөрлөнсө жаз жамгыры
таңдан кечке бир тынбай,
тып-тып тамган ар тамчыны
кайра артына кубалайм.

Көрөркөзүм, келгин мага,
келгин мага күнүгө.
Шашып чыккан шамалды да
камап коем үйүмө.

Ак булутту ак жоолуктай
кармап турам колума.
Эч эч нерсе сага жолто
болбоо үчүн жолуңда…

Күн деп

* * *

Күткөн жаман, күткөнгө эрк чыдабай,
эшик кыйч деп кетсе «селт» дейм элеңдеп.
Күн кеч кирбей, же таң атпай, кудай ай
таамп кетер тамчы болдум сени эстеп.

Көздөн учат көзмончоктой караның,
жан кейитип жабыкканым жан укпай…
Сенден алыс жүргөндөгү абалым
көлдөн чыгып туйлап турган балыктай.

## ДАГЫ КҮТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Сөзүн укпай эч кимдин,
күйгөн бойдон жалынча, –
учуп келет дептирмин
эгер мени сагынса.

Убайымды чектим миң…
Угузбай эч дабышын –
жетип келет дептирмин
желдей таштап арышын.

Керемет нур себелеп
келер жагың нурданат.
Жүзүм жүзүң өбөм деп
жүрөк туйлап турган ат.

Жол карап көз акыйды,
ошобу? Жок. Мына-ана…
Ак басты окшойт чачымды,
азабымды сураба…

Не кылсам бул сезимди?..
Күлүңдөгөн аппагым, –



күтө берип өзүңдү
күйүп кете жаздадым…

Суу түбүнө сүзгөндөй
салдың башка мүшкүлдү.
Мен өзүңдү күткөндөй
же бирөөнү күттүңбү?..

## ЭҢСӨӨ, КУМАР

Эңсөө курсун эс-акылга багынбайт,
Эзип жанды жалындайт да жалындайт.
Эстебейин десең кайра эстетип
Эзели бир айыкпаган жара ырдайт.

Ырдап эле токтоп калбайт, токтобойт,
Козголбогон нерсеңи бүт козголойт.
Азап арбын ушул жарык дүйнөдө
Бирок бир да азап буга окшобойт.

Күлгө айланып, гүлгө айланып уйпалайт,
Уйпалайт да дем чыгарбай куйкалайт.
Көкүрөктөн көк түтүнүң көк жарып
Көздөрүңөн уу аралаш жамгыр жаайт.

Мүнөт муздай тоңуп калат, эрибейт,
Чапкан капкан, чапкан жерин жибербейт.
Жан түгөнөт
бирок, бирок эч качан
Эч убакта эңсөө, кумар түгөнбөйт.

Каның кайнап кара жаның кашайат,
Каяшага кайрат жок да, аз айбат.
Эки дүйнө эскирбеген ыры бар
Эңсөө, кумар эч убакта азайбайт.

* * *

Сай бойлоп жүргөн күн эсте…
Санаадан кетпес сары алтын, –
Кирпикке көтөр, кирпикке
Кирдеген көөнүм агарсын.

Тыңшаган жанды таң калтыр,
Куушуп өтсүн айдан жыл.
Кара көз, жаным жашартып
Кайгымды ырга айландыр.

Өткөндү кайра жандырып,
Жагоодой болгон жан эркем –
Жогумду кайра бар кылып
Кайырып тургун баарын сен...

* * *

Маңдайы жарык, ак кабак,
Соогу таза, бою алтын.
Көргөндөр сени макташат
Жашырбай көргөн кубанчын.

Балапан үндүү, бал тилдүү,
Бажырайган башкачам.
Жоругуң сенин көрбөсөм
Жоголмок окшоймм капкачан.

Кызгалдак жыттуу, кылыктуу
Кылымда чыкпас сендей жан.
Жалт эте жыргап карасаң
Жашара түшөт улгайган.

## АЗГЫРУУ

Эй, жаш сулуу, мени сынап
Кечте келсең жолугууга –
Бир падыша жалжалына,
Бир дагы хан ардагына,
Бералбаган берем белек...
Эгер күлүп, мага эркелеп
Камдан десең: «Той ырына»...
Ай-ааламда учуп жүргөн
Ажайып бир арген үндөн
Мончок тагам моюнуңа.

Куса болсоң сагынычтан
Мурда барып учкан куштан,
Ай нуру эмес Күн нурунан,



Күн нуру эмес, Ай нурунан,
Экоон кой, андан аркы
Жылтылдаган жылдыздардын
Жыты сонун нурларынан
Килем токуп олтургузам.

Анан канга кошуп канды,
Анан жанга кошуп жанды,
Арманы жок кош аккуудай
Аралайбыз булуттарды.
Жылмаябыз жылдыздарга
Каткырабыз Айды карап –
Жыйылбаган жыргалыбыз
Жамгыр болуп жерге тамат.
Учкандан биз жадабайбыз,
Жадабайбыз, жадабайбыз.
Бирибизсиз бирибиз эч
Бу дүйнөдө жашабайбыз.

Жарым карыш болүнгөнгө
Жарым мүнөт жаным түтпөйт.
Миң маршрут бүтсө дагы
Бир махабат жолу бүтпөйт.

* * *

Жүрөктү эзип аппак жүзүң Айдан ак,
Жанды ысытам дегем колуң кармалап.
Күтүп, күтүп жадаганда жонодүм
Жалбырак да жадаганда саргарат.

Корүп калып караанынды Айдан ак
Чуркап барам, калдаландап «кайдалап»...
Каалаганда канат бүтөт адамга,
Сүйүнгөндөн муз да сууга айланат.

* * *

Каратып үйүң күн кечке,
Кашайтып жанды, дилди эзбе.
Кыпкызыл болгон гүл дагы
Кыярат билсең бир кезде.

Жагоолуу куштай жалжылдап,
Жанашып жанга жан жыргат.
Күн чыкпайт дайым күлүңдөп,
Ай турбайт дайым балбылдап...

* * *

Эстесем жыргайм кайталап,
Эч нерсе жетпейт – а кезге.
Бакытка тунуп бар тарап
Балкыган убак дале эсте...

Мүнөт жок андай бир дагы
Мүрөктөй тунук таптаза.
Башкача чыгып Күн дагы
Ай көктөн батчу башкача.

Куш үнү башка кубулжуп,
Куюлуп кетчү каныма.
Күлүңдөп гүлдөн чыккан жыт
Мас кылар эле дайыма.

Элжиреп эрип эки көз
Жүрөккө жүрөк сунулуп,
Керексиз болуп бардык сөз
Кетчү элек бир жан туюлуп...

Өбүшсөк эрин бал татып,
Экөөбүз анда башка элек...
Үйөрлөп ичтен кан ташып
Тулаңда туйлап жатчу элек.

* * *

Жарк эте күлсөң жаркылдап
Күйгөнгө жүрөк аз калып...
Жатпадык беле жан жыргап
Жаагыңды жаагым жазданып.

Карегиң булак түбүндө
Карарган таштай жалтырап,
Уч-түпсүз ушул дүйнөдө
Экөөбүз гана бар сымак –



Учпадык беле үн-сөзсүз
Унутуп салып куракты.
Билинбей анан экөөбүз
Бир киши болгон сыяктуу
Турбадык беле көлкүлдөп
Көлөкө түшүп жапжалгыз...
Көрчүлөр дагы көрсүн деп
Көп турбай неге кайтканбыз?..

Алпейим мүнөз, аркар төш
Карашы жанды эриткен,
Конулдөн чыкпас көрөркөз
Көрүнбөй кеттиң неликтен?

Жүрөсүң кимге эркелеп?..
Жүдөдүм эркем сени издей,
Теңтушун таппай темселеп
Тескейде калган эликтей...

* * *

Кимге айтасың жан сырың?
Кысталыштай кыйылба.
Үшүп кетсең алтыным,
Үйдү койгун кир ырга.

Пайдасы үчүн жалпынын,
Сен кабылсаң бороонго.
Очокко эмес алтыным,
Оронуп ал обонго.

Жолдо калат ашыккан,
Мактаганга семирбе.
Күйүт келсе капыстан,
Күүлөр менен жеңилде.

* * *

Кайталанып кайран сөз,
Каалгып калган убакта.
Карлыгачтай кара көз
Карашың менен кубатта.

Жазгы күндөй нур жайып
Жаркылдап келип жаныма, –
Жылдыздай күлүп жылмайып
Жыргалың чачып дарыла.

* * *

Жандырып улам үмүтүн,
Жалына берген назданып...
Жалынчынан сүйүүнүн
Ушул дүйнө жапжарык.

Зынданда мейли күн откор,
Кел десе сулуу кел учуп.
Бир каккан үчүн жүрөктор
Эзелтен ушу Жер ысык.

Артылып бири бирине
Тартылган үчүн жуп кучак, –
Тартылып турат бу дүйнө
Бир бирин сүйүп, ызаттап...

## ЭХ, ЖАШ ЫРГАЛ

Күндөлүгүң окуп алып
ак сүйүүңдөн
келип мага кан дүргүткөн
улуу муң, –
кабыргамды кайыштырып
ай-талаада калып калган
карышкырдай улудум...

Ал жигитти
таап ушул саатта:
«Не көрбөйсүң арзууну» – деп...
чапкым келди жаакка.

Ал жигитти
жердин бетин жети айланып
издеп жүрүп кармап алып, –
Күндөлүктү колго берип
окуу – деп
түшүнбөсө тун сүйүүнү
айткым келди «жинди» деп...



Зыркыратып сезимдерим эң ички,
Күндөлүктөн көрүп турдум
жүрөгүнөн кан шуушундөп
агып турган
эликти.

... Арзууң жазган Күндөлүгүң
ак никесиз төрөп алган бала окшотуп
жашырбай жүр жашырба, –
ким болбосун бир сүйүү бар
ар бир жандын башында...
Бу дүйнөгө жаралганың бакыт, бакыт
ак сүйүүгө кабылганың
андан дагы зор бакыт.

Балапандын уясындай ыпысык
Күндөлүгүң куду Күн –
сыяктанып ырдап берди
гимнин тунук Сүйүүнүн.
Эй, жаш ыргал,
ал сүйгөнүң сүйбөсө да
аны сүйүп жүрүү дагы бир жыргал!
ал андыктан
ар мүнөтүн жылга бергис
ар бир сөзүн ырга бергис,
кут болсун дайым сага
жыргалың кетсе келгис...

Эх, жаш ыргал...

* * *

Эстеткен тоонун башатын,
Эркетай, аруу, тазасың.
Өңүңө өзүн окшошуп
Өзүңдөй ырды жазасың.

Ырыңдын – сырдуу саптары,
Көрүнөт аалам асманы.
Бурулуп сайрап берсем дейт
Булбулдар жашыл бактагы.

Жараткан сүйүп сыртыңдаң,
Жараткан окшойт сыйкырдан.
Кыяра түшөт заматта
Кылгыра тиктеп кырчын жан.

Жандырган адам үмүтүн,
Перисиң, же ыр пирисиң...
Булайып коктон көрүнчү
Булуттай болуп бир үзүм.

Армансың айтпас дилдеги,
Жарыксың айсыз түндөгү.
Жылмайып эле койгонуң
Жыргатып коет дүйнөнү.

Пейилиң, коонуң ырга арна,
Бейчеки күлбө, жылмайба.
Коргондо жүрөк туйласын
Туйтунуп тунук жыргалга.

## КАНДАЙ ЖАНСЫҢ КАНЫМ МЕНЕН ЖҮГҮРГӨН

Жан сергиткен эски, эски ырлардай,
эмнегедир эске түшүп кайдагым...
Сенин үнүң угуп жыргап тургандай
үнүн тыңшап турам аккан дайранын.

Колоколор тийип бири бирине
күңгүрөнбөй күмүш үндө шыңгырайт.
Жалт-жулт эткен таш дайранын түбүндө
сенин көзүң сыяктанып жылтырайт.

Кайран күндөр кайтмак кайда артына?
Дабыштардан дааналанат элестер,
дайра өмүрү тамган ар бир тамчыда
а меники сенде. Секин желет жел...

Бир карасам алкындырып жүрөктү,
алоолонуп кан жалын да, жан жалын...
Койдум, койдум. Эстебейин. Ал өрттү
аста өчүрсүн шапатасы дайранын.

Кандай жансың каным менен жүгүргөн?..
Шүүдүрүмдүн дарыяга тамганын, –
тиктеймин да эстөө менен тирилтем
ал күндөрдүн эстен чыгып калганын.



Көторалбай калган кээ бир кездерде
сагынычтын сары тумандай салмагын.
Амандыгың тилей берип күн кечке
өзүм дагы жыргай түшөм ардагым.

* * *

Саа телефон чалбаймын эч убакта,
чалсам колум шал болсун шол заматта
дегенимди унутуп, эй эссиз кол
туталанып трубканы кармап калба...
Кескиленип калсын колум барча-барча,
бутум дагы шал болсун сага барса.
Калың элдин арасынан карааныңды
сокур болсун карегим көрүп калса...
Деген элем...
дегенимен бүгүн танып
шал болсо да бир колум шал болсун деп
чыдай албай саа телефон чалып алып
ушул бутум бир заматта сага апкелди
сага апкелди сагынычка куйкаланып!
Колкулдөдүм көрүп сыйкыр көздөрүңдү
кудайым көрсөтпөсүн өзгө күндү...
Мыжыгып салайын дейм колум жетпейт
сен мыжыкчы сага апкелген жүрөгүмдү.
Мыжып салчы, ол көзүмдү, кол-бутум кес,
мен ойлобой калайын өзүңдү эч, –
а болбосо келбеймин деп антты берип
келе берет экенмин тегеренип...

* * *

– Өтүп жатат күндө күн узап
Бирде кубанч, бирде муң-кайгы.
Ойлогондой болбой махабат
Буйругандай болот турбайбы.

Тагдыр экен башка жолубуз,
Ннке кайып буйруп бөлөктөн...
Сыйлашалы достой эми биз
Өткөндөрдү чыгар сен эстен.

– Жүрөктөшү элең жүрөктүн
Түркүгү элең түпсүз дүйнөнүн.
Жалгыз сен деп жашап жүрчүмүн,
Сен бар үчүн мага тийчү күн.

Көз жиберип көпкөк асманга
Калыбымда бурчка жөлөнгөн, –
Сен тоюңда ырдап жатканда
Үн чыгарбай үйдө өлөм мен.

Эртесинде келип эл менен
Бата кылып баргын мүрзөмө...
Өлгөн жакшы бирөө менен сен
Жатканыңды көзүм көргүчө!

## ВАЗИРДИН АЯЛЫ

Күйүп турган шам эле
Вазирдин жапжаш аялы.
Хан келип тыштан жаңы эле
Жалт эте аны карады.

Аз барып ажатканага
Көбүрөөк кирген гаремге.
Тойсо да такка,
аялга
Тойбогон топур тоң эме.

Карады...
жолборс эликти
Караган өңдүү от чачып.
Вазирди караш кейитти
Алгандай болду чок басып.

Карады...
күйдү кареги
Жем көргөн тоонун кушундай.
Жутайын деген шербети
Алкымда турду жутулбай.

Жаш келин селт дей наз улап,
Чачпагы сырдуу чайпалды.
Хан көзү кетти чачырап
Көргөндөй айгыр байталды.

Вазирге кол тез шилтенди,
«Кетип кал» деген таризде.



Жулмалап салды перини
Жеткирбей көз ирмемге...

Хан чыгып кетип баратып
Вазирди көрдү ийилген.
«Болуп калдым ага ашык
Меники болсун бүгүнтөн...»

Жеткиче жерге жүгүндү:
«Болбосун эки сөзүңүз!»
«Чыгаргын бийик үнүңдү,
Маянаң болот жети жүз!»

«Жан бүткөн Сизге ашыктыр
Калгансыз эл деп туулуп»...
...Кирсе үйгө жары калыптыр
Ычкырына муунуп...

## ҮНҮҢ СОЗ

Дайрасында кайгынын
Булаңгыр Ай жарыгын, –
Жал-жал тиктеп, жай шилтеп,
Айдайм Үмүт кайыгын.

Тоодой толкун койчудай,
Кайык быт-чыт болчудай.
Тагдыр сага жеткирбей
Тындым кылып сойчудай.

Жарданышкан капчыгай
Жанды кыя чапчудай.
Сени эңсеген бул жүрөк
Дайра ылдый акчудай.

Бүткөн боюм титиреп,
Калакка кол күч үрөп, –
Колдой көр-деп атыңды
Кайталаймын жүз ирет...

Ай да батты. Көөдөй түн...
Жээке чыгып ардагым, –
Нуру менен Көзүңдүн
Жарыт жолун дайранын.

Анан сыйкыр үнүң соз,
Үнүңдү угуп муңайым, –
Кучкө толуп чыйралып
Чыкпас жерден чыгайын.

## ТҮШТӨГҮ ЖОЛУГУУ

Түңүлүп калган чагымда,
Түшүмө кирди эркетай.
Туруптур күлүп жанымда
Бетинен өөп толгон Ай.

Карашы, кашын кагышы,
Калтаарып чыккан дабышы, –
Көздөрү, сөзү – о койчу
Бапбаягы баарысы.

Кучакка кучак айкашып,
Эринде эрин бал татып, –
Жайнатып көздү ботодой,
Болбогом ага канча ашык...

Эрккөө жанды эзгилей,
Эртерээк өпсөм деп тилей
Элирсем –
селт деп чоочуду
чоочуду учуп кетчүдөй:
«Сен кайда да, мен кайда,
Сен жалган, а мен чын жайда.
Сүйүшкөн гана жүрөктөр
Жолугат экен миң кайра...

Кудайга жаным тапшырып,
Күнү-түн дебей аптыгып.
Кыйшайсаң түзөп, кырсыктан
Колдодум, тилеп жакшылык.

Сагынып жүрөк эзчү элем,
Айланып желге кетчү элем.
Айламды таппай аргасыз
Сабалап сага жетчү элем.



Көрсөм деп күйүп жанчу элем
Көргөндө канаат алчу элем.
Көз ирмем болуп жанында
Көрүнбөй кетип калчу элем.

Көрүшкүм келип сен менен,
Түшүңө кирдим жел менен.
Тийгизсең бетиң жүзүмө
Коштоштум дей бер эл менен...»

Бүткөн бой селт деп, дирт эттим,
Эрекөө бачым жоголду.
Дендароо болуп билбедим
Жанымды кайда койорду.

Көрүнбөй калды ал заматта,
Өлүмгө жаным кыйбадым.
Аны өппөй калган арманга
Өпкөлөп ыйлап жыргадым.

# МУҢАЙЫМ САПТАР

## ОШОЛ КЫЗ...

Кандайымды кабагымды карап билген,
аз сүйлөп анан да аз жыргап күлгөн.
Апталап көрүшпөсөк,
көрүшкөндө
«сагындымын» айтып айтпай ыйлап ийген.

Китептен башкага эч залалы жок,
бирөөгө оюнда да арамы жок.
Элжиреп калчу кээде ээрчишкенге
эненин койнундагы балага окшоп.

Кол сунсам коомай гана колун берип,
коймолжуп кой көздөрү ичтен эрип,
жанда жок шайыр болуп кетээр эле
төбөсү күнгө жеткен шекилденип.

Кызарып жаңы ачылган гүлдөй түстө,
үн менен шунча назик, шунча ичке:
«Түшүмдө сизди өөп жатыптырмын»
деди да качып кетти күтпөй биртке.

Ошол кыз оттой күйүп алоолонуп,
башына салып чоктой кызыл жоолук,
Каякта? Кимдер көрдү? Эч ким билбейт,
элесин эстеп алып жүрөм ооруп...

* * *

Өзүңө оттой күйүп, өрттөй жандым.
Жалынга жаным менен куйкаландым.
Желектей желбиредим жетпей калдым,
Жетем деп жер тепкилеп эстен тандым...



Жылытып жүрөр дагы жүрөгүмдү
Жыл өтсө жылдызданган жыргал-кайгым,
Түбөлүк тилей берем бакытты саа
Билинбей, калса дагы дайның, айлың.
Унутпа, ууздайым эч убакта
Эч качан мен да сени унутпаймын.

## ДАЙРА МЕНМИН АГАЛБАГАН АРТЫНА

Түштөн чоочуп түйшөлөм да түндө эчен,
Сен жөнүндө сени менен сүйлөшөм.
Кайгы аралаш так ошончо жаш кулайт
Карегимди канча жолу ирмесем...

Үмүттүрдүң, ызаланттың, ойнодуң,
Колдоруma таш да салып койбодуң.
Өрт каптаган уядагы кызыл эт
Балапандай күйүп түштү ойлорум...

Итерсең да ит жандуумун өчөштүм,
Үмүтүмдү – өзүнө окшош көчөттүн.
Карашыңдан калмак жаанын огундай
Кан агызып каалашыңча көзөттүм.

Билдиң, бирок билсең дагы түйбадың,
Бир жанга айтпай өз ичимден ыйладым.
Жылаан коргон сыяктанып жыйрылып
Жылмаярда сен жылт коюп «ыйладың»

Сен дегенде үйөр жүрөт канымда,
Сени ойлоном мейли кабыл, кабылба.
Көрөркөзүм, азыр менин абалым
Көпөлөктөй түшүп берчү жалынга.

Көк көйнөкчөн көлөкөңө тартыла,
Карайм сени карегимден кан чыга...
Акылымдан адаштырдың даба тап
Дайра менмин агалбаган артына.

* * *

Караанынды карап карек тешилчү,
Кербез мүчөң кереметтей сезилчү.
Жолукканда эмне дээрим билалбай
Жоодурасаң эт жүрөгүм эзилчү.

Сен сүйлөсөң жаным ырдап турчу эле.
Көңүл колкүп ырыскыга тунчу эле.
Жаанда жок жан эриткен бир жалын
Жаш алоосун жүрөгүмө урчу эле.

Гүл көрүнүп көк тиреген арча, эмен,
Сен дегенде тамчы болуп тамчы элем.
Кан кайнаткан каткырыгың укканда
Угар замат дудук боло калчу элем.

Сүйүнчү элем сен бар үчүн мен бардай…
Сүйөрүмдү айтайын деп айталбай.
Жүргөнүмдө илип кетти бир жигит
Таранчыны илген өңдүү жагалмай.

Сезим күйүп, ыза жанды куйкалап,
Кала бердим баскан изиң сыйпалап.
…Кээде эстесем көздөрүмдөн молт этип
Тамган жаштай дептериме ыр тамат.

* * *

Кар аралаш жамгыр жааган кечтерде,
Көңүл түтөп, жаным жапа чеккенде.
Мен өзүңдү эстей берем, жаркыным,
Үңкүйүшүп үйдөн кер-мур дешкенде.

Көңүл жайда ойлор учпайт сага анча,
Сени ойлоном көңүл түндөй карарса.
Жаным сенден, сенден гана тапчудай,
Эгер жанга бир таяныч таба алса…

Менин оюм булуттан ай чыккандай,
Саа калкалайт бороон соксо ызгаардай…
Кайгырганда, канаттары талганда
Уясына сөзсүз келчү куштардай.

* * *

Чыгар жерин билбесең,
Чылк токойго кирбе сен.
Өзгө жанды өрттөбө
Өзүң өрткө күйбөсөң.



Билбей калчу жолуңду,
Кара тоого чыкпа эч.
Өзүңө атпай огуңду
Бирөөгө атпа, кеңкелес.

Сүйүү жолу эң ичке,
Сүйбөй сүзбө деңизде.
Апарам деп бейишке,
Апарбагын кейишке.

* * *

Күнгө канча жакын болсоң ошончо
улам суук боло берген сыяктуу –
сууй бердим сага жакын болом деп
көрүп алып көп иштериң уяттуу.

Сугум артып мен суктанган алманын
ичинен курт чыга калган шекилди
көңүл көчтү, көктөгү эргүү
көлөкө
сыяктанып сыр билгизбей бекинди…

Абалкыдан азыр арбын көрүнөт,
жез насилин алтыным деп жашырган…
Кейисем да түшүндүм мен, кээ бирде
алыс жакшы болорлугун жакындан.

* * *

«Тургандыр бирөө багыма,
жүрөрмүн сизди унутпай»…
Асканын ары жагына
айдалып кеткен булуттай
жөнөдү… жүрөк жалдырап,
ай-аалам турду аңгырап,
каардуу деңиз үстүндө
калгандай жалгыз жалбырак…
Термелдим, дагы тумчуктум,
көрүнбөй барат карааны –
камгагы окшоп талаанын
кайыгып кайда барамын?
Кароосуз калган жетимдей

кан кайнап жүрөк эзилди эй…
Чыркырап анын артынан
чуркагым келди безилдей.
Карегин тиктеп жалжылдай
кайталап атын күбүрөп, –
жамалын өөп жамгырдай
жалынгым келди миң ирет…
Болбоду. Жаным эңшерип
таканын үнү угулду.
Көтөрүп турдум теңселип
жер көтөрбөс муңумду.

* * *
Жанды эзип эске түшкөн кездерде,
эт жүрөктү элжиретип эстерге
сенден мага элес гана калыптыр
андан башка эч эч нерсе, эч нерсе.

Же бир жазган колтамгаң жок, катың жок,
же сүрөт жок сүйүү чачып караган –
картайбаган бир өкүнүч уу окшоп
кан жаныма тараганы тараган…

Кайсы жакты карабайын карегиң,
жана жытың жан дүйнөмдү мас кылган…
Жел абага аралашып
                    дарегиң
саламдува айткансышат астыртан.

Же бир жазган кол тамгаң жок, катың жок,
же сүрөт жок –
                    бирге түшкөн же жалгыз…
Ботосу өлгөн инген мисал бойбоздоп
кайран жүрөк болду такыр шаттангыз.

* * *
Уктум, билдим… убайымга эзилдим,
жан кечирбес күнөөңдү мен кечирдим.
Өгөө мисал көкүрөктү өгөгөн



өкүнүчтү арак менен өчүргүм –
келип ичтим… ал өчпөстөн күчөдү,
каным кайнап, кара жаным түтөдү.
Жайнап кетти жан жагыма кишилер
жаагын жанган… бир башкача түсү, өңү.
«Бычакты ал, куюндай уч, бол бачым,
ал күнөөнү эч убакта кечирбе.
Ар-намысың, жолуң жолдо калбасын,
бакытыңды учуп келген кетирбе»...
«Кайратыңдан ушул турган тайбагын,
желдей учуп жеткин дагы жайлагын»…
«Нандан ыйык намыс деген билгенге
туйгундай уч, тур жоногун, күймөнбө»…
«Каны асманга чачырасын, чачырат,
кана жонө, кана… кана… бачым, бат»…
Козумдү ачтым эч эч ким жок жанымда,
агып бара жаткансыдым агымда.
Өкүнүчтү арак менен өчүргүм
келбей кайра көңүл бурдум жаңы ырга.
«Жан кечирбес күнөөңдү мен кечирдим»…
деп кыйкырып келди сага эзилгим…
Өкүнүчтү арак менен өчүрбөй
келди жаным, жаңы ыр менен өчүргүм.

* * *
Шамал жалап өчүргөндөй кумдагы изди,
Өчүрдүм жүрөгүмдөн өзүңүздү.
Сүлкүлдөп жүрө бергин…
                    суудай таза
Сүттөй ак, сага деген сүйүү бүттү.

Кырдагы кызгалдактай кызыл оңду,
Арашандай кайнап турган арзуу тоңду.
Үч көчкөн журттай калды ушул көңүл
Келберсип келбе мага болду, болду…

* * *
Көөдөн ысып, түтөп көңүл,
арманды угам желдеги…

Уу ичкендей купкуу өңүм,
жактырбадың – сен мени.

Күйүттөн соң жаңы-жаңы
күү чыгардым күнү-түн, –
күйүп турду канымдагы
күмүш шыңгыр күлүшүң.

Ыза, өкүнүч жанымды эзди
а бирок да чыдадым, –
аялда жок кереметти
даңктай берди ырларым.

Ошол айдан, ошол жылдан,
каткырбадым бир дагы.
Сөөгүм түтөп... каттым анан
сөксөөлдөй кумдагы.

* * *

Кеттиң, кеттиң! Көчтү жер, асман
куйкаланып ичим, кан ысып, –
таңдай кургап, тилим жабышып,
бүт жан дүйнөм калды талымсып...
Көзүм ачсам байкуш жүрөгүм
баратыптыр эрбең эрбеңдеп
көлөкөңдөн калбай жарышып...

* * *

Кубарган арча жанында
Кулпунуп кызыл гүл өнбөс.
Күүгүмдөп өмүр калганда
Күйүт иш экен сүйөм деш.

Тундуруп кулак дайрага,
Тунжурап тиктей беремин.
Көнбөгөн акыл, айлага
Көйгөйдү кантип жеңемин?

Жетимдей сездим өзүмдү,
Карааның көрбөй эч деги.
Махабат күчтүү сезилди
Жаш кезден кары кездеги.



Нөшөрдө учкан шумкардын
Шуушүндөп барат канаты.
Секетим, сенсиз айыкпайт
Сен деген жүрөк жарасы.

## ЭСТЕЙМ, ЭСТЕЙМ

Таңда эстесем тарамышым тырышып,
Татына элес тамырымды улутуп,
Тагдырымды ташка жанчам
жашоого
Келгендеги максатымды унутуп.

Түндө эстесем өмүрүмдү карытам,
Жылдыз менен жылаңайлак жарышам.
Сүйгөнүнө жетпей өтүп кетишкен
Жарандардын баары менен табышам.

Түштө эстесем түштөрүмдү сапырам,
Көздөрүңдү көрөм көзүм жашынан.
Анан ырдайм дүңгүрөтүп дүйнөнү
Дүйнөдөгү сүйгөндөрдүн атынан.

Эстейм, эстейм, эстегенде элжирейм,
Жерден көккө желек болуп желбирейм,
Ошо менен карыбасын сүйүүнүн
Жана өзүмдүн тирүүлүгүм белгилейм.

## ЖОЛУКСАК АНДА...

Сүйлөсөм сүйүүм жөнүндө
кабагың түйдүң шаттанбай...
Ал караш калды көңүлдө
жаандан соң жааган ак кардай.

Арзуумду анан ырдадым,
түсүңдү үйрүп чогоолдой –
түнөрө түштү кырдаалың
аскага тийчү бороондой...

7—1595

Анетип, сулуу, туйлаба
азоодой колдон ыргыган.
Кылгырган өңдүү мен сага
мага да көптөр кылгырган...

Мажнунга өзүн тең сезип
айланып көздөн бир элес –
жамалың эңсеп жан эзип
жактырып калуу күнөө эмес.

Калбаган кимдер арманда...
Жолуксак анда... күлүк да ой...
Моңгүдөй муздак болсо да
мээримиң төгө күлүп кой.

* * *

Гүлдөрдү желпип желектей,
Желаргы улам ыргаган.
Бетиңден өөп кебездей,
Кез эле жаным жыргаган.

Колумдан булт деп бошоно,
Тариздe укмуш жактырган –
Канча көп өпсөм ошончо
Ойноктоп күлүп каткырган.

Булайган аппак элесиң
Булакта агып бараткан –
Булуттар тартып кемесин
Бурулуп бизге карашкан.

Түшүнбөйм эмне себебин,
Отура кеттиң алдыма.
Карекке чөккөн карегиң,
Кайгы-муң жоктой алдыда...

Айкашып кучак кучакка
Бөлүнбөй турдуң сен менден.
Табият дагы бу чакка
Тамшана карап дем берген.

Күн тийип турган гүл сымал
Күлгөнүң анда башка эле...
Ойлосом аны жаш жыргал,
От болуп күйөт карт дене...



# «КААР ГҮЛҮ» ЫР ТОПТОМУ

## АТАЖУРТ

Өлүмүңө өмүрүм ал дебестен
очорултуп оору кошкон ооруңа,
балдарың көп... эт кесишип этиңен
жаралышкан багыңа эмес шоруңа.

Тонолсо эгер токой тоодой добулга,
тамыры аман калса чыгат кулпуруп...
Байлыгыңды талатканга кайгырба,
жүрөгүңдү балталатпа, Атажурт.

Бүгүнкү Күн эртеңкиге чылап уу
турганда бу алай-дүлөй, кымгуут.
Көр өзүнө көз тилеген сыяктуу
тилейм сенин амандыгың, Атажурт.

* * *

Саясат менен сасыган,
Сайпана элин алдаса, –
Бактысын кууп башынан
Бастырбайт аны каргаша.

Жанына жалын, өрт коет,
Уктатпайт элдин убалы.
Каткырган күндөн көп болот
Кайгырып күйгөн убагы.

Жылдызга жеткен жыргалы
Айланат бир күн кууралга.
Андыктан жигит бир дагы
Алдайм деп элди кууланба.

*2003-ж.*

## КҮНДӨ КҮЙҮТ, АЙДА АРМАН

Күнгө келдик күйүттүү
Каректерден кан тамган.
Күйдү калктын үмүтү,
Күндө күйүт, айда арман...

Көөнө кыргыз кор болду
Кол жууп бүт мал, жандан.
Сатты жерди, тоолорду,
Күндө күйүт, айда арман...

Турат эл-журт титиреп
Тилге ишенип алдаган.
Оңойбу? Жок, өлтүрөт,
Күндө күйүт, айда арман...

## КАЙРАН ЭЛИМ

Кайсы күнү кабылдың сен,
Кайсы ооруга? Не – деген?
Кан шүүшүндөп агып турат
Жүрөгүңөн, денеңен.

Ал-күчүң жок, айбатың жок
Колокодой сенделе, –
Көөдөй түндө куурай окшоп
Ыргаласың эмнеге?!

Кайран элим көзүңдү ач,
Ач көзүңдү, сөз сүйлө...
Сени бийлеп турган далбас
Кыят сени өлүмгө.

«Оорумдан айыгайын
Бир жан керек бер»... – десең,
Сени бийлеп турган бербейт
Сени сүйгөн мен берем.

*03.03.2005.*



* * *

Жалдырап неге отурсуң,
Жан күйдү курбум, муң-ыйга...
Бороонго бороон кошулсун,
Кошулсун куюн куюнга.

Акылын укпай эч кимдин
Эзчүдөй эссиз узакка.
Дайрага дайра бириксин,
Айкашсын кучак кучакка!

Эсеси чыгат бу күндүн,
Намыска кайрат кайралат.
Кор болуп, ыза көргөндүн
Көз жашы окко айланат.

*07.02.2005.*

## ТҮҢҮЛГҮМ КЕЛБЕЙТ

Алтымыштай университет ичинен
факультет жок кошоматка үйрөткөн.
бирок элдин дээринде бар белем
чоңду көрсө уч бүктөлүп жүгүнгөн?!
Көрүп алып жүгүнгөнүн алардын
бүлүнбөгөн жерим мүлдө бүлүнгөн...

Чоң десе эле чочколорго эңкейбей,
теңсинбесе тексизге окшоп телтейбе эй.
Маңдайыңда турса дагы машаяк
Баш көтөрүп басташкын сен тең теңдей.
Аталашсаң атаң тең да, батаң тең
түбү терең дүйнөдө аз эл сендей.

Кошоматка кор болбосун карт жаның,
зор максатка жаралганың актагын.
Жер карабай көктү кара,
тактагы
таштап ийсе таштап ийсин асманын.
Жашагыча жагалданып жаманга
сыймык көрдө баш көтөрүп жатканың.

Жакшы пашаа жамы журттун багына,
а жаманы жарандардын каарына,
эгер элдин элдигине шек келсе
эч ойлонбой каар чачкын дагы да.
Бийликченге эл бийлебей титиреп
бийлик элге бийлеп турсун дайыма.
Бүгүлгөндүн бүт турпаты бүгүлгөн,
жүгүнгөндүн иши болот жүгүнгөн.
«Чындык!» деген кыйкырыгың кылычтай
чыгып турсун жүрөгүңдөн, жүлүндөн...
Кошоматка кол куушурбай көзүңдү ач,
мен түңүлгүм келбейт эрте тирүүдөн.

* * *

Казынаны каалагандай майкандады,
Бетине бирөө «Кой!» – деп айталбады.
Сыртынан күңк-мыңк дешип жүргөн менен
Көргөндө коюн союп жайкаңдады.

Жайкаңдап жөн болбостон жүгүнүштү,
Кол куушурган кошоматка сыйлык күттү.
Бир кесим эт ыргытса баса калып
Төбөсү көк асманга жете түштү.

Түлкүдөй жойпукенин күнү тууду,
Бүгүлүп бутун жалап күлүп турду.
А тиги акылга эмес кошоматка
Жана берген парага көңүл бурду.

Калыстык туш келгендей эски жоого,
Калчылдап качып кетти кара тоого.
Кодулап колдо жогун колдо бары
Айланды өнөкөткө омуролоо.

Бу заман түшкө киргиз заман болду,
Бай, кедей тиш кайрашкан каман болду.
Баарынан да кой оозунан чөп албаган
Жоош-момун кишилерге жаман болду.

Бийликчен келечекки күндү ойлобой,
Биригип элдин мүлкүн жешти тойлой...
«Жолуң болсун»... деп айткан жан болбоду
Жоош элдин жооштугу болду жоодой...

*2002-ж.*



## КУМДАЙ ЧАЧЫП ТАРАТТЫ

Калк байлыгын кумдай чачып таратты,
Казынаны кашкулактай талашты.
Кайран элдин кадемин так катырып
Кайырчыдай чет өлкөнү каратты.

Өмүр окшош болбой калды өмүргө,
Кул болуучу күндөр уюйт көңүлгө.
Эртеңдерден эл үмүтүн үздүргөн
Күнөөлүлөр күлүп турат Ак үйдө.

Кембагалдар кирбесин деп Акүйгө
Тегерегин темир менен курчады.
Жетинчиге жетпесе да кадамы
Жетпес жерге жетет элдин убалы.

Жумурай журт жарыбастан жай-кышы,
Ар күн сайын арбып барат кайгысы.
Качан болсун, кайсы жакка качпасын
Каарыйт калктын каар чачкан каргышы.

*2002-ж.*

## АРЧЫЧКАНДАР

Арчычканды кырыш үчүн
арчычкандын он чактысын
этине көндүрүп арчычкандын...
анан айлап ачка кармап
коё берсе арчычкандар ийинине –
жер жайнаган чычкандарды
жеп салат дейт жарым түндө.

...Биздин чоңдор журт бийлеген
курсагынын кулу болгон куутумшуктар –
арчычкандай араан ачып
элин жеген
намысы жок,
ары жок
арчычкандар.
Жеп салышты
бүт баардыгын

атасы эмес балдардын да ырыскысын,
канча кылым кара тоодой калдайышкан
кара көзү кашайды кыргызымдын.

Тиштем нанга сатты эне наристесин
эл жоготту эл дегизген нарк-дөөлөтүн.
Элден кимдин ала турган кек, өчү бар
жок болсо не чет элдерге тебелеттиң?

Күндөн күнгө Манас ата тукумунан
Коңурбайдын өчүн алып жаткан оңдүү –
эмне үчүн эзели ач болбогон эл
үч уктаса түшкө кирбес күндү көрдү?

Эй, ары жок,
namысы жок
арчычкандар
кайсы күнү калкка айланып, уяты бар
тукум курут боло турган саясаттан
тукум өсчү саясатка кайтасыңар?

...Кудайдан да, арбактан да коркподуңар
койгун десе кокуйлатып соттодуңар.
Өзүңөрдөн чыкпаса да балдарыңдын
балдарынан чыгып кетпесин элдик убал...

*2002-ж.*

## КҮЙҮТТӨН ЧЫККАН КҮЙҮТ КҮҮ

Ойлосом болгон экен Кокон жакшы, Орус жакшы,
Эркиндик балдарынан элибиздин шору катты.
Багынтып алган жоо да элди мынча эзмек эмес,
Жер соргур, жер, алтынды жез тыйындай желге чачты.

Курусун эки жүздүү, эл курутар бийлик келди,
Эл-журттун эки бутун бир кончуна кийрип келди.
Иштерге иштти бербей итирейтип, шүмүрөйтүп
Тескери айландырып тегирменин тентитти элди.

Алтындын буюрбасын арамдыктан тапкандары,
Каргышка калсын баары, уктатпастан эл убалы.
Кылымдан кылымдарга: «Кыргыздарды кыйнаган!» – деп
Түкүрүп өтүп турсун мүрзөсүнө муун жаңы...

*2003-ж.*



## АЧ КАРЫШКЫР ОТТОН КОРКПОЙТ

Күн кызарып батты бүгүн,
болот жылуу эртеңки күн.
Жылуулукка тойбойт курсак,
өзгөртсө экен заман түрүн.

Эл базарда балчык кечип
жообу жок суроолордой...
Эл деп, коюп элди жешип,
келет чоңдор элди ойлобой.

А эшикте шамал онтойт,
онтойт жүрөк – убайымда.
Ачка киши уруп койбойт,
чоңдор эмес кудайын да.

Тукумкурут кылба элди,
толкуган эл – каптаган сел.
Кирген дайра бузат жээкти,
бороон болот – жай соккон жел.

Болду дүйнө канталамай
алкымы чоң акылынан –
биздин чоңдор жаш балдардай
отту кармап ойноп турган...

Эртеңкилер сени соттойт,
өзүңдү эмес тойгуз элди.
Ач карышкыр оттон коркпойт,
коркпогону жаман белги.

*19.03.2005.*

* * *

Ханың калпычы, карыларың кошоматчы,
курсагы үчүн жаштарыңдын жандалбасы.
Эл эртеңин ойлогон бир азамат жок
канткенде өсөт калкыбыздын мартабасы?!

Ханың калпычы, карыларың кошоматчы,
ылжың өкмөт ырыскыдан элди какты.
Төрөлгөндөн журтубуздун өлгөнү көп,
тойгонунан арбын азыр курсагы ачы.

Ханың калпычы, карыларың кошоматчы,
кайран элим «Карыз» деген сазга батты.
Өз жашынан эрте карып, ажалынан
мурун өлүп жаткандагы пайда кайсы?..

*2003-ж.*

## ҮЗӨҢГҮ-КУУШ

Үзөңгү Кууш сатылды,
Бир бирден жулуп чачымды.
Итке окшоп улуп уңшудум
Ургулап ташка башымды.

Кайран эл сенде канча ал бар?..
Эл оюн албай көңүлгө,
Өз жерин четке саткандар
Өкүрүп калсын көрүндө.

Ойлобой эл, жер кусурун,
Алтынын, жерин утурум –
Сатканды Теңиртоо жана
Теңирим урсун тукумун...

Кыз, уулу элдин сандалды ай,
Табалбай үзүм нан дагы, –
Тентиген ошол балдардай
Тентисин анын балдары.

Эл кутун шунтип түгөттү,
Эсимен тандым: «Эх, сен...» – дей.
Эл-жерим деген жүрөктүн
Жарымын кесип кеткендей...

Жамгырдай токтүм жашымды,
Каргышым октой атылды.
Карышкыр болуп улудум,
Кайгыдан бул ыр жазылды...

*2002-февраль*



## ОН ЖЫЛДЫК

Ар-намысты акчага
Алмаштырдың он жылдык.
Жерди сатып башкага
Далбас кылдың он жылдык.

Оо, куруп кал, он жылдык,
Оогондорду оңдурдук.
Көйкөлгөн кыз-келинди
Көп улутка кор кылдык.

Өзүбүздү жол кылдык,
Конокторду зор кылдык.
Төр тошогун мындай кой,
Төбөбүзгө кондурдук.

Камокторду мол курдук,
Хан сарайды зор курдук.
Талаштырдың таштанды
Талаада кал он жылдык.

Четке алтынды сордурдук,
Чекебизди тоңдурдук.
Жамаачыны кийгиздиң
Жашабай кал он жылдык.

Жолду курсак «чоң» курдук,
Тойду курсак оң курдук.
Алдастатып даа кайда
Апарасың он жылдык?

*2001-ж. Август*

## ИТ БАГЫП АЛГАН КЫРГЫЗГА

Өзүңө жетпей жатса ичер ашың,
ит кыргыз, итти багып не кыласың?
Ушундан көтөрөйүн дедиңби же
улуттун маданият мартабасын?

Китептин бетин ачпай не бир, не бир
акыл-эстүү болгуң келет эмнегедир.
Жыл – он эки ай театрга бир келбейсиң
маданиятты ит багып көтөрбөйт бил.

Өзүңө жетпей жатса ичер ашың,
ит кыргыз, итти багып не кыласың?
Ит баккыча Сибирдеги агаңды бак
келелбай жүргөн анда тогуп жашын.

Күндө үч маал пенсиясын жүргөн карап
ит баккыча айлыңдагы апаңды бак...
Акыл айтсаң айтканыңа жини келген
келесоону карап туруу кандай азап.

## ӨЗҮҢДҮ ОЙЛОН

Жерин айдап, же түшүмүн жыйнаганда,
Арзан алып, кымбат сатып жыргаганда.
Атаандашып бир биринен ашып, күчөп
Атасы ичет, келини ичет, балдары ичет...

Куда сөөк бирин бири сыйлаганда,
Же өлүмдө окүрүшүп ыйлаганда.
«Аягына калтырбастан аппак ич» – деп
Энеси ичет, күйөө бала, кыздары ичет...

«Ассаламуалейкум!» Жөн эле бир жолукканда,
Кажышып карабастан жокко барга.
Ар-намысты унтуп салып улам түтөп
Таякеси ичет, бажасы ичет, боlosу ичет...

Эй, кыргызбай, өзүңдү өзүң ичип салба,
Кош колуңа аракты эмес калем карма.
Көзүңдү ачып көргүн Кечээ, Бүгүнкүндү,
Эртеңкиңдин кандай болот көрөр күнү?..

Эй, кыргызбай, эл-жериңди ичип салба,
Тарыхыңды табериктей ыйык карма.
Коңурбай да сени мынча кордобогон,
Аракты эмес, айланайын, өзүңдү ойлон...



## КҮЛ БОЛОТ ЖЕРИМ КҮЙБӨГӨН

Оозунан сүтү кете элек,
Ойноштук эмне... сезе элек.
Оймоктой кыргыз кыздарын
Орустар жүрөт жетелеп.

Бешиктен бели чыга элек,
Берилүү эмне... туя элек.
Керемет кыргыз келинин
Келгин көп жүргөн жетелеп.

Жолдору болбой жолунда,
Жабыгып жарда, коңулда.
Көкбөрү болду кыз-келин
Көрүнгөн түрктүн колунда.

Басышат жерди бас деген,
Жатышат жерге жат деген.
Тебелеп кеткен сыяктуу
Тектирде гүлдү танк менен.

Жүрүшпөйт алар ким менен?
Көргөндө жүрөк зилдеген...
Күңгө окшош күнүң курусун — деп
Күл болот жерим күйбөгөн.

Иш бүтүрбөй бир изги,
Бир сезбей элдик күйүттү.
Кайдигер карап жыргаган
Сабагым келет жигитти...

Уланаар жашоо турмушу,
Ургаачы улут уңгусу.
Уңгуга балта чаптырган
Эмне кылсам күндү ушу?!

*2003-ж.*

## АЛДАМЧЫ КАЙЫРЧЫЛАР

«Атам өлдү, кайгы кошулду,
энем тилсиз ооруканада.
Иним дудук, а мен сокурмун
бергилечи кайыр, садага».

Өткөн элге эки жаш бала
тосо берет бетке кагазын.
Боор толгоп ташбоор тагдырга
тыйын берип кейип каласың.

Көчөлөрдөн өтүп көчөгө
маңдайына барып ар кимдин –
ак кагазды тосот жүзүнө:
«Шүнтүп салды бизди Теңирим»…

Байкуш дагы, бай да аянбай
колдоруна салат болгонун,
беререрине сомун табалбай
кээ бирөөлөр сунат он сомун.

Алба-далба кийми… Кареги
ыйлачудай тез-тез ирмелет:
«Шордуу кылды биздей пендени,
өлсөк кана нанды тое жеп!»…

Куту качып күлбөйт. Купкуу өң,
карышкансып ийри колу да.
«Мээнет менен тапкан дүнүйөң
буйруп турсун дайым тоюңа»…

Бир бирине көздү кысышат
толгон кезде чөнтөк, баштыгы,
нараак барып… экөө каткырат
жиндилиги, балким жаштыгы…

Жосунсуздун курсун жосуну,
тумчукказсып турдум таңданып.
Тиги экөөнүн эссиз оюну
калбаса деп чынга айланып…

Корктум, корктум айтпай ой чынын,
кантип оору кылат соо?! жанды
Ойну жаман-жаман болчунун
шүнтүп тилейт ар ким кооганы.

*2003-ж.*



## АКҮЙ

Акүй алат, акүй жейт,
бирок аны билдирбейт.
Акүйдөгү иштеген
кишилерге түн кирбейт.

Күн чыккандан күн-кечке
аларга той, аларга айт.
А эл таппай тиштээрге
кайыр сурап жалдырайт.

Адилеттик, калыстык
издеп кирсе ким буга, –
келген ишин унутуп
шашат бачым чыгууга.

Аталса да Акүй деп,
аткарганы – капкара.
Акүй десең кайнап кек
кан чакырат кармашка.

Жаңылганы жаңылган,
не кылбасын болбойт оң.
Түрмөдөгү уурудан
Акүйдөгү ууру чоң…

Эркиндикти муунтту,
эл кирбеген Акүйдө
анан Акүй окшоду
Азаттыктын көрүнө.

*15-март, 2005-ж.*

## Президент А. АКАЕВ — ТҮЗ ЭФИРГЕ ЧЫККАНДА

Президентке суроо берсем: «Күйүт күн»…
ыраазы болуп: «Ырахмат!» – дейт ал кайра.
Кыйраткансып тыйбайт арсыз күлкүсүн,
башка бирөө ыйлап иймек андайда.

Даяр суроо… дардаң-дардаң дайыма,
жогжолоңдоп жооп берсе күйөсүң.
Чыңкылдаган үнүнөн ал кыргызга
чыпалагы чым этпесин билесиң.

Улутум деп кымындай да күйбөстөн,
күйгөн элдин күнүн болуп билмексен,
күлүң-күлүң күндө өрдөгүн учуруп
ал жадабай келет күндө сүйлөштөн…

Сырты, ичи – эки бөлөк, эки ача,
айтканы бир – жасаганы бапбашка.
Эли итке минген менен иши жок
оозу менен орок орсо – асманда.

Дугдулуңдап душман санап өз элин,
калк казанын талкалады оюнча.
Билбейм кандай академик экенин
бирок гений болду эл жеш боюнча.

Бийлигинде калыш үчүн жан үрөп
жасаганын уккан жандан түңүлөт…
Иш жүзүндө – кан агызат каректен,
сөздө гана «демократ», «адилет».

…Карышкыр бул кой терисин жамынган,
калысмын – деп, экрандан жаңырткан
калптарын мен уккум келбейт укканда
каргыш улам кайнай берет канымдан.

## ЖАЛГАН АЙТУУ БОЮНЧА

Жалган айтуу боюнча бир дүнүйөлүк
деңгээлде болсо мелдеш, болсо кармаш.
Алдар көсөө туруп келип алдаса да
президенттин калптарына чендей албас…

Алдайм десе чөнтөкчү алдайт бирди, экини,
мыктылары ашып кетсе жүздү, миңди.
А бу болсо жерге кошуп, алтын сатып
ооз ачырып алдап салды бүткүл элди.



Маңкурт элим «Маара!» – десе маарап турган,
кайдан таптың куутумшукту кудай урган, –
бүтүн чыккан – тегирменге тартып ийсе,
сууга салса – купшулуңдап кургак чыккан.

Байкуш элим, баш айланткан тилге кирип,
оокатың жок олтурасың итке минип.
«Швейцария курам» деген куучирениң
маңдайыңда келекелеп турат күлүп…

Турат күлүп, сен турасың эстен танып,
башыңды өйдө көтөралбай башың салып?
Өлбөгөн адам болбойт, өлсөң дагы
өлбөйсүңбү намыс үчүн күйүп-жанып…

Жалган  айтуу боюнча бир дүнүйөлүк
зор мелдештин болуп калса чечүүчү ойну, –
Алдаркөсөө канча жолу талашпасын
ал мелдештин ушу болмок чемпиону.

*27.02.2004.*

## А. АКАЕВДИН ПРЕЗИДЕНТТИК ШАЙЛОО-ГО ДАГЫ ӨЗҮН КОЙОРУН УККАНДАГЫ ЫР

Жагынба, күлбө, жылмайба
Жакшы эмес элдин бир да айлы.
Президент болсоң сен кайра
Эл байкуш өлөт турбайбы…

Жашоосун элдин өстүрүп
Өзүңдү койсоң туура анда.
Аз жылда оңойм деп жүрүп
Апкелдиң бүтпөс кууралга.

Долларды келген чет элден
Ченебей чогу сугунуп, –
Эл калды эрди кезерген
Кудайга үнү угулуп.

Жакшылык элге жасоодо
Ишке ашпай калды эч чара.
«Он жылда оңойм, болбосо
Кетемин» – деген сөз кайда?!

.595

«Жаман деп бизди кеп кылба…»
ким айтса салдың аны отко.
Шор элдин дагы беш жылда
Сорулуп каны калат го.

Басып алган жоо дагы,
Багынтып мынча жүдөтпөс.
Ар ар ким түйүп кооганы
Абалга жетти күнү өтпөс…

Болбосо эмне?! Ушу да
Жашообу арты жакшырар…
Күлөсүң бардык учурда
Күлкүңдө айтчы эмне бар?!

Жагынба, күлбө, жылмайба
Жакшы эмес элдин бир да айлы.
Президент болсоң сен кайра
Эл байкуш өлгөн турбайбы…

*2000-ж.*

* * *

«Эртеңки жакшы болот мына, мына»…
Кооно эл көп ишинен көрбөдү убай.
Путиндин өзүнө эмес тырмагына
Акаевди алмаштырып берчи Кудай!…

## АЖОНУН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ

Айткан сөзүң убада эмес жел беле?
Күлкүлөрү Күнгө угулуп турду эле,
Туу кармаган элди тукулжуратып
Тукум курут күнгө апкелдиң сен неге?..

Чыгарам деп жеке өзүңдүн атагың,
Кооно элди көр оозуна такадың.
Акыр Кудай көргөзсө экен өзүңө
Ач-жылаңач алданган эл азабын.

Кутман элдин куту учту, куурады,
Култуңдаган куу кулкундар дуулады.
Реформаң көлдү гана булгабай
Бүт кыргызды бүт кылымга булгады.



Кайран калкым кара башын багалбай,
Кайсалады сындырым нан табалбай.
Жетмек эмес эл ушундай абалга
Эгерде сен иш аткарсаң адамдай…

Тегиз жолду издеп таппай оңгонго
Теңирлүү эл тентиреди жон-жондо…
Тууган элиң туйлап ырдап тойломок
Туулган күнүң – өлгөн күнүң болгондо

*Ноябрь. 2003-ж.*

* * *

– Эл элеңдеп акимдерге жүгүнөт,
а акимдер губернатор дегенге
кулдук урат, губернаторлоруң
бийлеп иет Акаевди көргөндө.

– Акаевиң анда арыстан өңдөнөт…
– Кандай кайрат, эркек мүнөз кайда анда,
тигилерден миң эсе көп бөжөңдөп
миң жүгүнүп, миң бүгүлөт Майрамга…

## ПРЕЗИДЕНТ ШАЙЛАНГАНДАН КИЙИНКИ ОЙ

Шадаңдакты шайладың
Кай жыртыгың бүтөлдү?
Кайсыл ийриң түзөлдү?
Бар болгону эки эсе
Элди эзмей күчөндү.

Ханы элин алдаган,
Эл бир-бирин жалмаган.
Калкка кара жолтой күн
Күлүп келди кайрадан.

Ай, элим ай, сандалган
Сандалса да алпейим.
Баладай болуп алданган
Ишээнчектигиң кантейин.

Күлкүнүн ары жагынан
Күйүттү келчү байкабай, —
«Шайыр» ханды кайрадан
Шайлаганың айтам ай.

Сырты ийги, ичинен
Заары элге чачылган.
Ышкырып турган жылаанын
Жылмаюу менен жашырган.
Кыргызга кылым турса да
Кылчалык жакшы иш кылбаган.
Кың дебей кыргыз ыйына
Кыйырын кайра уулаган.

Кыйрады десе кыргызың
Кылы да койбой кыйшайып.
Күйбөй кайра жылдызын
Төгүп күлчү ырсайып, —
Кашыктай каны калгыча
Калкын алдап отчүнү.
Каран күн түшсо заматта
Каткырып качып кетчүнү, —
Алдырар күнү жазгырар
Дегендей шайлап алдыңар.
Итке бир күн мингизип
Бул, ичегиңерге кан куяр…

…Эки тизгин бир чылбыр
Колуна тийди дегиче,
Тагдырың таштай катырган
Таттуу тилин эмизе, –
Телевизордон тепеңдейт:
«Жан жагым жаман экен» дейт,
Кызматтын аукциону
Башталып баары кечеңдейт.
«Канча доллар бир орун»…
Карасаң ошол маалда —
Акүй менен ажонун
Үйү айланат саанга.

Пайдубалы парадан,
Кошоматтан дубалы.
Жергебизде жаркырайт
Жеп ичмейдин чырагы.



Оппозиция дегенге
Оздун желин коротпойт.
Майлуу-сүттүү орундун
Жанына жакын жолотпойт.

Кандай кызмат болбосун
Караган соң капчыкка.
«Чоң бергенге — чоң орун»…
Баары билчү жакшы ыкма.

Саясат иши ар кыл да…
Оңунан чыгып оюну –
Доллар менен алтынга
Долунун толот коюну.

Ошентип коёр кадрын,
Чөнтөгүнөн тандашат.
Мурдагы командасынын
Шапкеси гана алмашат.

Алмаштыруу айласы
Эл үчүн эмес өзү үчүн
Дагы элди жеш үчүн
Болгонун эч ким айталбайт.
Торсоңдогон неменин
Тойгондугу байкалбайт.
Жакшырды деп жан жагым
Жаамы журтка жайкандайт.
Койдой жоош кыргызды
Кой-айга болбой кайта алдайт…

…Айдаган жакка басуучу,
Жат десе бөгүп жатуучу,
Айланайын элим ай,
Тээ мурдагы карыз үчүн
Дагы карыз алыш үчүн,
Анан сатат жериңи ай.

Жериңди кыргыз сатканың
Арбагын ата-бабаңдын,
Өзүң жана балаңдын
Эртеңин сатып жатканың.

Орустар жерин сатпады,
Казактын кана сатканы.
Өз жерин сатат карзы үчүн
Президенттин акмагы.

Жериң жок кыргыз жел оогон
Булуттай болуп каласың.
Айтууга ичте бугуңду
Буулугуп кайда барасың?

Калдайган жерден кол жуусаң
Камгактай болуп каласың.
Кандагы кайгың айтууга
Кайыгып кайда барасың?

Бармактай жерин бастырбай
Басташкан бабаң жат менен.
Өзүңдү тындым кылчудай
Өзүңо озүң кас белең?

Элди жери дарылайт,
Жерин саткан жарыбайт.
Ажыраган жеринен
Элдигинен ажырайт.

Уругу бөлок акмакка,
Уугуңду карматпа.
Айланайын атпай журт
Алдамчыга алдатпа...

Ажо аста аярлайт,
Кагаздарын даярдайт.
Жең ичинен бүтүрүп,
Желип чет эл жалаңдайт.

Мыйзамын кайра оңдошот,
«Кредитке жол бошот»...
Аз депутат колдобой
Коп депутат колдошот.

Таалайың ташка чабылат,
Тарыхый жериң сатылат.



Жемшейип кыргыз турасың
Желкеңди улам кашылап...

...Жаманыңды билдим деп,
Кырманыңа кирдим деп.
Жети жылга бийлигин
Президент, узартып алат күлмүңдөп.

Депутаттар делбеңдейт,
Делбестап болуп кержеңдейт.
Азы ыйлап, көбү кол чабат:
«Гений да буга тең келбейт!»

Эл башын өйдө кылалбайт,
Митингге чогу чыгалбайт.
Нааразылык билдирип
Дүйнөнүн көңүлүн буралбайт.

Кейип-кепчип кээ бирөө
Күңк-мыңк деп барып токтолот.
Токтолбогон томаяк
Тогуз күндө соттолот.

Жосунун даана билдирет,
Жонуңдан кайыш тилдирет.
Тарыхың кайра санатат,
Тамырың бирден таратат.

Көбүңө орден тактырат,
Көпчүлүк барда каткырат.
Мээр төккөн болуп ал
Бир күнү, мээңе мыкты кактырат.

Коюп койбос күнөөнү
Мыктыңды бирден жыгат ал.
Төбөңдү оюп баарыңды
Төө чечкендей кылат ал.

Жаңылып калсаң сөзүңөн,
Камай берет четиңен.
Кагылайын калкым ай
Кан агат кара көзүңөн.

Чыңкылдап күлүп майдалап,
Анан ал, Чынгызханга айланат.
«Күлкүсү менен Күнгө окшош»
Күлүп туруп жанды алат…

Унчукпайсың көнөсүң,
Көнүп калган немесиң.
Жети баштуу жез тумшук
Желпинип кантип жеңесиң?

Башты өйдө кылгандан
Ылдый кылган оңойбу?
«Туура эмес!» десең калың журт
Оозуңдун жели коройбу?!.

Калп каткырып ырсактайт,
Газ, свети кымбаттайт.
Сармерден айтып ырсактайт
Салыгы кайра кымбаттайт.

Карыз берген өлкө карызды:
«Эсеси менен шак бер»… — дейт.
Бул башкарып турганда
Бурулуп эле бак келбейт.
Эртеңин жеген карыздап
Элден таалай алыстап –
Кара көзү кашаят
Ырыскысы азаят…

…Илгери, тээ илгери
Он эки түрлүү айбандын
Аталары бир бирден
Хан болуп бийлейт дүйнөнү.

Чычкан, Тоок, Ит, Доңуз,
Жылкы, Маймыл, Кой, Жылаан,
Жолборс, Коен, Балык, Уй,
Башкарат элди беш жылдан.

Сиңирип элге мээнетти,
Кезектеп көрүп дөөлөттү.
Тактыны берет баардыгы
Бүткөндө хандык мөөнөтү.



«Башыңды ийгин тагдырга
Хандыкты бергин, кайгырба»…
Тал башына зуу коёт
Келгенде кезек Маймылга.

Кепке келбей айттырган,
Катат казна ачкычын…
Ошо менен Маймылхан
Бербей коёт тактысын.

Түшпөйт Маймыл көшөрүп
Айтса да сөздү кайра улап, –
Айбанаттар ошентип
Хандыгынан айрылат…

Маймыл жылы туулган
Бил Акаев кимдигин.
Эч кимге бербейт эл-журттан
Алдап алган бийлигин.

Үчүнчү жолу шайланса
Экинчи деп жаздырып.
Жүрөгүнө уу катып
Жүрө берет каткырып.

Тышта ийиктей ийилет
Пайдасы үчүн жүгүнөт.
Тең ханга теңдеш жүрөлбай
Телпейип дайым бүгүлөт.

Үйгө келсе үкүдөй
Каршысын күн-түн аңдытат.
Жоболоңдуу иш козгоп
Жок күнөөсүн бар кылат.

Тантыксың — десе каматат,
Тапкан-ташың талатат.
Бир падыша кылбаган
Зомбулукту жаратат.

Ханы калкын алдаса
Калк жакта Кудай туруучу.

Кайтса да уусу жылаандын
Кайтпай калктын каргышы
Калпычы ханды уруучу.
Балдары эмес андайдын
Жоголуп кетчү уруусу.

Тетири кууп жыргалдан,
Темселеткен өз калкын…
Телибайдай ургандан
Теңирим өзү өч алсын.

Күлгөнүн кор.. Коонө элди
Кор оозуна алпарып…
Жылмаңдаган неменин
Жазасын берсин карт тарых.

Жаттарга жакын, өзгө кас,
Жагынпоз кыргыз көзүңдү ач.
Өстүрөм деп өрүшүң
Өлтүрүп коёт бу таз баш.

Күйөсүң жатка өзүңө аз,
Күйдүргү кыргыз көзүңдү ач.
Жоготуп иет акыры
Жоболоңдуу бу таз баш.

Казаны калптын кайнабайт,
Кетти болгон кедери.
Ити эч качан чөп жебейт
Иши оңолбойт эзели.

Энчисин жеген элинин
Акаев эл безери.
Жыйырма жыл такта турса да
Жыргатпайт калкым чекеңи.

*Ноябрь, январь, 2001-ж.*



## КОРРУПЦИЯ ЖӨНҮНДӨ

Калп кыйкырып, калптан кубардың,
командаңа ичтен каш кагып.
Коррупцияны өзүң чыгардың,
жана турсуң өзүң башкарып.

Кызмат, наам жана ордениң,
сатыларын билет ар бир жан.
Коррупция чыны Акүйдүн
Төбөсүнөн ылдый башталган.

Бири жесе, бири көрбөмүш,
бүт баарына конгон: «Келе!» – деп,
пара бермей, алмай жоргомуш
желкесиндей кетти желелеп…

Калкка көрбөйт эч ким камылга,
айтканымды кимдер төгүн дейт?!
Коррупция өзүң барыңда
гүлүн ачып гүлдөйт, жеңилбейт.

Чоңдоруңду котор, көтөрбө
иш өзгөрбөйт сөздүн аныгы.
Канча болсо сенде ошончо
коррупциянын турат тамыры.

Жазылбаган мыйзам эзелтен,
жегендерди жеген кош колдойт.
Жок болмоюн өзүң Акүйдөн
коррупция деген жок болбойт.

*Май, 2003-ж.*

## ШЕКТЕНЕМИН

Кыргыздардын мамлекет болгонуна
эки миң жыл болгон болсо чындан эле, –
Эл чыдабай реформа кордугуна
тентип Сибирь, казакка качпас эле…

Мамлекет болгонуна эки миңден
эки жүз жыл ашкан болсо чындан эле, –

андай элдин президенти шылтоо менен
конституциясын кайта-кайта бузбас эле.

Мамлекети ушунча жыл болгон олко
казынасында тыйыны жок тукулжурап…
Эл дегени олтуруп түрмөлөрдө
эл жегени жүрмөк эмес жыргап-куунап.

Ары айдаса ары болуп, бери айдаса
бери болуп, сатса дагы тууган жерин,
үндөбөгөн ушул элдин карт тарыхта
ушунча жыл болгонунан шектенемин.

Ушунча жыл уюса эл болуп улут,
Жерин сатса «бизди сат» – деп баары жаалап, –
Жүрөктөрүн кылычтардай суурул чыгып,
«жоо кайдалап»… көл, тоолору тура калмак…

Ушунча жыл болсо элдин мамлекети
анан жылдап ашса ишке закондору, –
өзүмө деп элди эшекке мингизбестен
элди ойломок эл башкарган ар бир чоңу.

«Манас» миң, «Ош» үч миң жыл, күлкү келген
той тойлошту биздин чоңдор койго болбой.
Карап турсаң партитура түшүнбөгөн
диржерду оркестрде ойнотпондой…

*28.01..2000-ж.*

## Президент А. АКАЕВ АРКЫЛУУ КЫЗЫ Б. АКАЕВАга БИР АРНОО[1]

Жеринде жүрбөй элчилеп,
Жегениңден берчилеп, –
Шыңга бой кыргыз кыздары
Шыбырда жүрөт тентиреп.

Каткырык сөзгө алданып,
Кайырчы болуп жан багып, –

[1] Бул ыр «Жаңы ордо» гезитине 2005-жылдын 11-мартында жарыяланган.



Калдайган калктын канчасы
Казакта жүрөт сандалып?

Калкыңа калпты кайнатып,
Какшасаң тилиң бал татып.
Шор элди укмуш шорлоттуң
Шорподой шорун кайнатып…

Бир ишиң алга жылбады,
Бир жүргөн кишиң жыргады.
Кайгырып калкың ыйлады,
Командаң гана ырдады.

Сен президент болгону,
Кыргызга бакыт конбоду.
Он беш жылда – жүз жылдай
Артына кетип оңбоду…

Деми менен атанын
Депутаттыкка кызы өтсө, –
Уядан эмне көргөндү
Учканда алса эгерде;

Үзөңгү-Кууш, Кум-Төрдөй
Четке көп кен-жер кетет го.
Атасынан арттырып
Атпай журтту эзет го…

Бийлиги өтпөй балдарга
Өмүрү менен түгөсө, –
Түркмөнбашы булардан
Адилет тура миң эсе.

Эстелбей элдик муң, кайгы
Элеңдеп күтүп ыңгайды.
Дарты анын уул кызына
Бийлигин берүү турбайбы.

Койгулап ар кыл жалганды,
Бийликти бербей эзели.
Атасы бизди, балдары
Балдарды биздин эзеби?!

## В. И. ЛЕНИНдин ЭСТЕЛИГИН ЖЫЛДЫРЫП КОЮЛГАН ЭРКИНДИК СТАТЬУЯСЫНА

Кумган курсак, куш канат
кут учурган бул аял, –
куу талаада кумсаңдап
куду жылаан уу чачар.

«Турду мында жакшы эле,
эми менмин жакчу элге»…
учуп кетти Ленин
уусун бир аз чачты эле.

«Күн болуп чыккан чыгыштан,
кайран гана Ленин ай…
Жакшылыкты унуткан
жарым акыл элим ай.

Ач кедейди атадай
ар жыргалга тундуруп, –
тентиретпей, жер сатпай
турган элди куллунтуп.

Кумган курсак, куш канат
кут учурган бул аял, –
Ленинге — сүйгөн калк
Кайдан болсун барабар?!»

Дегендерди куушуп
дегдеңдете сабады ай…
Туруп алды анан бу
Туйлаганга карабай.

Көрк, келбети башкача
Чакыргандай күйүттү.
Болалбайт көккө койсо да
Ленидей элге сүйүктүү.

Табылбай жүрөк дабасын,
кайкып учуп капталдай, –
кайгылуу шилтеп канатын
пара издеп бара жаткандай.



Ичи ириң, сырты ийги,
ким душман да, ким кандай?!
Өзүнө каршы кишини
Өңүттөн карап тургандай…

Жүзүндө калкка каар миң,
Жамандык жасайт оюнан.
Жалжайган бул аялдын
жакшылык келбейт колунан.

Кумган курсак, куш канат
Кут учурган бул аял, –
Шу аялды караган
Калктын кайтпас шору бар…

*2003-ж.*

## БАБАМ СӨЗҮ

Түнкү ойлорум туйлап чыгат бороондой:
«Оңолбойбуз, Акүйдөгү жоголбой,
томсортушту тоо, токойду ал эмес,
жер алдында алтындар бүт тонолду ой»…

Ичим улуйт, итим улуйт, уңулдайт,
ач көздөргө аккан доллар тыйылбайт…
Ачтан өлүп бараткандар онтоосу
Акүйдөгү акмактарга угулбайт.

Акүй карап оку – дешти намазды,
а өздөрү казынаны талашты.
Көөнө калктын көрбөгөнү көр болуп
көз жаш эмес көздөрүнөн кан акты.

Арылбаган шор бар беле калкымда?
Көп жагынан калдык көп эл артында.
Алтын элим, чайпалсаң да төгүлбө,
азайсаң да соолуй көрбө, тартылба.

Кадыр-барктуу калкты билген өңдөнбөй,
башка элдердин башчысына тең келбей,

биздин чоңдор карап турсаң бүт баары
Бирден кийин турган жалаң нөлдөрдөй.

Анан дагы эл бийлейм – деп кодоңдойт,
өзгө дебей өз тууганын оңолбойт.
Бабам сөзү батар күндөй балбылдайт:
«Эл турмушу баш оңолбой оңолбойт»...

## ДАНИЯР ҮСӨНОВДУН МОНОЛОГУ

Эй, жаш балдар, президент боломун деп
айтпагыла!
айтпагыла!
Айтып алып эмне болдук азыр биз,
күлүп койгон күлкүбүздөн
сүйлөп салган сөзүбүздөн
күнөө таап
суурулууда тилибиз...
Эй, жаш балдар, айтпагыла,
айтпагыла
чоңойгондо президенттикке
өзүмдү коемун – деп,

мындан жакшы президент боломун деп
андай болбойт, анткен оңбойт.
Бир элге бир президент болуш керек
жетет ушул президент
өзүбүзгө өмүр бою:
ачык колу, терең ою, таза жолу. –
карыздар – команда эмес
калкыма жетсе болду –
дейт да чуркайт, такыр тынбайт,
өзүнө албайт, элине арнайт.
Өзү илимпоз, момун жоош, сүйлөйт кооз,
мындайлар бир кылымда бир төрөлөт
мындайдын жөнү бөлөк,
эртеңки эмес
кылым мурун келе турган
ишти көрөт, шого шунча көңүл бөлөт,
күлгөндө жакшы күлөт,
күнү-түнү эл деп жүрөт.



Кудай буйруп,
бир берип койгон экен өзүбүзгө
ушуну шайлайлы биз ушул күздө,
башка көп кандидаттар турбайт түккө
жетпейт алар акаевдик улуу күчкө.

Эй, жаш балдар, тамаша эмес
чындап эле айтып жатам силерге мен,
болбойт азыр өзүмдү өзүм билем деген
биле турган азыр башка,
ошон үчүн жапжаш туруп
саясатка
аралашпа,
андан көрө кирип алып
аты бар, заты жок
коммерциялык институттарга
окуй бер акча төлөп, убайды ошол берет.
Эч качан эч убакта
президент боломун деп
бирөөгө айтпа...
Анткени биз эмне болдук
көрдүк, кордук, кантип оңдук...

Эй, жаш балдар, эч ишенбе
демократия деген кепке
бийликченге кежеңдешпе,
тигил өлкө тигиндей деп
а биздики мындай деп
мээни эзбе.
Өлкө иши өйдө-ылдый
боло берет өткөөл кезде.

Эй, жаш балдар,
эч качан эч убкта
президент боломун деп
бирөөгө айтпа
азыркы заман башка
кагып кой, болосуң деп бирөө айтса...

Бир элге бир президент болуш керек
ал президент – ушул демек

күлүп койгон күлкүсүнөн
Күн нурундай бакыт келет.
сенин күлкүң эмне берет?!

*2001-ж.*

## РОЗА ОТУНБАЕВАГА

Таланттын тартып азабын,
Талаалап көп жыл жашадың.
Кыйналбай кылым өтсө да,
Кыргызда жүрөт атагың.

Көп болгон, болот: тайгандын,
Күлүгүн түлкү сүйбөгөн.
Жамандар жакшы адамдын,
Кадырын баалап билбеген.

Сен дагы болдуң ошондой,
Ар айда ар иш котормой…
А бирок камчы салдырбай,
Ак иштеп кеттиң бозорбой.

Жүрбөдүң анда бекерден,
Акыл көп сенде чет элден.
Акылың жумшап акылдуу,
Элди ойгот ачка кезерген…

Жасабай ишин эркектин,
Жалпаңдап жүргөн эркек миң…
Көздөрүн ачып май баскан,
Милдетин аткар эркечтин.

Эшикте эч жок эшеги,
Эл итке минген кезеги…
Жигиттер менен эл деген,
Тагдырын журттун чеч эми!

*2004. декабрь.*



## ТҮРМӨДӨГҮ ДЕМОКРАТ ТОПЧУБЕК ТУРГУНАЛИЕВГЕ

Өчсүн деп сууну чачканда
Өчпөстөн кайра очошуп –
Алоосун чачып асманга
Жалындап күйүп жеке өзү;
Караңгыда жол таппай
Каңгырап калган калкына –
Жандырып жанын чырактай
Чыңалып турган дайыма…

Казыктай кагып ийишсе
Кайраты калбай азайып –
Кайрадан күчөп миң эсе
Кажана берген какайып;
Урса да мизин ташка чоң
Курчунан такыр тайбаган.
Эртеңин элдин ойлогон
Өзүңдөй бизде аз адам.
Эл дудук болуп турганда
Булбулдай болуп сайраган.
Элим деп барган кууралга
Элимде сендей канча адам?!

Топчудай өзү болсо да
Топ бузар күчү тоого тең.
Тизелеп баары турганда
Тик карап турган Топчукем.
Асманды чапчып айбаты
Арстандай болгон Топчукем.
Өзүңдөй болсо он чакты
Болмокпуз өзгө элге тең.

Адамдын алы жетпеген
Ажыдаар менен алыштың.
Куураган кудук түбүнөн
Кулпунуп күйгөн жарыксың.

Башталат дешет түрмөдөн
Тактыга барчу таасын жол.
Токтогул жаткан түрмөдөн
Чыккыча Токо, аман бол.

Кезек эки – өмүрдө
Илгертен келген жол ошол.
Зордукчуну түрмөгө
Салгыча Токо, аман бол.

Өчсө да оңдун кызылы,
Өзөктөн очуң өчпөсүн.
Жүзсүздү элден жоготчу
Жүрөктөн тамыр көктөсүн.

*2001-ж.*

## СИЗОдогу досум КУБАНЫЧБЕК ТУРМАНБЕТОВГО

Кутулушуп кубанганды карасам,
Кубанычбек, өзүң жоксуң, сен жоксуң.
Ансыз деле алдан тайып алдыртан
Онтоп турган жанды кайра онтоттуң.
Кылкылдаган жигиттердин ичинен
Кыраан куштай кымбат курбум көрүнбөйт.
Мен курбумду өзүнөн көп түшүнөм,
Миң кыйнасын ал ийилбейт, жеңилбейт.

Жашта мээнет, карыганда доолот дейт,
Түрмө көргөн түбү күчтүү чоң инсан.
Кубанычбек куттуу күнү жөн өтпөйт
Күн оордугун жеңилдетет ал ыкчам.

Акыр бир күн кара кетет, ак калат,
Кеткичекти жүрөктөргө так салат.
Так салса да жалыныңды өчүрбө
Такка барчу жол түрмөдөн башталат.

## ФЕЛИКС КУЛОВ АКТАЛГАНДАГЫ ЫР

Ар-намыстын кулу болуп жатканда,
Ар-намыстын туусу болдуң чыкканда.
Ар кыргыздын көккө жетет төбөсү
Фамилияңды же атыңды укканда.



Эссиз бийлик сага эмнени кылбады,
Отко салды, чокко салды кыйнады.
Серпкен сайын сен сепилге айланып,
Чапкан сайын кылыч болдуң кындагы.

Алдан тайып абактыда жатсаң да,
Атак-даңкың обододу асманга.
Сага деген элдик үмүт жылдыздай
Балбылдады жол көрсөтүп басканда.

Тагдыр иши кандай татаал, кандай так,
Ак ийилет, бирок сынбайт ар убак.
Эркиндикке туйлап чыктың туйгундай
Тууган элиң толкуп турду кубаттап.

Сен эркексиң тазга тизге бүкпөгөн,
Сен жигитсиң ырайымды күтпөгөн...
Калың элден кол бергенге кол жетпей
Кубангандан эрип турду бүт денем!
Көп күч керек кыйраганды курушка,
Ыпластыкты ыйман жакка бурушка...
Алтын такта олтурсаң да ар дайым
Абактагы кара нанды унутпа.

Кыргызымдын шаары менен кыштагы,
«Акта үмүттү!» – деп кыйкырды бүт баары.
«Эл багар уул ээрде уктайт», андыктан
Бергениңден берелегиң көп дагы...

*Апрель, 2005-ж.*

## ДЕПУТАТ БОЛОТ ШЕРНИЯЗОВГО

Сай суусундай сапырылып санаасы улам,
Атпай кыргыз намысы деп күйүп-жанып, –
Эр Манастын кырк жигити арасынан
Эл-жери үчүн тирүү калган сыяктанып...

Жүрөт Болот! Жүрөгүнөн эл-жерди ойлоп,
Эл-жеринин салтын улап, даңкын коргоп...
Эл шайлаган ар депутат шундай болсо
Итке минген ушул турмуш башка болмок.

Керек десе жерден тапкан коктогүнү,
Тирилткен бул тилсиз калган кокборүнү.
Өзүнө өзү ыраазы болбой кан кайнатып
Качан болсун каалап турган өзгорүүнү.

Бу жигиттин жонү башка, жонү болок,
Басып өтсө куурап калган чөп когорот.
Сараң байлар битин сыгып, канын жалайт,
А бул жетим, жесирге акча чачып келет.

Намыс-арды нандай ыйык коргон жигит,
Нар көтөрбөс жүк көтөрүп конгон жигит.
Калбаат дене, кабак-кашын бир коргондо
Пайда болот ындыны өчкөн инсанда үмүт...

Салам берип, сыр айткандай ага кылым,
Сезе билет кумурска ыйын, элдин ыйын.
Депутат да, министр да болуш оңой
Шерниязов Болот болуш абдан кыйын!
Жүрөт Болот! Алатоонун арасында,
Бетинен өөп карысын да, баласын да.
Жоомарттыгы, жолборстугу жоого аттанган
Баатырга окшоп жомоктолуп калат ырда...

*2004, декабрь.*

## ИНИМ ЖЭЭНБЕКОВ РАВШАНГА

«Жараймын!» деп жаамы кыргыз намысына,
Жаңы түшкөн улуу инсандар жарышына,–
Жээнбеков Равшан аттуу жаш жигиттин,
Калкым кара, даңкан жарган арышына...

Мындай балдар топ-топ болуп көчө таптап,
Чылым чегип, арак ичип, ырсалактап.
Жайнап жүрөт... бу жигитте такыр башка
Элге деген, жерге деген улуу максат!

Отузунда ордун таппай, жолун таппай,
Элине эмес атасына жүргөн жакпай.
Арбын, арбын... а бул жигит иши менен,
Дааналанып таанылa алды кыргызга атпай.



Уккан жанга уюп калган ар бир сөзү,
Ушул уул улап кетет үзүлгөндү.
Тунук акыл, таза ыйман, көп тил билген,
Көптү окуган жалпы кыргыз жаш үмүтү.

«Элин багар, уул уктайт ээр токумда»...
Жанын үрөп бөксөргөндү толтурууда.
Айткан сөзүн айткан сөздөй аткаруучу,
Жакшы чыкмаң – калайык калк келди алдыңа.

Менин уулум болсочу дээр ар бир ата,
Бул жигитти өзүң карап, өзүң баала.
Чамгарагы чайпалган бул чаңдуу жолдо,
Туйлап турган тулпарыңды көрбөй калба.

Калайык калк таланттууну танбай тааны,
Акыл менен алтыныңды жезден айры.
Уруу дебей – улут десең улуу кыргыз,
Элибиздин учу узарат улам дагы...

*Январь, 2005.*

## КӨЛДҮК ДЕПУТАТТАР

Көлдүк депутаттар,
көлдөгү булактардай,–
көпчүлүк сессияда
олтурушат оозун ачпай.

Көзү бар, бирок көрбөйт,
кулагы бар, бирок укпайт.
Көлүн соолтуп салса дагы
көгөрүп унчугушпайт.

Топ жарып бир да чыкпайт,
Акүйгө айланчыктайт.
Тоосун берип койсо деле
томсоруп бир үн катышпайт.

Сессияда жоош, момун,
серпилип айтпайт оюн.
Көлүнөн ыйык көрөт
депутат значогун.

«Айт» десе, «куп» деп жонеп,
чимириктей доңголонот.
Олтурган столдорун
тоосунан бийик корот.

Күйүшпойт элге, жерге,
билишпейт намыс эмне?
Чечиреп жаагын жанып
чер жазат эт жегенде.

Карашпайт тоого, сууга,
шарактайт той-топурда
Калкынын ишеничин
казино ойношууда…

Эй, колдук депутаттар,
атадан келе жаткан
калыстыкты кармагыла.
Тилекмат, Садыр аке,
Кыдыр аке, эр Балбайдын
Саякбай, Түгөлбайдын
арбагына калбагыла!

Эй, колдук депутаттар,
унчукпай жүрө берип
дудук болуп калбагыла.
Алса да тилиң кесип
атуулдук арды сезип,
Чындыкты сайрагыла.

Эй колдук депутаттар,
«куп» деп эле кулай берип
кул болуп калбагыла.
Эркектик жигериңди
жигиттик жүрөгүңдү
эл-журтка арнагыла!

*2003-ж.*



# «ТУШАЛГАН ЧАГЫЛГАН» ЫР ТОПТОМУ

I. 7-февраль 2002-жылы жарыялангандан 28 күн өткөн соң каза тапкан «Эркин Кыргызстан» партиясынын төрагасынын орун басары Шералы НАЗАРКУЛОВДУН арбагына

Элдин баары ачкачылык жарыйалап,
өлүп калаар бекен деп турса карап,
өкүмдардын табасын кандырып сен
талчыбыктай кыйылдың аттаганат…

Жылмаңдаган мыйзамды, соймоңдогон
сойку баштар соолтушту чийип, бузуп…
Кармашууга башка жол табалбастан
кайтпас жолго кете бердиң боорум, учуп…

Сен тамчысың – кете турган селге айланып,
чакырыксың – чаап кетчү элге айланып,
же кыргыздын кыйналганын шейиттерге
кабарлайын дедиңби сен эрте барып?!

Сен жүрөксүң! Адилеттик үчүн өлөөр,
ал жүрөктүн уландысы баарыбызда.
Кайсы кордо жатпасын жетип келер
жардамгалап кыйналган эл үнү угулса…

Өлгөн жоксуң талашып таштандыны,
өлүмүң түшүнгөнгө эрдик – өлүм!
Элдин баары ачкалыктан өлүп калбайт,
сендей болсун көзүн ачып көрүнгөнүң.

Кайран жигит! Миң жүрөктү зыркыраттың…
Наадандардын наадандыгын ала жаттың.
Каар, ыза толуп турган жүрөктөргө
өлүм менен жалп эттире отту жактың…

*февраль, 2002-ж.*

## II. АКСЫЛЫКТАР

Бекназаров шылтоо эле…
Негизгиси «Үзөңгү-Кууш», «Каркыра», «Сох»,
четке берген,
бүт баардыгы ченелип акча менен
пара берсе кызмат берген,
ак ишти бир заматта кара кылып
бир заматта темселеткен –
«Бул туура эмес!» дегендерди
бирден терген,
эл тажап шундай ыплас саясаттан
ыза, ыйын канча жылдап ичке каткан
чыгарды мына бүгүн,
оту күйдү жаш Үмүттүн…

Ким өз элин мөгдүрөтсө
жазасын Тагдыр тапсын.
Президент элин атса
Президентти Кудай атсын!

Эй, жигиттер, шейит кеткен…
эрдигиңер – чагылгандай
көөдөй түндө
көзгө сайып бир жарк эткен!
окшоп калды
зилзаллага
бүт бийликти калтыратып,
титиреткен!
ошондуктан ар бириңди
Чолпонбайга теңеймин мен!
Ар кыргызда Чолпонбай бар
чакырыкты күтүп жүргөн,
жардамгалап чыркырасың
чыга келет жүрөгүңдөн…

Сансыз бутак өсүп чыгат
бутак сынса,
суу кузгундайт тоскон тосмо оодарылса…
Өз элине чоңдору теке болгон
теңсиздикке чыдабайт башка эл мынча.
Кыргыз жоош, кыргыз момун,
бирок, бирок



түшүнбойт деп кемсинтип шылдың кылса
түкүрүп бүт баарына түтөп-күйүп
калабаны баштап салат аксылыкча…

…Кыргыз огу кыргыздарга таамай тийет
ушул жаман жосунду эл жакшы билет.
Эмне үчүн ата-энеден чыккан балдар,
Ата-энедей карыларды атып ийет?…

Эй, Аксынын милиция жигиттери
Кантип басып жүрөсүң кан тамган жерди?
– Ат! – десе да, атпай койсоң абийир болмок
өзүң билген тууганыңды, ата-энеңди…

…Башка тийген ошол октон
мындан дагы миң бир эсе эстүү, эрктүү
жапжаш балдар төрөлөт да –
мындан калыс, мындан дагы бакыбат
апкелишет замананы бир башка…

… Бул кыргынды акын Өтө көргөн болсо,
көз жаш менен көл дайра ырын төкмөк,
Ныязаалы атабыз комузунан
кан куюлтуп кайгылуу күүн чертмек,
а Темикем жазуучу соройгө окшоп,
телевизордон сөз сүйлөбөй:
«Биздин жерде биздин кандын акканы
Батып кетти жаныма…» – деп
салгылашка кирип кетмек.
Жалаң эле булар эмес
жалаң эле «Кербен» эмес
бүткүл кыргыз: «кул болуп жашагыча
баатырларча өлөм» дешмек…

Ар жүрөктө түнөп жүргөн
атпай журттун оюн билген
Аксылыктар! Аксылыктар!
Ташты тешер тамчысыңар,
Үрөнсүңөр чыкпай турган жерге чыгар
көптө турбас мобул ызгаар…

Көп болсо экен алдыдагы жакшылыктар!

Эрдигиңер дагы көптү демеп сүроор...
Аксылыктар демек силер
экстермист эмессиңер.
Ар кимдин акылына акыл кошор,
наадандыкка төштү тосор,
Улуу элдин муундарына
Улуу күчтөй керексиңер!

*Март, 2002-ж. Аксы.*

## III. СӨЗ УГУЛАТ ӨЛГӨНДӨ ДА ЭСТЕ КАЛЧУ

Көлөкө шейит менен бир көз жумду,
көлөкөсүз калды терек, калды тал да.
Көрүстөн көпчүлүктөй улутунду
окшошуп уйаты жок заманага.

Жел октон буйтап кетип калып аман,
мурдагыдай ээн-эркин жортпойт азыр.
Кана ичип кызыл-жайан аккан кандан
акимдердей кейпин түзөп алды такыр.

Аксылыктар өкүмдарды турат жерип,
аткандарга атылчудай тоонун ташы.
Алты адамга арнап курган бул эстелик
чыныгы элдик эрдиктердин формуласы...

...Жокчулукта тиштем нанды көздөн учкан
үн жок, сөз жок узаткандай жетим үйгө –
байбичелер колмо колдоп туйлап турган
жүрөктөрдү тоого узатат кеч күүгүмдө.

Конгон жүрөк улуу тоонун уйасына
кези келсе бүркүт болуп көккө атылат.
«Эркиндик!» – деп кылчайнашкан үн угулса
жол көрсөтүп көөдөй түндө шаңшып турат...

...Түндө кошок кошкондор тышка чыгат,
калдаңдатып көйнөктөрүн узун, кара.
Шейит кеткен тирүү менен шыбырашат,
уккан оозун баса коет шо заматта.



Ок тешкен дарактардын бутагынан
уу аралаш тамчы тамат, тамат тамчы...
Дайра, тоонун жана алардын шыбышынан
сөз угулат өлгөндө да эсте калчу.

*Бозбиек, июль, 2002-ж.*

## IV. ЭСТЕЛИК АЛДЫНДА

Кандай сырды каткандыгым
жан адамга билгизбей,
бешөө үчүн беш миң үйдөн
чыккан беш миң кошоктордун
жана өзүмдүн ырларымдын
сөздөрүн бүт
топурактай жууруп канга
айкелиңе коем сынбас кирпичтей...

Ошол сөздөр силерге окшоп
өлүп калбай
ар заманда,
ар бир келген адамга
арман-зарын айтып турат зар какшап:
– Аман-эсен калганыңар
сак болгула!

Жолдо, жондо
жолбун иттей шимшилеп
жаш кан издеп
көрүнгөндү жалт-жалт тиктеп
учуп жүрөт
жүрөк, мээге мээленген
мээрим билбес мерез ок.
Сак болгула,
сак болгула!..

Эй, жигиттер шейит кеткен
өзүңөргө тийген октор –
айланышып тушалган чагылганга,
айланышып канаттуу миң суроого,
арыз, муңду укпай калган
кансарайдын кaалгасын
кансырата такылдатты,
такылдатты.

Кайып болуп качып кеткен
калыстыкты кайра бизге
жарым карыш жакындатты…
Өлүмүңө оңгоч үзө окурөбүз
окүрүктө
беш кылымды бизге саяр
өчкө уккан чагылган бар
чагылганды коргө камай албайсыңар,
жана тушай албайсыңар,—
ар жүрөктө чагылгандын үрөнү бар!

Биз кошокту али кошуп бүтө электпиз
кан кайнатып канда айланат кек, өч кеткис.
Бекер эле кыйылган жок беш жаш өмүр
чөптүн башы желге ыргалбайт эч себепсиз.

Акылынан бийлиги чоң
эй, өкүмдар!
Бир кездерде
Акыйкаттык айлыбызга келген кезде
кеч болсо да
Кум-Төрдүн алтыны окшоп
жалт-жулт эткен
уяты жок жүзүңөргө
түкүрүшөт балдарыңар.
Кылым бою эч токтобой
агып турган арман-муңу, –
түйүлгөн муштумга окшош
эй, беш мүрзө кожоюну!

Силердин түрс-түрс соккон жүрөгүңөр
айланып жер жүрөгүнө, –
ай-ааламды таң калтырып
турат Жерди айлантып…

## V. СИЛЕРДИК КАН…

### I

Күн менен түн теңелээр
бирок, бирок
теңелбейт бай, кедейдин укуктары
эч убакта



Бай деген бай ар кыл окко толтурушат
«Ачкамын» – деп кедей байкуш оозун ачса.
Чындыкты көрбөш керек, укпаш керек
эгер көрсөң желден ылдам –
ок көзүңдөн кирет дагы
чыгып кетет кулагыңдан…
Чээндеги айуга окшоп
уктап калган,
акылыңды ойготпо эч,
ойготсоң ошол замат
ок мээңе кадалат тез…

### II

Жердин бетин бербей аккан ушул кан,
Эркиндиктин эскирбеген мооруңдөй.
Кандын өчүн койо бербей эч качан
аңдый берет айткандарды көрүнбөй.

Эркиндикти жапшыра аткан ошол ок
каар чачып кайнап биздин жүрөктө,
адилеттик таңы атканда айла жок
аткандардын тиет, тиет көзүнө.

Жайкаңдашат жайлап салып жаш, чалды:
«Коркпогонду коом шүнтүп тазалайт…»
Күнөөсүздү аттырганды, атканды
ишен бир күн Акыйкаттык жазалайт.

Кыргыздардын жүрөгүндө кылымга
силердин кан желек болуп желбирейт.
«Калыстык!» деп айткан кыргыз барында
эрдиктериң эч унутпай белгилейт.

*Кербен, июль, 2002-ж.*

## VI. БЫЙЫЛКЫ ЖААН

### I

Конөктөтпөй, баштап алып башын жай,
күндөп-түндөп, айлап жаап басылбай,
быйылкы жаан бир башкача
Кудайдын
Аксылыктар үчүн төккөн жашындай.

Наар албай эриндери keберсип,
кыйкырганды кылкылдаган эл ээрчип.
Ал ансайын жамгыр укмуш катуулайт
сен түшпөсөң мен басылбайм дегенсип...

Жамгыр, жамгыр, тоо, жар көчүп, жер көчүп,
толкуган эл тоо кыйалын көргөзүп,
толкуп ташат... отко салба ойуңду,
өмүр кыйба өчөшпөскө өчөшүп...

Ачыр көздү, көп нөшөрлөп карайба,
айбар элдин алды-артын абайла...
Нарктууларды насибинен калтырган
нарк билбеген наадандарга тап айла!

Адилеттик ала салып калганга,
алдан тайып таппай турам жанга арга.
Ар бир тамчың ак жарыкка айланып
шам болсо экен караңгыда басарга...

Тоо чылк туман түн чүмботүн жапкандай,
дайра ташат тагдырына шашкандай.
Ар тамырга тамган тамчы
кайратка,
жана эркке айланышып жаткандай,
тып-тып анан... шыбыр-шыбыр... ким билет
мүмкүн алар үлгүрбөскө үлгүрөт...
Нарын дайра дабыш берип алыска
нардай ташка мойнун жатат сүргүлөп...

II

Каардай кара туман каптап жаңы,
көз ачырбай көктөм ылдый жамгыр куят.
Сатылып кеткен жерге Кудай дагы
боор оорутуп боздоп ыйлап турган сымак,
шолоктойт, басаңдатпайт, кайра күчөйт:
«Жамгыр мисал жер саткандын көз жашы аксын».
Асмандан аны коштоп күн күркүрөйт:
«Куурагырды арбак тапсын, кудай атсын»...



Токтобойт, күндүр-түндүр шатыр-шутур,
чагылгандын жарк-журк этет ак кылычы.
«Улутка күйбөгөндү урсун кусур»...
Ураан айтып түшөт жамгыр ар тамчысы.

Жер огун кайгы менен тегеретет,
энөө жүрөк эмнегедир зырп-зырп этетэ
Сур булут аста жылган арбактардай
болор селди маңдай сылап эркелетет.

*май, 2002-ж.*

## VII. ТОЛКУ ТОЛКУН!

Кара туман кара түндөй капкара,
Кара аскадан жарк-журк этет чагылган.
Айлананы бир көргөзгөн жарыкка
Наразылык үн угулат алыстан:

«Кереги жок бизге мындай жарыктын,
Көрбөгөндү көрүп карек талыттык.
Андан көрө бизге жагат караңгы,
Көрбөгөнгө айткан сөздүн баары чын»...

Кара тоого аскага кайкалаган азапта
Тоодой толкун карс урулуп жанчылат.
«Кай күнөөңө кыйнайт сени Жараткан»...
Саа карасам карегимден кан чыгат.

Кара жамгыр ысык жаштай жан тешет,
Күр-шар урган албуут толкун күрр этсе.
Оттой ойду толкун ылдый алпкелет,
Ар бир урган толкун үмүт жүрөккө...

Толку толкун! Бүткөн бойду дүркүрөт,
Тоо титиреп, болсун булут будуң чаң.
Калк кайгыдан акыр бир күн силкинет,
Анан көрөт жолун эчак бузулган.

Толку толкун! Ай-асманга атырыл,
Чагылганды чачып ийбе, өчүрбө.
Азыркысын, анан болчу тагдырын
Көрсөт элдин көрбөй калган көзүнө.

*Ысык-Көл, Бозтери. 18.08.2003-ж.*

## «МОЯ СТОЛИЦА» ГЕЗИТИНЕ ЖАН ТАРТЫП

Калктын четте тентип жүргөнүн,
көрүп өздөй кейип күйгөнүн, –
окуганда ойго ой кошкон
«Моя столица» менин сүйлөмүм.

«Кыргызстан – укук өлкөсү»…
бирок элдин жалгыз укугу, –
канча десе калктын «көсөмү»
дал ошончо шайлоо утуру…

Кыргыздарга кыргыз кылбаган,
жакшылыкты жасап бөлөк эл, –
сатылбасын дешип ыйлаган
сатыларда четке кыргыз жер.

Сен айткансың сөздү айтпаган,
кимдер кантип, атты элге окту…
Борборунан орун таппаган
сенден тапкан орун очокту.

Убаданы угуп оңдогон
эл турмушу такыр оңбоду.
гезит эмес элди кордогон
силерсиңер, Акүй чоңдору.

Жемексиңер элди эчактан
орус, татар, корей болбосо, –
ошолордун бизде барынан
кыргыз эптеп жүрөт эсен соо…

Жүргөндөрдү бийлик жашырып,
ачык айткан калыс сөзү үчүн, –
ак жеринен дарга асылып
бараткандын өзү өзүңсүң.

Окугандар муйуйт сөзүңө,
сен Чындыктын жапжаш жүрөгү.



оодаралбайт Акүй өзүңө
өзүндөгү тоодой күнөөнү.

Ириңдеген коом жарасын
так көрсөткөн түнкү шамдайсың.
Өчүрүшсө жандан жанасың
сен эч качан өчүп калбайсың…

*декабрь, 2002-ж.*

* * *

Бил билип кой, чиним бар – деп чолжойгон,
бир кездеги СССРдин майору,
акылы эмес акча менен чоңойгон
сендей эчен генералдан жогору.

Эл сендейден ушунчалык түңүлгөн,
атыңды укса түкүрүнөт жиндене.
Эл милдетин сезип, таза жүрүүдөн
коммунисттер өйдө болчу миң эсе…

* * *

Ачып чоңдор кулкуңду
Акмакчылык дүр этти.
Жону калың журтумду
Жоо баскандай жүдөттү.

Уңгулуу эл, улуу калк
Унутуп ар-намысты, –
Акылынан ажырап
Атын таппай калышты.

* * *

Түтөп өчөт алоолонгон жалын да,
Жол болбосо куш кур калат табында.
Бийлигиңе, байлыгыңа чиренбе
Кези келсе кетет бир күн багың да.

Айла менен арстанды алат кумурска
Шумкар болот жумуру бул жумуртка.
Ойку-кайкы орден таккан тошуңо
Оомат кетсе ок тийерин унутпа.

* * *

Оомат менен ойрондотуп он жылда,
Атпай журтту артка сүйрөп кылымга.
Тартып алдың элдин ырыс-кешигин
Журт башчы эмес, чыккынчысың чынында.

Сендей элге кайрылбасын кылымда…
Эл эртеңин ойлоп койбой ырымга.
Кутман элди кулга айлантып барасың
Падыша эмес, баскынчысың чынында.

*6-март, 2005-ж.*

Өңүн көрсөм күлгөн жана күлбөгөн,
Ушунчалык жиним кайнап жинденем.
Атпай журтка айран-таңмын акмактын
Акмактыгын айтканынан билбеген.

Ал сүйлөсө айлам куруп кыйналам,
Күндөрүм көп күйүт тартып ыйлаган…
Кандай элсиң тарыхыңды талкалап
Тукумуңду туздап атса билбеген.

«Элим эртең болот баары бепбелен…»
Алдап атса ала баштык кеп менен,
Кандай калксың жер үстүнөн камгактай
Жексен болуп кетериңди сезбеген?!

*21.03.2005-ж.*

## ЭЙ, КЫРГЫЗ

Уусуна уруулуктун чыланышып,
чыр чыкпас жерден чырды чыгарышып,
көздөрүн тазалашса той беришип
бир бирин тизелетсе кубанышып, –



таруудай таарынчтарын тоодой сезип
жүргөндө эл эртеңин кессин дешип,–
бир бирин дөбөттөрдөй талаштырып
баратат балтыр биттер бактыңды эңип.

Башы бош ынтымагың бузуп туруп
баарыңды бөдөнөдөй тытыштырып, –
башына бийлигиңдин чыгып барат
өзүңдү ылдый жакка жылыштырып.

Урунттуу уруу жоорун байрак кылып
баарыңды өчөштүрүп, кайраштырып,
кансырап калган кезде шишке сайып
жериңден кетип барат айдап чыгып…

Эй, кыргыз, аңкоо кыргыз, тукум курут
болгуча кегиңди унут, өчүңдү унут…
Же ушу кечээ келген келгиндерге
жем болуп бересиңби тирүү туруп?!

Элим деп көңүлү кара, жаны жара
эрке эмес серке болор уулуң кана?!
атуул келсе келсин ары менен
уулбу көз ачпаган ушундайда?!

Өз элин алдыңкы элге теңебестен,
иш дебей ашка деген, пара жешкен,–
балдарды бабалардын арбагы урсун
байыртан атпай журт деп өтүп кеткен.

Акылда ак караны бөлалбаган
мурдунан аркы жакты көралбаган,
жамандык кара таандай каптап кирсе
калкына коргон болуп beралбаган, –
уулду уул дебе
калкым тыңда,
барбаңдап бакты алдырба келгин кууга…
…Турмушуң оңорун бил туйгун окшоп
туу кармаар уулдарың тунук туума.

*Март, 2002.*

* * *

Ырларыңдан чыгар курбум, жүрөк күчүн
Жашарсын окугандын жаны жыргап...
Бүгүнкү күндүн күүн чертиш үчүн
Коңур үн комузуңа жаңы кыл так.

Жаранды жарга такап кыстагандай
Жаңы күн жаңы ыргакка өтө муктаж.
Антпесең өрдөккө суу жукпагандай
Жүрөккө жүз жыл жазган ырың жукпас.

Мамыктай жаздык болсун капкатуу таш...
Бүгүнкү эртеңкиге көзүн ымдап, –
Жан курбум, жаныңды эзип жакшына ыр жаз
Кылымдар турсун үчүн жаңырыктап...



# ТӨРТ САПТАР

* * *

Чагылганда Күндүн ак куру
Аска учуна, анан тоо, дөңгө, –
Мен өзүмдү сезем бактылуу
Түндөн аман аны көргөндө.

* * *

Кабылбайын кандай отко, жалынга,
Кабылбайын кандай багыт, агымга.
Жакшылыкты жасайм бирөө-жарымга,
Деген максат жүрөт менин канымда.

* * *

Айтылбастыр, мүмкүн кээде айтылар,
Мен мезгилге коңгуроодой кагылдым.
Ар ырымдын үтүрүндө тагдыр бар,
Ар сөзүндө тамыры бар жанымдын.

* * *

Төрт мезгилдин төрт башкача көркү бар,
Кооз жерлер кооз бардык убакта.
Суктандырган, тамшандырган сулуулар
Сулуу болгон сыяктуу ар куракта.

* * *

Жаман жолдош көлөкө,
Күн бүркөктө таптырбай, –
Күн чайыттай кездерде
Жүрөт жанда айттырбай.

* * *

Жаш балаңа акыл айтсаң болуп мас,
Ушул сөзүм эстеп койгун баатырым.
Эр жеткенде ылжып алып ал жылас
Сабап туруп айтат сага акылын.

* * *

Аны айтып келжирейт,
Муну айтып келжирейт.
Генсек, пашаа, президент
Аты эле башка болбосо
Баары ушул элди жейт.

* * *

Айлыгым аз, байлыгым аз деген көп,
Акылым аз деген жанды көрбодүм.
Мыкты болсоң өз кемчилиң өзүң көр
Кемчилигин көргүчөктү оңгонун.

* * *

Бүгүнкүдө Эртеңкинин үрөнү бар,
Кечээгиден Бүгүнкүдө болсо түшүм.
Бүгүнкүнүн  кемин канча даана көрсөк
Ошончолук жакшы болот эртеңки Күн.

* * *

Өзгөртпөс жарлыгын,
Мыйзам бар жарыкта.
Ит иттик тагдырын
Алмашпайт хандыкка.

* * *

Ээ, Эрмегим, Эрмегим,
Жарымын бөлүп теңгеңин,
Бирөөгө жардам бергениң
Өзүңө жардам бергениң.

* * *

«Карыдыңбы? Саатым сага не болду,
Же алдыда, же арттасың көп токтоп?»
«Туура эмес жактары бар тууранын
Бу дүйнөдө туура жүргөн нерсе жок».

* * *

Жулам десе бороон жулат даракты
Чөгөлөгөн чөптү жулуп не кылат?
Алам десе бүркүт алат аркарды
Күйкө алчуга атырылса ага уят.

* * *

Башыңдан бакыт учканы,
Балаңдын начар чыкканы.
Балапаны ит болсо
Учалбай калат куш дагы.



* * *

Сөздү айтасың кайдагы
Элди ойлобос кеңкелес.
Кечирип кой, алдагы
Пара албаган бет эмес.

* * *

Табарың чын досуң кетсе досторду
Жарың кетсе табыш оңой жарды да.
Бирок, бирок тетир басса тууганың
Ал табылбайт. Тур да чыккын алдына.

* * *

Тузу жок тамакты ичкенсип,
Уйкашсыз ырларды окуйм да, –
Көрүнбөс жыгачты ичкертип
Күйгөнсүйм жалынсыз отунга.

* * *

Түнөргөн түпсүз деңизге,
Жылт коюп кетсем жаныңан.
Издегиң келсе мени изде
Жазылган ырым сабынан.

* * *

Кайгырган жанын сергитип,
Карлыгач учат шамалда...
Жаркыным сени эстесем
Жаныма таппайм жан арга.

* * *

Ар күн сайын күндөгү,
Көрүп жүргөн дүйнөнү, –
Бир башкача көргөзөт
Сүйгөнүмдүн күлгөнү.

* * *

Караганы, кашты какканы,
Андан укмуш эргип басканы.
Элжирешип өмүр  сүрүүгө
Элестетпейм андан башканы.

* * *

Таңкы  Чолпон сыяктанып таңдагы,
Бир жарк этсең жаралгансып жан жаңы,
Ошол замат эрип кетет обондой
Муз жүрөктүн эски муңу, арманы.

* * *

Көргөндө сени унуттум,
Көп сулууну мурдагы.
Күн чыкканда асмандан
Көрүнбөйт жылдыз бир дагы.

* * *

Дарылаш үчүн жаш ыргал,
Жанымды сен деп кыйналган.
Жыргал жок мага жок жыргал
Карегиң карап тургандан.

* * *

Арак, коньяк, шарап ичтим түнөй жатып,
Ал-күчүнө жараша анын мас кылганы.
Так ошондой ар сулуунун алдастатып
Ашык кылып арзуу ырын жаздырганы.

* * *

Жыттайм да жыпар жытыңан,
Жылмайсаң – канам жыргалга.
Жат көздү карап не кылам,
Жан көзүм жанда турганда.

* * *

Сүйүү, сүйүү өткөн сайын азайбайт,
Ойго түшсө оттой күйөт, татаалдайт.
Дүйнөдөгү бардык жыргал биригип
Сага деген сагынычты басалбайт.

* * *

Дүйнөдө чагылган да күйгүзө албас,
Кыян сел козголто албас, агыза албас.
Пирамида деп ойлобо, ал махабат
Саат билбес, мүнөт сезбес түбөлүк жаш.

* * *

Ташкаптырдың таза ойумду,
Тоспойм, тоспойм эми жолуңду.
Жүрөгүмдү жылытпасаң да
Сөзүң менен жылыт колумду.

* * *

Оозума оттой күйгөн жаным тиштеп,
Чындыкты таппас жерден таап издеп, –
Так тыңшап, таза жүрөк ырын жаздым

# СЕГИЗ САПТАР

Акыры бир аларлыгын бул ажал,
билип жүргүн, туйуп жүргүн бурадар...
Адам болуп бу дүйнөгө келгенге
ыраазы бол тоону, сууну көргөнгө,
көрбөй калсаң эмне болмок, не болмок,
эч бир нерсе өзгөрүлмөк эмес эч –
анда деле Күн беттеген жол болмок,
болмок эмес биз сүйлөшкөн ушул сөз.

* * *

Калемим малып каныма,
жазганмын ырым жанды үрөп,
Чындыкты айтып дайыма
чыркырап турган бул жүрөк.

Үлүлдө – долу мухиттин
толкуну уктайт тоо бузар.
Ырымдан мерез мезгилдин
ыргагын өзүң туюп ал...

* * *

Баш аман болсун – элде...
Жөнү жок, себеби жок, –
Алдастап алда неге
Кейүүнүн кереги жок.

Жан болбойт жаңылбаган.
Бир гана өткөн келбейт.
Табылат табылбаган
Жер гана алса бербейт.

* * *

Акыл ичтим булагынан Чындыктын,
Кайрат-күчүм канат мисал миң кырксын,
Кашык каным калса дагы каржалбай
Ар намысын аркалаймын кыргыздын.

Калыстыктын дайрасынан оозандым,
Адилеттик айдыңынан от алдым.
Кайсы шамал апарбасын кай жерге
Жүрөгүмдү алоолонтуп мен бармын...

* * *

Абийирден, ар-намыстан түк калган жок,
Тоону сатты, көлдү сатты, сатты жерди.
Сатканына дагы тойбой күчүн топтоп
Сатыш үчүн кармай албай жүрөт желди.

Каяккадыр качып кетти үмүт, медер,
Белчесинен батты эл-журт кайгы-муңга.
Элин саткан куучиренге көрүнсө эгер
Сатып иймек ошол замат кудайын да...

* * *

Жараны менен Жараткан
Кумардан чыга сыр чечер
Бир жери болсо самаган
Анда ошол жер – ушул жер.

Пендеси менен Теңирдин
Сүйлөбөс сөздү сүйлөшөр, –
Бир көлү болсо эңсеген
Анда ошол көл – Ысык-Көл.

* * *

Жакшы болот түшүмү,
Жарашса жерге үрөнү.
Таасын чыгат балдарың
Тандап алсаң бүлөнү.

Атты тандап минбесең,
Ара жолдо түнөрсүң.
Жолдошту тандап жүрбөсөң
Башыңа балаа үйөрсүң.



* * *

Атырылып ылдый агып жаткан суунун
Эч билинбей ойдо карай акканы бар.
Башканы кой, көктү тиктеп жаткан таштын
Жан туйбаган өз үмүтү, асманы бар.

Түгөнүүдө – улануу бар, күндө – түн бар,
Жок деген сөз – бар деген сөз, сен жок дебе.
Ууда – бал бар, өлүмдүн да өмүрү бар,
Катууда-суу, оордук бар – учкан желде.

* * *

Оролушкан жылаандардай ойлорду ойлоп,
Жаак баспай жалдыраймын Кудай Таала:
Мени уйат кылса мейли – бирок, бирок
Кыргызды уйат кылбай турган бергин бала.

Байлыкты да, бийликти да бербе маган,
Суранамын Ата арбагы жана Көк, Жер:
Кыргыздарды кылкылдаган кылымдарга
Көтөрүүчү кыздан көп бер, кыздан көп бер...

* * *

Дүйнөдөгү кайгы-муңдун эң бир зору
Өз элиңдин кор болгонун көрүп андан
Куткарууга айла таппай болуп оору,
Иттей улуп ийри жолдо калып калган.

«Тукумуңду курутууда, көз ач десең»...
Каары кайнап кайра сага муш кезеген,
Кемпайлардын эртеңкиси сокурга окшош
Келе жатып чыкпас жарга кулап кеткен.

* * *

Атакка бөлөп Мекенин,
Ар иши кетсе дүңгүрөп.
Таланттын талант экенин
Таланттуу билбей ким билет?!

Чабылса күлүк күдүргө
Чачырайт оту үмүттүн...
Күлүктү күлүк билбесе,
Эмнеси күлүк күлүктүн?!

* * *
Талдап, талдап ушу болду билгеним;
Реформа алга жылбайт, оңолбойт,
А себеби Кум-Төр эмес дүйнөнүн
Бүт алтынын берсең дагы бу тойбойт.

Чындык ушу – ата мурас кылымга,
Хан тойбосо ач көз болсо – эл шору.
Канча жолу куйсаң дагы кулкунга
Кудукка окшош билинбеген толгону.

* * *
Узак жаар жамгырдын
Катуу болот шамалы.
Көпкө турар пашаанын
Кандуу болот амалы.

Узак жааган жамгырдан
Узарат жер өрүшү.
Көпкө турган пашаадан
Көрбөстү эл көрүүчү.

* * *
От боломун, от болбосом ок болом,
Эч убакта чөот болбойм токтогон.
Өлсөм дагы бир жарк этип өломүн
Өлүм менен арты дайра окшогон.

Кайрый албай карт ажалдын тузагын,
Булут көктөн учкан оңдүү учамын.
Мен кетсем да, менден кетпес керемет
Алоолонтот атпай журттун кучагын.

* * *
Жоо алгансып бир заматта жоголду атым,
Жокту издеп тоону кантип аңтарасың...
Жорголотуп минсе бирөө минген чыгар
Жок дегенде ыраа көрбөй ыракматын.

Кудайымдын куттуу күнү жаңжал куруп,
Жарым кеткен жаздын күнү үйдөн чыгып...
Жаркылдатып жүрсө бирөө жүргөн чыгар
Жок дегенде айтып койбой ыраазылык.



* * *
Устун жок –баары жыгылган...
Унутуп шаттык, кайгыны, –
Чыркырап турган чымын жан
Чырр эте түшөт кай күнү?!

Өмүр бу – дайра жулкунган,
Билемин бир күн түгөнөт.
Компойгон менен сыртымдан
Ойлосом ичим зырр этет...

* * *
Таңда сайрап жаткан чымчык үндөрүн,
Үрөн мисал бүт жерине дүйнөнүн, –
сээп ийсе
жайнап чыкмак гүл болуп
күйүт билбей күлүп өткөн күндөрүм.

Таңды алкаган куштун таттуу кайрыгын
көккө чачса
чагылтып көк байлыгын, –
кайра өзүмө кандай болсо ошондой
кайтып келмек өткөн өмүр ай-жылым.

* * *
Арак десе эки көзү күйүп-жанган,
Жүздү соксо жүзтөмөндөп кулап калган.
Куту качкан кудай урган балдар арбып
Катын албай андан мурун аракты алган.

Көрүнүшү жезкемпирди элестеткен,
Уят-сыйытты унутушуп жайдак өскөн.
Кыңшаңдаган кызыл тумшук кыз көбөйдү
Жигитинен мурунураак чылымды өпкөн...

**Айдарга**

* * *
Түшүрбөдүм мойунуман
бир бастырбай сени жерге, –
ошо бойдон алтын балам,
түшпөй койбо эр жеткенде.

Тапкам нанды кара жаным,
таш көтөрүп кара жонго, –
ошол нандын ошол даамын
унтуп салба чоңойгондо.

* * *

Аксам дейт кудук дагы кези келсе,
Кум дагы мурдагыдай таш болсом дейт.
Абышка жаш кезегин эстегенде
Тим эле көздөрүнөн жаш көноктойт.

Ак жибек айлансам дейт жалбыракка,
Ак булут сагындым дейт чыккан жерин.
Кыз кезин бир тиши жок кемпир айтса
Тим эле күйөт экен күйбөс жериң.

* * *

Бири тегиз, бири ор,
Илгертен шундай ушул жол.
Ушул жолдо жоодурап
Жолуккуча аман бол.

Жашоо татаал, жашоо оор,
Жарк этишке тийбес кол.
Көздөн билип көңүлдү
Көрүшкөнчө эсен бол.

* * *

Ыр дебейм мындай улушту,
Уңулдап кечке курутту.
Буламык кылып салыптыр
Батышы менен Чыгышты.

Музыка түбү элде бил,
Муң-черди жазбай элге бир…
Муздаткан жүрөк, денени
Музыкаң менен жерге кир.

* * *

Булбулдун ар бир кайрыгы
Кайрыкка толо миңдеген.
Так ошо таза сүйүүнүн
Сүрөтү тарткан үн менен.



Бур этти жытың баягы
Айланды башым тумандай.
Учуруп кыял санаамды,
Ордумда турдум жылалбай.

* * *

Атыңды кайта кайталап
Бүтүрө албай эч ишти, –
Бассам да турсам кайсалап
Карадым жаным эшикти.

Тиктедим жолуң акыйып,
Апкелди жытың жел: «Чү» дей:
Алактайм эшик ачылып
Алтыным кирип келчүдөй.

* * *

«Каруугa дагы каякта?»…
Айтпа сулуу жаңылыш.
Агартып сакал алсак да
Картая элек карыбыз.

«Картаң» – деген карыга
Бил катуурак тиерин.
Алмаштыргыс алтынга
Асыл сөз менен сүйөгүн…

* * *

Колуна өрттөчүдөй алып чакмак,
Кайгынын кара күнү келсе сага…
Ажайып аваз менен балбалактап
Акырын жаап жаткан карды кара.

Күйүттүн күнү тууп туш-туш жактан
Күчөнсө жамандыктын бороону уруп..
Жарыкка жаралгандан жан укпаган
Жамгырдан жакшы ырын ук, жакшы ырын ук.

* * *

Ушул ырлар арналган бүт өзүңө,
Көңүлүмдөн көңүлүңө көпүрө.

11—1595

Мен өзүмдү сезээр элем бактылуу
Сен окусаң койуп алып төшүңө.

Жүрөгүмдүн чертип назик кылдарын,
Мен жетпеске жетсе эгер ырларым –
Бу дүйнөдө бир да адам жыргабас
Жыргал менен жыргаганым жыргалым.

* * *

Каректи малып арманга,
Кадала карап калганга,
Элеңдеп: «Эмне минтет?» – деп
Эркетай, чоочуп таң калба.

Жанымды жанып арманга,
Жалжылдайм минтип карганда.
Көйкөлгөн көркоздөргө
Көз тойбойт экен жалганда.

* * *

Сагыныч эзип түгөтөт,
Жанымда мүнөт болбосоң.
Жалт күйүп каным дүр этет
Жарыгым сени ойлосом.

Кылгырсаң кыял оштонот,
Жарашты мына жан жанга.
Өкүнүч, кайгым жок болот
Өзүңдү эстей калганда.

* * *

Үмүттүн оорулуу жүрөгү,
Кечирди кечирбес күнөөңү.
Кел эми экөөбүз керемет
Күндөрдө кейишпей жүрөлү.

Кел кайра көңүлдү ийели,
Сүйүүгө кайрадан күйөлү.
Жашоого жаңыча түр берип
Жайнасын махабат үрөнү.

* * *

Карашып калсам сен менен,
Карыбас жандай демденем.



Кеткенди кайра кайрыган
Керемет менен тең белең?..

Өбүшүп калсам сен менен,
Өлбөстөй болуп демденем.
Өрттөнсүн жүрөк жалынга
Өткөрчү өмүр мен менен.

* * *

Кайнатып улам каректи
Карашып калган бул мүнөт,
Кан менен бирге айланып
Карганга чейин бир жүрөт.

Титиреп денем, жан колкуп
Тиктешип турган бул мүнөт, –
Эстеген сайын өрттөнтүп
Өлгөнгө чейин бир жүрөт.

* * *

Куш түлкүнү илгендей,
бычак майга киргендей, –
киргили көп, тазасы аз
кир турмушка ийменбей.

Максат ишке ашпаса
качпа артыңа калтаңдай…
Кылыч башта турса да
кара аны жалтанбай.

* * *

Күн ачылды, менин көңүлүм ачылбайт,
Тамырланып таарынычым жазылбайт.
Жүрөктөрдөн от чачышкан учурду
Ойлой калсам байкуш жүрөк лакылдайт.

Көңүл ошо кер-мур кептен кетилет,
Андай кезде керемет сөз кечигет…
Эмнегедир элжирешкен мүнөттү
Эстей калсам эт жүрөгүм эзилет.

* * *

Сүйүү келди тоодон түшкөн кыяндай,
Арaң калдым чымын жанды кыялбай…
Мен ал кезде эшке чыкпайм дечү элем
Азыр тойдо ырдап жүрөм уялбай.

Сүйүү кетти кеткендей сел кыядан,
Жакшы тура жамандыкка чыдаган..
Бир кез: «Ансыз жашабайм деп жарым күн»
Айтканыма азыр кайра уялам.

* * *

Эмне айтсам бүт баарына
Баш ийип «ийе» – деп…
Бир кезде биз дайыма
Бир үндөй бир элек.

Малынды жүрөк муңга,
Башканы сүйө элек…
…Үйүмө кирбесең да
Түшүмө кире кет!



# ПОЭМАЛАР

## ЭСОЙГОТОР

*Кээ бир элдин тарыхы жазмасында, дагы бириники сүрөтүндө, дагы бирөөлөрүнүкү чеп, пирамидаларында сакталса, көрбөгөнү көр болуп, Көруулу менен тең болуп, көчүп конгон көңкү кыргыз өз тарыхын жүрөк менен уккан күүлөрүнө сактаган. Индустар бийи менен тарыхын айтып берсе, кыргыздар күү менен санжыра, тарыхын саймедиреген, комузга жан, кылга тил киргизип, болгонду болгондой, көргөндөй эртеңкиге мурастаган. Ар бир күүдө ар кандай кыргыз баатырынын, же бир уруктун урунттуу кылчайнаш окуясы, эли, жери үчүн жанын садага чапкан эрдиги даңазаланып келген.*

*Бул чакан уламыштагы кандуу кагылыш мүмкүн «Көкөй кести», же «Ибарат» күүлөрүнүн тарыхыдыр, мүмкүн башкачадыр... Неси болсо да бул күүлөр урпактарга тумар катары мурасталган таберик күүлөр экендиги чындык. Андыктан мен, уламыштан улап жазылган бул чыгармамдын атын «Эсойготор» элибиздин эси ойгонуп, акылына келсин деп коюп алдыңарга сунам, урматтуу окурман.*

Кыр-кырдан жабалактап айхай салып,
Кыйкырык кылыч мисал аба жарып,
Куюндай, кез келгенин быт-чыт кылчу
Түнөрүп кан ишчүдөй каарланып,
Түмөн кол кара жерди дүңгүрөткөн
Камалды капчыгайга катуу барып…

Кийими, жоо жарагы эки башка,
Эки кол бет келишти кара аскада.
«Балтыр бит баш көтөрүп башка чыкпайт»…
«Бит болуп көрбөгөнбүз эч убакта…»
Дың этип чымын учпай, тыноо какпай
Тынчыды керней, сурнай, добулбас да.

Анан соң тоскон сууну кой бергендей
Жапайы тилге кирди кылыч, найза.
Үн толуп күрсө-күрскө, чака-чакка,
Жебе – таан… көптөр моюн сунуп акка.
Ызы-чуу, ач кыйкырык, көктү тилип
Кан суудай агып кетти бир заматта.

Канында кетпеген кек, өчү бардай,
Биринин канын ичсе бири канбай.
Бир-бирин жер үстүнөн жексен кылып
Таптакыр жоготууга жан далбастай.
Онтобой, «жан соога» – деп, жалдырабай,
Жанчышты бирин-бири жырткычтардай…

Акылсыз алааматка таң калгандай,
Күн көзүн жумуп ийди карай албай.
Түн түлкү сыяктанып булт секирип
Өчүрдү бүткүл үндү үн чыгарбай.
Жымжырттык. Жымың этип жылдыз жанбай,
Дүйнөнү дүлөй бир доо муунткандай…

«…Ар бир үн-үшкүрүктөй, ар сөз – кошок,
Арт – өлүм, а алды жак – күйгөн тозок.
Майданга киргендер көп, чыккандар аз
Колубуз тең келалбай барат бошоп.
Ак курду моюнга алып ийилели
Антпесек алар бизди кетет отоп…

Улуттун пайдубалы, уңгусу да,
Эзелтен эркекте эмес, ургаачыда.
Кыздарды жашыргыла үңкүрлөргө
Кепил бол кекчил жоонун туйбашына.
Эл калсын элдей болуп…
касиет бар
Гүлчакта гүл бутагы сынбашында…»

«Оомийин!» угалекте карыядан,
Ит улуп, уйлар мөөроп таң азандан.
Кечээги кандуу куюн кайра каптап
Кыргыздын айлы болуп азан-казан, –
Калмактар алып кетти чыркыратып
Эмчекте, бешиктеги жаш балдардан…



Бала үчүн эне чиркин жан аябас,
Сөз укпай: «Баланы кой, жан ала кач…»
Канжарын кармай калып качырганда
Калмактар кадайт жебе – жеңишке мас.
Канкакшап кала берди канча энелер
Сүт агып эмчегинен кан аралаш…

«Баламды алса алсын… эрим аман
Калса экен… алып кеткен ал баладан
Он эсе мыкты бала төрөйм дагы
Канына кошом күүдөн, чагылгандан,
Бирөөсү онго эмес жүзгө татып
Чучугун калмактардын чага турган»…

Күйүттөн күлпөң кыргыз күн-түн сыздай,
Үңкүйүп үмүттү өчүп үйдөн чыкпай
Турганда Калмат кары улайт кебин:
«Калмактар ал балдарды бизге укмуштай
карама каршы бүлөп,
бизге салат
ээсин жара тепчү алгыр куштай…

Кыздар бүт бий үйрөнсүн, комуз чертсин,
жарандар  унутушкан дилин, тилин –
күүлөрдүн кайрыгынан каны канап
насили ким экенин даана сезсин.
Кемпирлер кошок кошуп солкулдашса
жоо эмес атчан турган кулап кетсин…»

…Ак моңгү жыйырма эрип, жыйырма тоңду,
Үңкүргө барчу ичке жол чоң жол болду.
Төөлөр да жыйырма жолу тонун чечип,
Күкүктөр сайрап өттү жыйырма жолу.
Жанарак тиги жондо жан жок эле
Жогдонгон жоо жаракчан кимдин колу?…

Жолборстой жолукса эле алышуучу,
Бөрүдөй көрүшсө тиш кагышуучу.
Тирешип, күч сынашып, оңу келсе
Ойлонбой канын суудай агызуучу.
Жырткычтык канды булкуп, каректе ойноп,
Таш чайнайт качыр-кучур карт азуусу.

Кыргынды көрбөйүн деп булут качып,
Кыңшылап үңкүрүнө шамал шашып.
Желп эткен жел көрүнбөй,
карай берди
Карт аска кабак түйүп, өңдөн азып.
Заматта кансыраган жарак сүйлөп
Эки кол жатып калды былчылдашып...

Кары ойлуу: «Башкача ат ойноткону,
Кылыч чаап, найзаларды сойлоткону.
Жебеси жел качырбай, эр качырбай
Мээлеген жерге тиет ар бир огу.
Кыйкырса сөзү бөлөк, үнү биздей
Баягы... бизден кеткен балдар тобу...»

Баратты баягылар өрттөй каптап,
Кыргызча каргыш укса деми пастап.
Селт этип селт эткенин сезбей кайра
Көздөрү боло түшөт ала чакмак.
Биринчи тосмону алар тоотпостон
Томкоруп тоо суусундай кетти каптап.

...Экинчи койгон тосмо «Кемпир кошок»,
Солкулдап жалаң кемпир кошок кошот...
Түшүнбөйт «Токтоткула!» кыйкырат да,
Кыйылып кайра тыңшап кулак тосот.
Негедир нес болгондой делдейишип,
Кан ишчү кайратынан калат бошоп.

«Жоо кайда?..» өз тилинде чаң-чуң этет,
Аттары кош аяктап асман тебет.
Кишенейт, жер чапчылайт, көзү ачык мал
Бир нерсе айтайын деп чебеленет.
Шолоктоп чыккан добуш жан куйкалап,
Жай бербей ал ансайын жүлүндү эзет:

«Бул кошок зар какшоосу багынгандын,
жоголуп кайра бир күн табылгандын.
Өлгөндүн, өлтүргөндүн жана дагы
Арстандай ажалга бет кабылгандын.
Бир жолу кошок уккан баалай билет
Теңирим теңдеп берген жандын баркын...»



«Сен пенде ортосуна асман жердин,
Жан болуп кантип келдиң, кайдан келдиң?
Атуулдук парызыңды аткардыңбы,
Аткарсаң кандай мөөрөй алып бердиң?
Өзүңдөй бала көрүп калганы үчүн
Арбагы ыраазыбы ата-энеңдин?»

«Динден кет, бирок дагы дилден кетпе,
Башың ким? Башатың ким? Тамыр кеспе.
Тукумун чычкандардын чычкандар жейт
Ач кылып бир-бирине кое берсе.
Бүркүттөр ачтан өлүп калса дагы
Бүркүттүн этин жебейт, ошону эсте».

«Кошокто жараткандын жан сыры бар,
Качанкы калаалардын калдыгы бар.
Урматтап улуу-кичүү уга турган
Улуттун, уругуңдун тагдыры бар.
Ушул суу, ушул тоолор кошокту уккан,
Сен дагы угуп көксөөң кандырып ал...»

...«Жоо кайда?» Каны качып каарданат,
Каректен уу жыландын уусу тамат.
Кемпирдин башын кыя чабарында
Жаш келин бала эмизген боло калат.
«Жезкемпир энең эмес...» сөз бүткүчө
Кемпирлер ач кылычтан ажал табат.

Муңдуу үн муунду алат, үмүттү үзөт,
Каңырсып кандын жыты түтөйт күчөп.
Кемпирди көмөлөтө саяр кезде
Балкайган аппак бала боло түшөт.
«Сыйкырлап салыштыбы»... жел жеткиче
Сай толо кемпирлердин күнү бүтөт.

Койгондой Алатоонун түбүн копшоп,
Кокуйлап тоо томсоруп, аска боздоп...
«Кокуйлар кол тосконго жарамакпы?...»
Теңсинбей кетишти алар болуп топ-топ.
Элечек дөңгөлөнүп кала берди
Уулуна жетпей калган энеге окшоп.

… Капкадан капка сүңгүп улам нары,
Чубалды көк түтүндөй чуу аңдагы…
Кырк жигит – десе кыздар кылактаган
Кызгалдак сыяктанып кыраңдагы.
Кыйкырып кыйратчудай келген менен
Кылычты кыздарга алар суналбады.

А кыздар ал аңгыча кашты серпти,
Ак манжа ар бир кылга учуп жетти.
Куштардай кубулжуган үндү коштоп,
Кут чачып кубанычтуу бийлеп кетти.
Сырдуу бий караганды ойго салды
Кандагы чакырыктай эң бир эски.

Алышып ар кыймылын жерден, желден
Эл бийди бийлеп көккө эркелеген.
Сыйкыры, касиети канда айланып
Билинбей бий аркылуу бизге келген.
Суу агат, булут жылат, бийди туурап
Жер дагы аны туурап тегеренген.

Бий бийлейт тили чыга элек бала колу,
Кол жаңсап бийлейт тилсиз эрди колу.
Бээден сүт кыргыз бийин бийлеп чыгат,
Бий бийлеп тоодон түшөт кыргыз жолу.
Тигилер кол жаңсашып сүйлөшүүдө…
Шалкылда… мына иштин оңолгону.

Сүлкүлдө… эрип кетсин бүткүл дене
Тагдырдан ушул күндү күттүк эле.
Титире… тил билбеген дил түшүнүп
Билишсин жараларын эр эмнеге?
Келберсип кереметтен сездир, туйдур
Келгенин кечиксе да өз эл, жерге…

Чынында бий төрөгөн сени, мени
Эмчекти ыргыт нары, ыргыт бери.
Асмандан ак ылаачын шукшурулуп
Көрүнсүн көл жээгинен жем илгени.
Ал туура… кырыларга кылдай калган
Кыргыздын бир кез жоодон жеңилгени.



Жигиттин кызга жетпей темингени,
Ашыктын сөз айталбай алган деми.
Суурулуп бешигинен, эмчегинен
Кыргыздын балдарынын терилгени…
Атчандар не келгенин унутушуп
Ойлорго ого бетер берилди эми…

Бий пастап, анан аста комузга өттү,
Ак билек аккуу болуп күүн төктү.
Кайрыктар каркырадай кайып учуп
Аркайган аскалардын бетин өптү.
Бар-жогун бир заматта унуткарып
Бакытка бөлөп салды төгөрөктү…

Өткөндү ороп алып кылдарына,
Кызыкпай кылымдардын жылганына,
Коргонун коргонундой чагылдырат
Бир дагы камчы чаппай ыйманына…
Мазарга батышкандай келет күүгө
Ар кимдин баткан кезде ый жанына.

Кайрыгын жүрөктөргө жанып туруп,
Кайгысын чачып ийиет алып чыгып.
Күү жетет сөз жетпеген жүрөктөргө
Мукамы эки өмүрдү жарык кылып.
Сездирет өзүң сезбей жүргөндөрдү
Айрыкча башка түшсө карыпчылык.

…Кыз колу кылга тийбей тийет жанга,
Кыйналган жанына алар таппайт арга.
Кыргыздын уул-кызы туулбай жатып
Комузду уга билет деген бар да.
Сыйкыр үн тамырларда тарагансып
Таберик ажайып күч кайнайт канда.

Ак, кара аралашкан бул өмүрдө,
Окуя, сүйүү, согуш, бардык дүйнө.
Милдетин, вазийпасын өтөп бүтүп
Өлгөндө көргө кирбей кирет күүгө.
Андыктан ар бир жандын санжырасын,
Тарыхын айтып берер күч бар күүдө.

Кайрычы, комузуңду чертчи, чертчи,
Күүлөрдөн күлүп чыксын ата-энеси.
Көрүнсүн көпөлөк кууп, кулун минип
Кубанып жүргөн айлы, бала кези.
«Улутуң калмак эмес, кыргыз» деген
Угулсун кыл аркылуу кыргыз сөзү.

Жайылып чыксын кылдан, чыксын күүдөн,
Жаштыгы бабасынын ойноп, күлгөн,
Кайрылбай кеткендерди катып алып
Кайрадан кайталаган ушул үндөн, –
Таралсын тамырына, тагдырына:
«Кыргызсың, сен кыргызсың…» деген сүйлөм.

«Жеринен жер бүткөнү кетпес, жылгыс,
Ошончо – көктө канча болсо жылдыз.
Баштарын баталгада чапса сынгыс,
Кылычтап кыйырын бүт кырса кыргыз.
Кылымдар учса дагы унутулгус
Кыргыздын урпагы сен, сенсиң кыргыз»…

Сыйбасты сыйдырыптыр теңир үнгө
Сыйкырла, кан жанын эз, комуз сүйлө…
Найзасын сунуу эмес жигиттердин
Алы жок азыр атын тебинүүгө.
Мелтиреп жаар күндөй уюп калды,
Анакей, көзүнөн жаш төгүлүүдө…

Шартылдатат, шаң чачырат, алтын комуз,
Кылычтан кыйла күчтүү сендик добуш.
Дүйнөдө сен бар үчүн Ай астында
Ар дайым аман-эсен Ата конуш.
Жоголгон ошо бойдон табылбастан
Капырай, сен болбосоң не болмокпуз?

Күңгүрөн, күүңдү төк, каймак калпы,
Башынан башка болсун күүнүн арты.
Кылыңда кылым билбес касиет бар
Сакталуу ошон үчүн ата салты…
Карачы… не кылганын өзү билбей
Жигиттер аттарынан түштү жалпы…



Калгандай арт жагында күүнүн зору,
Ойноктойт ал ансайын кыздар колу.
Дүйнөгө жаңы гана келгенсишип
Жигиттер дүгдүйүшүп Улуу Тоону
Тиктесе… тил гана жок… тегеренип
Жамгырдай көздөрдөн жаш шорголоду…

*«Арашан» чыгармачылык үйү.*
*18-22-февраль 2002-ж.*

## КИМ КӨП ЖАШАЙТ

*Уламыш*

Аскери – кумурска, аттары айга чаап,
Ай сайын чабуулга чыкпаса кансырап
Кылычы кан кусуп, өзү жин кускан.
Даңк коксоп, өзүнөн башканы жан дебей,
Кайраты кабыландай амалы түлкүдөй,
Илгери айтылуу Бек өтөт Чыгыштан.

Коңшуну козутуп, коркутуп алысты,
Күл кылып күнөөсүз шаарды, айылды,
Шамалдай учуруп, добулдай талкалайт.
Тизгиндүү тизелеп, баш ийбес багынып
Байлыкка, бийликке тойбостон алкынып,
Жер жерде жебеси жамгырдай улам жаайт…

…Күйүнүп күн жааса, сүйүнүп кан акса,
Менменсийт: «Мен болом дүйнөгө падыша!…»
Көрүнбөй эрден Күн, солкулдап жер аттан,
Какшатып дагы бир калааны алам деп,
Төрт жагын төп кылып, төрт жактан курчап бек
Чалгындап Бек кечте чатырга келаткан.

Келаткан, келатса ойдуңда тегизден
Көрүнөт жайнаган эстелик, көрүстөн.
Чылбырды карматып, ал аттан түшөт да, –
Ар бир таш өмүрдүн белгиси – өмүр ал,
Кабырда даанышман, бай кедей, баатырлар…
Көз салат жайнаган таштагы жазууга.

Жазууга айт кимдер таң калбайт? Айткыла!
Баары бар: ысымы, уругу, шаары да.
Жазмышпы? Сыйкырбы? Эмине дүйнө күн?!
Кай саат, кай күндө көз жарган көпөстүн
Карачы так ошо күн, саатта өлгөнүн.
Байлыгы айтылат эмгиче эмне үчүн?..

Акындын ырлары эл деген, жер деген
Жер, суудай жуурулуп кетиптир эл менен
Туулган, а бирок өлгөнү жок ташта…
Карабай, ойлобой жетимби, жесирби,
Күнү түн тоногон, укпаган эч үндү,
Каракчы өмүрү бүтүптүр үч жылда.

Мынакей даңкталган, баркталган колбашчы,
Жазылган уругу жана да өз аты.
Дооронду сүрсө да дүйнөнү талкалап, –
Ысымын айтканда ыйлаган соорoнгон,
Ылжыган мас укса заматта соо болгон,
Кайран эр кайтыптыр бир эле күн жашап.

Бу санда кандай сыр, маани бар кандайча?
Ой жетпес табышмак орноптур жазууда,
Кыялын учурат, акылын чуркатат,
А бирок жандырмак табылбайт. Турат да:
«Бул сырды билгенди апкел дейт алдыма»…
Заматта алдында аксакал чал турат.

Чал турат чүкөдөй, денеси уюлдай,
Бек, чымыр – корккону билинбей туюлбай
Тикенек сыяктуу тирмийет Бекке тик.
Көп көргөн ысыкты-суукту, оң-солду…
Калкты чаап кайгыга батырган канкорду
Турушу тургандай өзүнчө кекетип.

– Таштагы жазуунун сыры эмне, ачык айт!
Бек көзү жалындап, орт чачып чачырайт.
Таякка сүйөнүп, чал сүйлөйт, нары ыктап:
– Оо, Бегим, кабырды кайтарам канча жыл
Маа тааныш, ар мүрзө, ар бир чаң, ар бир кыл,
Менден көп жан билбейт ал сырды аныктап…
Бул өмүр ажалга берилген күрөөгө,
Аманат көрөр күн, ичер суу бүткөндө
Ажалдын капканы шарт чабат. Жоксуң сен…
Жаткандын уланып укуму тукумга
«Жерим!» – деп өтүшкөн… Азыркы учурда
Кыбыра кармашып жатышат сен менен…

– Аны кой, абышка, сүйлөбө башканы,
Жазууну, сандардын сырын айт таштагы!



– Салт ыйык… Ким өлсө коюлат тараза,
Өлгөндүн бааланбайт бийлиги, байлыгы
Бааланат башкага жасаган жардамы,
Ташка сан жазылат ошого жараша.

Кайрымдуу карыпка, боорукер бакырга,
Жартыны тең бөлүп жатка да, жакырга,
Жакшылык жасаса ошого ал күнүн
Пенденин жашаган күнү деп нак, таза
Кара кыл как жарып, көрсөтөт тараза.
Ошентип тактайбыз өлгөндүн өмүрүн.

Тоюнуп суу менен, жан сактап жел менен,
Дарыга десе да карызга бербеген
Сары эсеп бир көпөс ээк кагат дүйнөдөн.
Жат эмес, жакынга жакшылык жасабай,
Ал сараң адамча бир да күн жашабай
Кай күнү туулса так ошо күнү өлгөн…

А мобу атактуу акындын кабыры,
Жетимге, жесирге дем болуп ар ыры
Кор болгон колуна куралдай кармаган.
Боор ооруп байкушка, муңдашып муңдуугa
Үндөгөн эл үчүн намыс деп туруугa,
Туулган, өлгөн жок эл менен ар качан…

– Бу кабыр кимдики? – Каракчы жаракчан
Капкадан өткөндү карактап жашаган.
Күндөрдүн күнүндө күнөөсүн сезет да,
Кылычын жерге чаап, чөлгө суу алпарып
Таң кечке өткөнгө суу сунат калтаарып.
Үшүнтүп ал жашайт туптуура үч жылга.

Колбашчы баатырдын кабыры, тээтиги
Душманды талкалап, даңктуу өткөн көп күнү.
Кан төккөн казатта ал жоокер туткундун, –
Жаңыртып жарасын танат да, сунат суу
Жоо эмес бир өскөн бир тууган сыяктуу.
Ошол күн өмүрү делинген ошонун.

Көрпенде өмүрү – оозу бал, түбү уу
Ак шарап куюлган кумура сыяктуу

Ичесиң … аз-аздан… жан деген аманат…
А дүйнө жоктон бар, бардан жок дайыма!
Бир гана жакшылык жасалган адамга
Дүйнөнү сактаса ал сактап кала алат…

Бек чалдын сөзүнө ыраазы болот да
Алтындан тыйынын карматып колуна,
Чатырга жайланып, ирмебейт кирпигин.
Канжыга кан болгон, олжого жан толгон,
Байлыкты ойлогон, бийликке тойбогон
Жек көрөт өзүнүн желмогуз өмүрүн.

Жалаң өрт, жалаң ый, бирөөгө бир дагы
Жакшылык кылбаптыр. Бар болгон жыргалы
Дүнүйө, бийлиги. Өмүрү бош жайдак…
Жек көрөт өмүрүн, ушунча жек көрөт
Максатсыз кайыган бир камгак өңдөнөт…
«Адамча жашоого түшөм дейт жолго ак!..»

Тарттырбай сурнайды, кактырбай барабан,
Таң менен Бек буйруйт. Калааны курчаган
Аскердин чабуулун токтотуп заматта,
Элине апкелип таратат. А өзү
Адамча баштайм деп адамдык өмүрдү,
Таңданат Күн чыкса, куш учса, суу акса…

Кылычын сокого алмашат, күлүгүн
Айдоого көндүрөт, өзгөртөт дүйнөсүн,
Даңк күтпөйт, дың бузат күч үрөп.
Адамга жасалган жакшылык сообу
Өзүнөн кайтпаса, кайтпасын миң жолу
Теңирден кайтсын деп миң ирет күбүрөп…

Ынсаптуу, топуктуу – унутуп өткөнүн…
Сүйүнөт көргөндө жамгырдын төккөнүн
Гүл көрсө күн көргөн сокурдай күлүңдөйт.
«Бу байлык эч качан болбогон жанга опаа
Мээримди өз эмес, төгөмүн башкага
Бирөөнү кубантуу – бактылуу күнүм!» – дейт.

*Октябрь, 2003-ж.*



## КУРМАНБЕК БААТЫРДЫН КЕРЭЭЗИ

*Күү-дастан*

### I

Торгойдой тилде, булбулдай үндө,
Токсондон тогуз толготуп күүгө.
Токуйун тарых, токуйун арман,
Калбасын кыргыз каламан күнгө.

Айланып Күнү, караңгы Түнгө,
Тарыхы сансыз тамчылап күүгө.
Киши эмес заман бар болуп туруп
Жок болуп кеткен жоболоң дүйнө.

Кылымдар кылды жеткирип ийге,
Тараткан тарых таасындап миңге.
Уулунан малын урматтап сүйгөн
Урматы кеткен учу жок дүйнө…

Апамдын айткан кеңеши дилде,
Атамдын айткан керээзи күүдө.
Керээзди эртең келүүчү муун
Кеңири уксун комузум сүйлө…

### II

Ким келип ким кетпейт, бу дүйнө жарыкка
Жерде – чөп, көктө – куш, көлдөгү – балык да,
Кезеги келгенде келбеске кетишет
Кеменгер, кемпай да, ханың да, карып да.

Заң ошол өзгөрбөйт эчактан келаткан
Өлбөгөн жаралбайт, катуудан, жумшактан.
Өлбөстөн бир гана баатырдын даңкы өлбөйт
Эскирбес эрдигин элине арнаган.

Мен эми ырдаймын ошондой баатырды,
Даңктаймын далайга Курманбек атыңды.
Самсаалап сансыз жоо келгенде кыргызга
Сайгансың эл үчүн сары алтын башыңды.

12—1595

Бастырбай башкага жериңдин жерлигин,
Бек сактап калгансың элиңдин элдигин.
Эл унтат элдигин – эгерде унутса
Өзүңдөй эрлердин эскирбес эрдигин.

Эртеңки муунга кылымдан кыйкырам,
Ар кыргыз уксун деп күү сунам, ыр сунам.
Ал ыр, күү жөн эле ыр эмес, күү эмес
Кыргыздын намысы келаткан кылымдан.

Эрдикти каныңа кайрадан кошомун,
Ырларга айлантам ыйлаган кошогуң.
Баатырдык, бир гана баатырлык жок кылат
Багынтып көргөзчү элдердин тозогун.

### III

Кыргыздар кулачын жиберип асманга,
Жеринде желегин ыргалтып жатканда.
Көз артып элине, көз артып жерине,
Көп калмак келишет кыргызды чапканга.

Жолунан жылаанды көргөндөй селт этип,
Кылычын сермешип, жебесин мээлешип.
Кыргыздын баатыры Курманбек үн салат
Тоолорду толкундай толкутуп, терметип:

«Аркарың аттыкпы, алтының чачтыкпы?
Жээлигип жериңди, элиңди чаптыкпы?
Эй, калмак каяктан апкелдиң калкыма
Кан акса айыкпас, алаамат кастыкты?

Текеңди аттыкпы, темириң чачтыкпы?
Ээлигип элиңди, жериңди чаптыкпы?
Кылычтын мизинде, найзанын учунда
Сыналсын ар-намыс, көз келди бат чыкчу!»

Дөгүрсүйт дөңгө окшош Долонү калмактын:
«Жекме жек. Элиңди, жериңди талаштым...
Кызыңды күң кылам, катының тул кылам,
Колуңду куушургун, жүгүнгүн, же качкын.



Ушундай жазылган жазмышка ээлтен
Абалтан алдууга дайыма алсыз жем.
Арстандын алганын, бүркүттүн тепкенин
Кысталак, кыргызга көргөзөм бүгүн мен!».

Кыйкырды Курманбек: «Жар болсун теңирим!
Кыргызга керексиз кул болгон өмүр күн,
Кашык кан калк үчүн жер үчүн чачылат
Чымын жан садага, эл үчүн, жер үчүн!

Атанын арбагы колдосун! Чыгалы.
Келди окшойт намыска чыгуунун убагы.
Кыргыздан башкага эч качан буйрубайт
Кыргыздын кылымдап келаткан турагы!»

### IV

Чыккан – чөп, аккан сууларга каары
Тийбеген асыл кыргыздын жаны.
Жараткан эгем жар болуп эми
Ажалдан элди колдой көр дагы.

Кылымдан бери кыйрабай келген,
Кыйынмын деген далайды жеңген.
Кыргызга кыйын кылчайнаш келди
Колдой көр, кудай, суранам сенден...

Арбактуу элдин, айбаттуу уулу
Асманга ыргап асаба тууну.
Буугандай канды бууганы барат
Калаба салган калмактык чууну.

Жар болсун тоолор, жар болсун дайра,
Атуулдук кайрат кайнасын канда.
Өлүмгө өмүр бет келип турат
Кудайым колдо, теңирим жалга...

### V

Эки кол айкашты, башталды жекеме жек,
Бир бирин качырса кара жер титиреп.
Найзалар төштөргө карс тийип чачырайт
Калчылдап аттары калышат тизелеп.

Кылчайнаш… кыйкырык… аттарга камчы уруп…
Калканчтан кылычтар калышыт шарт сынып…
Атынан кулаган атына минелбай
Калышат кансырап туйакка жанчылып.

Өмүрдүн, өлүмдүн кармашы мынакей,
Кыйан суу кыр бузуп кыйратып киргендей,
Кыкынтып турганда кырк жигит келсе не
Капыстан калмакка көк шумкар тийгендей.

Койкүрөң колтугун кералбай чалыштайт,
Жанга күч келгенде жакыныӊ алыстайт.
Элине жакшылык кылбаган эч качан
Бирөөгө жакшылык кылып эч жарытпайт.

Сырнайзаӊ кокустан жүрөккө жаӊылды,
Кочуштап ичипий ыпысык каныңды.
Ансыз да ат бербей, кырк жигит бир келбей
Байлаган башымда багынбас багымды…

…«Атама менден мал кымбат билем,
Кырк жигит сага не болду күйөм…
Ар-намыс кайда? Бир белгиӊ билдир
Бир белгиӊ билдир кулагым түрөм.

Эр жигит жаны ар-намыс делет,
Эл-жерден жанды айабаш керек.
Баладан атын айаган ата
Элине айтчы эмнени берет?!

Бербесеӊ мейлиӊ, келбесеӊ мейлиӊ,
Калкым деп өзүм кайгы-муӊ жеймин.
Өзүмдөн кийин элим деп күйгөн
Эч качан жалгыз калбаса деймин»…

Теӊири бергенди бербестен атасы,
Телтору атым деп арбыды капасы.
Кас душман каптаса качырбай чачылган
Каргышка калганбы кыргыздын батасы?!

Жайдары мезгилде жан бирге көрүнгөн,
Биригер кезеӊде бирикпей бөлүнгөн.



Элдердин эртеӊки тагдыры белгилүү
Кутулбайт тукумду кууратkан өлүмдөн.

Мен азыр өлөмүн, Эй Кыпчак, эй Кыргыз,
Биригип иштти аткар эч бир эл аткаргыс.
Элим деп эли жок калгандан мен эле
Мен эле болоюн жапжалгыз, жапжалгыз…

Малды айап, жанды айап, аман кал өлөмүн,
Билемин өлүмдүн өлчөөсүз себебин…
Бир эл бол, муштумдай бириккен… Сүйүктүүм…
Кел десеӊ жардамга көрүмдөн келемин…

*2002-ж.*

# БАЛДАР ЫРЛАРЫ

## БАЛАПАН

Мектебимден келатсам,
Түшүп жолго уядан.
Канат шилтеп талпынат
Сары тумшук балапан.

Татынакай балапан,
Жакшынакай балапан.
Көзүнөн көзүм көрүнөт
Колума алып карасам.

Кичинекей балапан,
Уяңа алып баратам.
Учар кезиң келе элек
Энекеңе сабатам.

## КУУРЧАКТАРДЫН БЕШИК ЫРЫ
**жээним АЛИБЕКке**

Бойтоңдогон куурчагым,
Болду уктаар убагың.
Аккан суу да уктады
Алдейлейин уктагын.

Көңүлү жок жылышка,
Көзүн жумду булут да.
Көп суроону жаадырбай
Көзүңдү бол жум, укта.

Уктап дүйнө балдары,
Уктабаган калбады.
Байыр алды «тук» этип
Балбактаган кар дагы.



Улам көзүң ачпагын,
Уктап калгын аппагым.
Уят болот ойдолоп
Уктай албай жатканың...

## КҮЗДӨГҮ УЯЛАР

Жалбырак дарактан,
Жамырайт басылбай.
А жамгыр кайтышкан,
Куштардын жашындай.

Уяны күздөгү
Карачы, карачы.
Алыстан түспөлү
Дуу учкан таранчы.

Шамалга сынабы,
Бутактар кыйчылдайт.
Балапан сыңары,
Уялар чыйпылдайт.

Уялуу бутактар,
Бактылуу, бактылуу.
Куштардын анда бар,
Кубанчы, шаттыгы.

Уяны чөп эмес,
Салган күн нурунан.
Көрүнөт, көрүнбөс
Көп элес кубулган.

Көрүнөт миң укмуш,
Тим эле – бу теле.
Кайтышкан келгин куш
Баратат кай жерде...

Көрөм да, куштарга
Колумду булгалайм.
Дайыма балдарга
Уяны уралбайм.

## ЖЭЭКТЕ

Жыпжылаңач чадаңдап,
Эки көзү алаңдап,
Кумга бутун мылгытып
Кайыгын көлгө ыргытып,
Балапандай балпаңдап,
Келип-келип калтаңдап,
Толкун кууп энтеңдеп,
Жыгылчудай теңселет.
Кармайын дейт толкунду,
Толкун ага болсунбу
Артына тез тартылат,
А курсагы баланын
Чедирейет жалтырап.

## СҮРӨТТӨН УЧКАН КУШ
### неберем АКТАНга

Кисти малып каткырыкка
Тартып жатам куш сүротүн.
Кушум мына, бери кара
Ачат көзүн, ачат көзүн.

Анан темгил кош канатын
Акырындап сермеп-сермеп –
Жаңы көргөн жазгы таңдын
Жарашыгын сайрап берет.

Сайрап берет үнүн созуп:
Кыргыз бала кетик мурун –
Боегуна жанын кошуп
Көккө учуруп койгондугун.

Чыйт-чыйт сайрайт: – Кармап кисти
Сүрөтүн тарт түркүн куштун –
Уясынан учкан өңдүү
Бараганыңдан жайнап учсун.

Чыйт-чыйт сайрайт: – Барган жактын
Айта барам балдарына –
Көп жашасын, көп жашасын
Мени учурган кыргыз бала...



## КӨЧӨДӨ КЕЛАТКАН ОКУУЧУ

Нан колтуктап тептегерек,
Андан шашпай жай үзүп жеп,
Көзүн албай китебинен
Кызыл жүздүү бала келет.
Көңүл бурбай айланага,
Кызыл жүздүү келет бала.
Акыл, билим сиңет ага
Суу сиңгендей чөл талаага.

Кызыл жүздүү кызыл бала,
Ушул тоолор, ушул талаа,
Улуу таяныч болсун сага
Улам алга умтулганга,
Наның болсун чайнаганга,
Китеп болсун окуганга,
Жолуң чексиз, кызык жана
Бас, баса бер тайгаланба.

## КОЙ ЖАЙГАНДА...

Түлкүдөй кирген ийинге,
Түндөгү бороон азыр жок.
Куурайды, качкан Кум-Белге
Кубалап барат кой оттоп.

Келатып качып, куларда,
Таштарды кармай калгандай –
Тамырын жайып аскага
Тик ылдый өскөн карагай.
Жанынан койлор токтобой
От барбы, жокпу – изилдей
Чөп көргөн койго окшобой
Жалаңдайт мерген итиндей.

Көлөкө түшөт бүркүттөн,
Концертти угуп каңгыча, –
Карышкыр койду үркүткөн
Чалынып чабан баргыча –
Имерип дөңдөн койду бат

Кашакең качып жоголгон.
Аландайт чабан...
кар жатат
Каңырсып канга боелгон.

## КӨЧ

Санап тоонун ой, жонун, –
Сайды келет көч өрдөп.
Сабап жүрөт кой жонун,
Жазгы жамгыр нөшөрлөп.

Мөндүрдү кой кенебей,
Арык күчүк кыңшылап, –
Кыбыраган кемедей
Араң алга умтулат.

Койчу үнү үзүлөт,
Алыс барбай анчалык.
Койлор аны түшүнөт
Жалт кайрылат жалтанып.

...Жайытты таңкы чектешет
Чагылган күкүрт чаккансып.
А койлор тынбай кепшешет
Жомок айтып жаткансып!

## ЧЫМЧЫКТАР

Чырр-чырр этип чымчыктар
Чыркылдашат таң эртең:
«Айланабыз аппак кар,
Айдар байке, берчи жем»...

... Ыраазы болуп жемине,
Дуу деп учуп баары жай, –
Колдоруна, ийнине
Конот анан аарыдай.

Ал ансайын Айдардын
Көңүлү көктө, көөнү шат:
«Үшүнткени булардын
Мага айтканы: «Ыракмат!»



## КУЛУН

Жарытып бүт дүйнөнү
Кулун түздө этет зуу, –
Кишенеген үндөрү
Аса-Муса сыяктуу,
Күйөт көктөн жаркырап
Учу жерге тик тийип,
Кош кареги балбылдап
Кош кулагы тикчийип, –
Жебе болуп зуулдап
Нурга айлантып денесин,
Талаа кезип куюндап
Издеп барат энесин.

## ДӨҢДӨГҮ БАЛДАР

Ушунчалык үшүгөн,
Түгү чыгат жүзүнөн.
Айланайын балдар ай,
Мен силерди түшүнөм.

Кызыл тумшук аязга,
Кылган өңдүү каяша.
Келип мында таң ата
Кетесиңер күн бата.

Той түшкөнсүп жанатан
Үнүңөрдөн талаа шаң.
Учасыңар дөң ылдый
Чаңгы жана чаначан.

Калкыгандай ак булут,
Калкыйт көккө каткырык.
Демиңерден силердин
Турат дайым дөң ысып.

Тонду койбой бүчүлөп,
Жылгаякка күч үрөп.
Жүргөн ушу силерди
Көрүп үшүйм титиреп.

## АЙ ТОПТОЙ

Түндө ойгонсом Ай топтой,
А жылдыздар мончоктой.
Бир карасам жан бардай
Бир карасам жан жоктой…

Ушунчалык дал болдум,
Учун карап тоолордун.
Учуп барат ракета
Учкунундай ойлордун.

Ошол жылдыз калаада, –
Так мага окшоп талаада.
Жылдызсынтып биздерди
Жатты бекен бир бала?!

Жылдыз учат Акы абам
Ыргыткандай чылымын.
А мен ошол баланын
Демин укпай турумун…

Түндө ойгонсом ай топтой,
А жылдыздар мончоктой.
Бир карасам жан бардай
Бир карасам жан жоктой…

## КҮНГӨ ЧЫГЫП КЕТЕМИН

Күн желесин шаты кылып
Күнгө чыгып кетемин.
Ааламдагы жылдыздардын
Чыгарам так эсебин.

Алар ысык болсо дагы
Кармалаймын көрөмүн.
Изилдеймин калтырбастан
Ой-чуңкурун, көлөмүн.



Жылдыздарга жылдыз болуп
Көрүнөбү айылым?!
Анан Айга дүрбү салып
Билем анын дайынын.

Апам менен нур аркылуу
Телефондой сүйлөшөм.
Шатым менен түшүп келем
Апам – кел – деп үндөсө…

## ТУШОО КЕСҮҮ

*Неберем Айганышка*

Айганыштын тушоосун
Мына бүгүн кесебиз.
Тилек менен эң сонун
Чуркайт, эне, эжебиз.

Чуркураган таанга
окшоп чуркап бала, кыз,
баары келет марага
Батаны айтып эң укмуш:
«Турмуш жолу – татаал жол»
ошол жолдо чалынбай,
жамандыкка кабылбай
жалындасын жалындай.
Тайгаланып жолдо ошол
мүдүрүлбө, жыгылба.
Илимпоз бол, акын бол
изиң калтыр кылымга.
Тилегени оңунан
чыгып турсун ылайым.
Ушул кызды оорудан
алыс кылсын Кудайым.
Кышта, мейли жазында,
болбосун эч капасы.
Аман жүрсүн кашында
ата, агасы, апасы!..

*1998-ж.*

## ЭҢ ЗАРЫЛ НЕРСЕ

*(жомок)*

Жылдардын бир жылдарында
Күндөрдүн бир күндөрүндө.
Калкын бийлеп карган патша:
– Үч уулумдун бирөөсүнө
Так берем – дейт тапшырманын
Кими туура таап келсе!...

Оңой эмес падышалык
Өзүм эмес букара үчүн.
Өлкөсү үчүн күйүп-жанып,
Бердим, бердим болгон күчүм...
Билгим келет балдарымдын
Кимисинин эси бүтүн.

Калың журтум турсун карап,
Силерге айтам бир максатты.
Кайран жүрөк карып барат
Калк башкарар кайрат качты.
Ким оюмду туура тапса
Ошол элге болот патша.

Эчен  жылдап бийлик эттим,
Начарсың деп айтпады эч ким.
Эл тозутпай, жер козутпай
Шүгүр, ушул күнгө жеттим.
Калкым мындан жакшы жашап
Калсын үчүн бирөөң жол тап...

– Ал кандай жол, айткыла ата,
Балдарыңдын баары мыкты.
Жетиш үчүн максатыңа
Жерди айланып желдей ушчу.
Кой бербейбиз буйруган бу
Колго конор бакыт кушту...

– Сактай турган ыйык нерсе
Сарай курдум бийик, кенен.
Ошол сарай толсо эгерде



Эң бир зарыл нерсе менен.
Андан элге бакыт артса –
Тагым берем ал балама...

Казынадан каалаганча
Каражатты алгыла да,
Калаалардан калааларга,
Өлкөлөрдөн өлкө арала.
Эң бир зарыл, эң бир керек
Ал буюмду ким апкелет?...

...Үч уул үч жолго чыгат.
Калаалардан калааларга,
Өлкөлөрдөн өлкө аралап,
Туш болуп ар салт-санаага.
Жүз жыйырма күн өткөн чакта
Келет баары атасына.

– Кел балдарым!
– Келдик ата!
– Айтканымды таптыңарбы?...
Карт падыша сарайында
Кара таан калаа калкы.
Улуу уулу сактап салтты
Өз акылын минтип айтты:

– Бул сарайды бийик, кенен
Толтурамын буудай менен.
Адам болбойт нан жебеген
Эң бир зарыл бул нан деген.
Жерди кездим, көлдү кечтим,
Нандан ыйык көрө элекмин...

Карт падыша көктү карап,
Кайра алактай жерди карап,
Муруттары дирт дей түштү
Деген өңдүү: «Аттаганат»...
«Катыгүн ай!» баш чайкашты
Камыштай эл турган карап.

Капаны унтуп бир заматта,
Экинчи уулун чакырды ата:
– Бул сарайды бийик, кенен

Толтурасың эмне менен?
– Толтурамын мен жер менен,
Жер болбосо болбойт нан да,
Жер деген үй – адамзатка.
Эл-жер кездим, күйдүм-жандым,
Жердей ыйык көралбадым…

Жалп өчкөндөй болбой жалын
Күтүп жүргөн бир үмүтү, –
Кызыл жүзү падышанын
Заматта боз боло түштү.
Көктө сүздү сур булуттай
Быкбырдай эл үшкүрүгү.

Чакырды ата үчүнчү уулун:
– Жообуңду айтчы билбей турум.
Толтурасың сен не менен?..
Эң кенжеси сарайды ачты,
Колдогу оттук ташын чакты,
Түндөй сарай жаркып жатты.

– Толтурасың сен не менен?
Чыдай албай сурайт ата:
– Толтурамын жарык менен
Буга теңдеш жок ааламда.
Бул болбосо жер, нан болбойт.
Адам болбойт, турмуш болбойт.
Жан дүйнөсүн жарытпаган
Эч убакта эл оңолбойт,
Алты айландым ай-ааламды,
Бу дүйнөнүн туткасындай
Жарык кана эсте калды
Жараланбай же бир сынбай.
Илим-билим нуру менен
Бул сарайды толтурам мен.
Эл башкарып жарык менен
Болбогонду болтурам мен.
Азыркыдан алда канча
Арбын бакыт берем жанга.
Бул дүйнөдө чексиз терең,
Эч нерсе жок жарыкка тең!..
– Көп жыл жаша!, – Сүйүндү ата, –
Мен ойлогон ойду тапты!
Албырды жүз, бой балкыды,



Эл да ыраазы, колун чапты:
– Кудай өзү буйруткандай
Ушу уулуңа ушул такты!..
Калбаат пашаа кабак ачты,
Кубангандан көз жашы акты:
– Пашаалыгын билим менен
Элдин жанын жарык менен, –
Толтурам дейт, менден жакшы
Болоруна ишендим мен!…

Өзүн эмес ойлоп элди,
Ээрде уктасын сени тартып.
Пашаа болсун баарыга тең
Так өзүңдөй, сенден артык…
Балык көлдөн көккө ыргыды,
Бүркүт учту тоодон шаңшып!

– Жашасын жаш падышабыз! –
Кыйкырганда кылкылдап эл,
Чексиздикке сиңип дабыш
Тил бүткөндөн титиреп Жер, –
Тактагы жаш падышага
Өмүр тилеп, берди бата…

*2003-ж.*

## ТААРЫНЧАК МААСЫ

*(Жомок)*

Жатарда майлап маасысын
Бүтүргөн кезде оң жагын, –
Көрдү абышка таптакыр
Түгөнүп майы калганын.
Бу жорукка болуп дал
Сол бутка кийчү маасыдан
Кечирим сурап турду чал:
«Оо, маасыжан таарынба,
Май түгөндү баштыкта,
Майлайм сени биринчи
Эртең майды тапканда.
Азырынча өпкөлөп
Таарынбастан тынч укта».

Чал жаткан соң сол маасы
Чок баскандай ыргыды.
«Жакшы көрөт оң жагын
Мени болсо жек көрөт.
Дайым майдын жакшысын
Аны майлап түгөтөт.
Аны өзгөчө көрөрүн
Байкап жүрөм көп жерде;
Биринчи кийип оң жагын
Биринчи чечет чечкенде.

Кор болуп чалга нетемин?!
Мындан көрө өзүмдү
Сыйлай билген бирөөгө
Маасы болуп кетемин…»
Таңды таң билбей ал маасы
Талаа-түздө келатса
Ташка бутун тилдирип,
Ташыркаган ташбака
Айтат сырын маасыга:
«Ай, маасыжан, маасыжан
Баратасың каякка?
Эгерде колуң бош болсо,
Эң зарыл ишиң жок болсо
Жардам кылгын жаныма, –
Маасы болуп бер менин
Өтүгү жок бутума.
Айтканыңды угайын
Эмне кыл десең кылайын…»

Маасы бир аз манчыркап
Гөлөшүн чечип салкындап:
«Мейли – деди – сен менен
Көрөйүнчү салпылдап…»
Кыбыр-кыбыр кыбырап,
Кыйлада бир шыбырап,
Кылым өтүп кетсе да,
Кың деп аны кенебей,
Жылып басып кенедей,
Үйүнө келет ташбака
Жазда кетип жайында.



А маасыны ташбака
Айлардын бир айында,
Аста келип чечет да
Анан майды баарына,
Майлап кирсе
маасыга
Жетип калат азыраак,
Карыш салып кабагын
Маасы дароо таарынат.
«Карабай жай басканга
Жамбашымды жерге уруп
Жардам берип мен буга
Жакшылык кылып жатсам да,
Өтүгүнө көп майлап
Мени майлайт аз гана.
Өтүктөрүн өзсүнүп
А өзүмдү жатсынып,
Бөлөт мени дайыма.
Минте берсе мен эрте
Жоголом го жыртылып,
Жүрбөйм буга кор болуп
Кетем, кетем башкага».

Үйдөн чыкты маасыжан
Жаа огундай шуулдап.
Көнөктөгөн көзүнөн
Жаш жамгырдай чуурат.
Ээги ээгине тийбестен
Келатса үн угулат:
«Айланайын маасыжан
Баратасың каякка?
Эгерде колуң бош болсо
Эң зарыл ишиң жок болсо
Жардам кылгын жаныма.
Маасы болуп бер менин
Тикен кирген бутума.
Айтканыңды угайын
Не кыл десең кылайын…»

Канаттары көгүштөн
Карай калса көгүчкөн.

«Мейли, – деди – маасыжан
Маасы болуп берейин,
Ушу менен булутту
Бир аралап көрөйүн…»

Көгүчкөндүн канаты
Көккө зып-зып сермелди.
Көзүн ачып жумгуча
Терек менен тең келди.
Ушу бойдон ал жерге
Түшпөчүдөй өңдөндү.
Булут аппак мамыктай
Жумшак экен караса.
Жылат экен шамалдын
Айдашына жараша.
Жүрүштү алар шаттанып
Жылдыздарга аз калып.
Бир оокумда маасынын
Башы кетти айланып
Жалдырады: «Ылдыйга
Конолучу байралып…»

Конуп кечте көгүчкөн
Уясына жайланып.
Аябастан маасыны
Майлап кирди майды алып:
Маасы ичтен ойлонот
Улам карап уяны:
«Сүйбөгөнсүп кекээрлеп
Беркиге аз, мага көп,
Сасык майын шыбады.
Бул эмнеси анчалык
Ооз мурдуман чыгарып?!

Баш айланат майынан,
Жана бийик учкандан.
Минте берсе чымын жан
Мурун кетет ажалдан.
Кантип мында калайын,
Кадырыма жетүүчү
Кардал издеп табайын»…



Анча алыс баскан жок,
Келе жатса колоктоп.
Салам айтат Түлкүжан:
«Сен каяктан Маасыжан
Жытың курсун сасыган.
Кадырыңды таптакыр
Билбейт тура абышкаң.
Тоодон келе жатканда
Бутум түшүп капканга,
Абагер чегип жүрөмүн
Шыбаа болуп жарага
Маасы болуп бер мага…
Кыйноого сени салбаймын
Күндө үч маал майлаймын.
Чынымды айтсам жашырбай
Майымдын жыты атырдай,
Сыйпанган сайын жашартат.
Хан маасысы сыяктуу
Турасың күн-түн жалтырап.
Карыган чал теңиңби?
Өзгөртөм сенин өңүңдү.
Билчү белең сен мурда
Менин аты жөнүмдү?»
«Уккамын»…
«Анда айта сал,
Бар же жок деп кебиңди».

«Макул – деди – маасыжан –
Шыбаа болом жараңа.
Бер азыртан өзүмө
Таарынтпайм деп убада».
Түлкү кетти секирип:
«Менде болбойт чекилик
Ишенип кой, көлөкөм,
Алаканды мындай кой
Кирпигиме көтөрөм»…
Түлкү кийип маасыны
Түйүлүп так ыргыды.
Ошол бойдон канча күн
Түшүргөн жок бутунан.
Күндөрдүн бир күнүндө

Маасы үн салат араңжан:
«Таарынтпайм – деп өзүмдү
Кана берген убадаң.
Мейли, майлабасаң да
Эс алдырчы суранам»…

Түлкү турду бурала:
«Ал эмине убада?
Желмаяндай желгеним,
Жер кыдырып келгеним
Жетишпейби бу сага…
Эмнең өтүп кетти эле
Же бердиң беле бир нерсе?
Айлам куруп жүргөндө
Айыга элек жарам – деп
Айтып салдың кашайгыр
Жарама кошуп жаман кеп,
Сазайыңды берейин
Чырканакты тебелеп…»
Улам тилдеп жемелейт,
Чырканакты тебелейт.
Кайра каргап жемелейт,
Кара ташты тебелейт.
Байкуш маасы үлдүрөп:
«Өлбө жаным, өлбөлөйт»…

Манчыркаган маасынын
Тешилгенде таманы –
Көрчү Түлкү амалын
Чечпей туруп кайрадан
Көктөп бекем жамады.
Анан кийин жол басты
Жортуп талаа, тоо-ташты.
Кайра айрылган маасыны
«Керегиң жок бир тыйын»…
Деп Түлкү алыс ыргытты.
Көзүнөн жаш агызып,
Жатты маасы жер менен
Бирдей болуп жабышып.
Сайрап кирди кош чымчык
Талга коно калышып:



«Айырмасыз чанчтан,
Оо, далдайган маасыжан.
Сендей болот тил албай
Болбос ишке таарынган.
Сени көрсө тааныбайт
Издеп жүргөн абышкаң…
Айрөк, айрөк, таарынчак
Таарынчактын жанынан
Баары жаа бой качышат.
Таарынчактыгы башкага
Жугуп калат деп айтат.
Ошондуктан таарынчак
Болбогун деп улуулар
Уламалап көп айтат»…

## МАЗМУНУ

Ар кыл ырлар....................................................3
Табият ырлары....................................................34
Арноолор....................................................42
Арзуу ырлары....................................................62
Муңайым саптар....................................................90
«Каар гүлү» ыр топтому....................................................99
«Тушалган чагылган» ыр топтому....................................................137
Төрт саптар....................................................151
Сегиз саптар....................................................155
Поэмалар....................................................165
Балдар ырлары....................................................182

**Адабий-көркөм басылма**

***Өмүрканов Анатай***

**ТУШАЛГАН ЧАГЫЛГАН**

Редактору *Ж. Медералиев*, Сүрөт редактору *К. Коёналиев*,
Техникалык редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректор *Ж. Мундузбаева*
Компьютердик калыпка салган *Р. Мукамбетова*

**ИБ № 5698**

Терүүгө 16.01.05. берилди. Басууга 20.07.05. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84×108 $^{1}/_{32}$. «Ариал» ариби.
Жөнөкөй ыкма менен басылды. 6,25 физ. басма табак,
10,50 шарттуу басма табак Нускасы 1000.
Заказ № 1595. Келишим баада

Z

